Манзура ЭШИЕВА

# Жашоомдун кымбат ачкычы



**Манзура ЭШИЕВА**

# Жашоонун кымбат ачкычы

(Ырлар, жомоктор, ой толгоолор, обондуу ырлар.)

**Бишкек**
**«Улуу тоолор»-2017**

**ББК**
**УДК**

**Эшиева Манзура.**
**Жашоонун кымбат ачкычы. Ырлар, жомоктор, ой толгоолор, обондуу ырлар.**
**«Улуу тоолор». 2017. -363 б.**

*Автордун бул китебинде ата-эне, өмүрлүк жар, бала, эл-жер,табият, өмүр, турмуш туурасындагы чыгармалары киргизилген.*

**ББК**
**УДК**
**Эшиева М.,2017**

***Бул Манзура Эшиеванын экинчи китеби. Биринчи китеби 2015-жылдын башында Бишкектеги «Улуу тоолор» басмасынан «Сезим ыргактары» деген ат менен жарыкка чыккан. Анын чыгармаларында эне мээрими, махабат, сүйүү, аялуу тунук сезим жана да Ата Журтту кадырлоо, табиятты коргоо жана ушул сыяктуу адам баласын жакшылыкка чакырган темалар бар. Ал ырлары менен жолунан адашкан адамды оң жолго салууга, жакшы жашоого умтулууга багыт бергиси келет. Бул таланттын ырларын окуганда кайдыгер калбай, жакшы бир ойлорго, жагымдуу бир сезимдерге кабыласыз. Жакшылыкка жол издеп, жакшы бир таасирлерге туш болосуз. Анын жүрөгү менен сезгендей, анын жан-дүйнөсүн түшүнгөндөй абалга келесиз. Ал ырлары менен жакын адамын өзүн түшүнүүгө мажбурлайт. Менин сезимдеримди, менин жан-дүйнөмдү түшүнсө, сезе, туя билсе дейт. Акындын аялуу жүрөгү мына ушуну каалайт. Ал ыр жаза албай тура албайт. Анын жан-дүйнөсү буркан-шаркан түшүп, кээде кубанып, кээде ыйлап, айрым учурда бук болуп, кайра жазыла калып, жай турмушка аралаша калганын да сезесиз.***

***Анын бул экинчи китебинде бир топ өсүш бар, бийикке карай канат сермеген канаттуу ырлары бир топ, аларды окуганда бирде толкуп, бирде эргип, мындай саптар кайдан, кантип келген? деген суроолорго кабыласыз. Жөнөкөй кыздан, жөнөкөй таланттан кайталангыс саптар жаралганына таң да каласыз, суктана да кетесиз. Көрсө бул талант ага Жараткан тарабынан берилген ыйык белек тура.***

***Акыркы мезгилде ал обондуу ырларды жарата баштады. Бул да Теңирдин буйругу чыгар.***

***Биз анын чыгармачылык жолунун шыдыр болушун, Жараткан ага жар болуп, адамдын жан дүйнөсүнө жагымдуу таасирлерди калтырып, жанга азык берген чыгармаларды жарата беришине тилектешпиз.***

***Мубара Абдулатипова,***
***Кыргызстан жазуучулар жана журналисттер союзунун мүчөсү.***

## Сыйлуу болуп өтөлү

Күндөр өтөт санагандай арадан,
Сонун күндөр кеткен экен карасам.
Көрүп турам өзүбүздүн балдардан,
Экөөбүздүн каныбыздан жаралган.
Жакшы бала, жакшы кызды өстүрдүк,
Эл кызматы, эл жүгүнө жараган.

Сулуу жүздү, өңдү алат кайгыруу.
Мезгил шашат, карылыкка алдырып.
Бир кезде мен да болчум супсулуу,
Азыр турам жүрөгүмө жебе сайдырып.

Жаштыгым бар, улгайдым мен дебеймин,
Жүрөгүмдө аруу-сезим өчө элек.
Сууруп алдым, мизин кайрым жебенин,
Сүрүм да бар, күчүм али кетелек.

Сыйлуу болуп олтуралы төрүбүздө,
Запкы бербей биз өстүргөн балдарга,
Сыйлашуу, урматташуу болуп бизде,
Жүрбөйлүчү, эч убакта арманда.

Сыйлашалы беш күнчөлүк өмүрдө,
Жаман кепти тийгизбейли көңүлгө.
Жакшы сөз, каалоолорду билдирип,
Сүйлөшөлү жакшылыктар жөнүндө.
Жылдар кетет тизгининен карматпай,
Жашайлычы үлгү болуп калгандай.

## Нурун багындырат

Ай чыкканда ажайып балбылдап,
Маңдайымда турасың жалжылдап.
Жүрөгүмдү сүйүнүчкө арбагын,
Күмүштөнгөн күн нуруңдай жаркылдап.

Нурлуу жүзүң көздөрүмө чагылып,
Жарашыктуу бир өзүңө багындырат.
Сезим күчүң көңүлүмдү ээритип,
Көрбөй калсам бир заматта сагындырат.

Жүрөгүм сага алоолоно берилип,
Айың болуп жаркылдап өзүм жансам.
Ар убак баркың кымбат сезилип,
Күн болуп бажырая өзүм барсам.

Нурларыңа балбылдаган мен батып,
Сулуу кылып түрдөнтө түндү өзүң.
Жылдыз болуп турган оттой жанып,
Түштү менин сага көзүм бажырайып.

«Сүйүп калдым», деп айткан сөзүң,
Унутпадым бул чындык сөзүм.
«Жагып калдың жамалым»  дегенсиң,
Жанып туруп, бир укмуш оттой көзүң.

# Кышты күтүп

Жалбырактар төшөлгөн ак таңда,
Шамалдар каккылайт жатканда.
Булуттар көкөлөп асманда,
Күн күтөт ызгаарды атканча.
Жай коштошту кайтканча.
Эшик ачып күз күнүн,
Күз келип бактар чечинип,
Кыш келээр күтүп үмүтүн.

Мол кылып эгин түшүмдү,
Күз кези мол түйшүгү.
Ызгаары бубак буйулгуп,
Аяз ак кар кыш күнү.

Добуш берип күнү түн,
Жалбырак бийлейт  шуудурап.
Суугун сунуп үшүтүп,
Суулар агат шаркырап,

Бышырып мөмө түшүрөт,
Ырыскылуу күз күнү.
Сүйүү сунат ал түнү.
Кандырат сүйүү моокуму.
Жылуу жытты сунганда,
Келгенсийт  сезим шоокуму.

## Мендиксиң

Жашоом жарык болуп турган менен.
Жүрөгүм бүркөк болуп тура берет.
Күнүмдүн нурлары чачылса да,
Жаныма кайгы оту себеленет.

Сүйсөң болду унутамын бардык күчтү,
Алсызмын кантемин тагдыр деген.
Жашоодо өз ордумду тастыктаган,
Күрөшөмүн жеңүү үчүн антым берем.

Сүйүүм үчүн күрөшөм меникисин,
Бербейм сени эч кимге жан аябайм.
Сен үчүн жан берүүгө даярмын мен,
Жүрөгүм менен сүйгөнүмдү таналбайм.

Каалабаймын, азапка жеңилбесмин,
Баш ийбеген тоскоолго кайыл болуп.
Кол кармашып биргемин өзүң менен,
Мендиксин алышамын тагдыр буйруп.

# Мейли сүйбө

Бүт дүйнөмдү ойрон кылдың өкүнөм,
Сүйүүмдү сен сезип койчу өтүнөм.
Билип койгун бир өзүмөн бөлүнбө,
Сен сүйбөсөң мен сүйүүгө чөмүлөм.

Алтын жарым өмүр бою чөгөлөйм,
Колдон  келсе бир  өзүңдү өнтөлөп.
Жаш баладай сени карап бөпөлөйм,
Сен бар үчүн бул жарыкта көкөлөп.

Мейли сүйбө жүрсөң болду жанымда,
Шүгүр кылам сен жанымда барында.
Чындык жеңет сүйүү жеңет ишенем,
Калган өңдүү алоолонгон от табында.

Мен жүрөмүн жүрөгүмдүн түбүндө,
Сенин табың мен жанымда күнүгө.
Арзуу менен курмандыгың болоюн,
Башты уруп ортодогу сүйүүгө.

Ойготор ошол сүйүү бир күнү,
Бактылуу болдук эле биз түнү.
Сен сезерсиң сени сүйгөн адамды,
Түшүнөрсүң кайгымды да, саанамды.

Кадырымды, баркымды да сынады,
Сенин сүйүүң жүрөгүмдү ыйлатты.
Күчтүү экенсиң багындырдың өзүңө,
Сенсиз жашоом жок мага дүйнөдө.

## Дүйнөмдү неге кыйнадың

Жан дүйнөмдү неге кыйнадың.
Сүйбөсөң мени неге  кармадың.
Сүйдүрүп арбап аруу сезимди,
Кейитти мени азапка салганың.

Сүйбөгөн жанга жармаштың,
Сүйүнтүп жашоо уланттым.
Азгырык душман аралап,
Үй-бүлө тагын кулаттың.

Алыштым күчүм жетпеди,
Алдоолор сени эстеди.
Жардамды күтөм эгемден,
Таарыныч сезим кектеди.

Сүйөм деп далай ыр жаздым,
Жүрөктүн күчүн сезсин деп.
Сырымды ачып  мен айттым,
Суранып көңүл койсун деп.

## Күтпөгөн элем

Ишенген жаным күйдүрдү,
Сүйбөпсүн көрсө түңүлдүм,
Жалбарып жүрөк жүгүндү,
Жалоорум мен да жүгүндүм.

Сүйүүдөн жүрөк түйүлдү,
Көктөйт бекен бүчүрү.
Кезеги келер бир күнү,
Сүйүүнүн күчтүү учуру.

Кыйналган тура бекерден,
Күтпөгөм мени кечкенден.
Сүйөмүн жүрөк дегдеген,
Сезимден такыр кетпеген.

## Сүйүү жок жашоо кызыксыз

Канатын жайып какканда,
Шириндик берип баксаң да.
Сүйбөгөн менен кур экен,
Жашоодо жашайм не пайда.

Ширин сөздү сүйлөйсүн,
Жакшы бир жакка үндөйсүн.
Жүрөктө сүйүүң  жок болсо,
Жан дүйнө эзип билбейсин.

Убара болбо сүйбөсөң,
Пайдасы эмне сүйлөсөң.

Кайгырып жүрөк жанчылат,
Алдандым жаным билбесең.

Түрлөнбө менин жашоомдо,
Таарыныч салдың ой толго.
Сүйүүнү түшүр ак жолго,
Салбагын мени сен торго.

Сүйүү жок жашоо кызыксыз,
Өмүрдүн даамы болуп суз.
Жүрөккө сиңер туз болуп,
Сүйүнүч болбойт сызыксыз.

## Чын сүйүүм сага жарык

Көрүнбөйт байлыктарың, жарыктарың,
Сүйүүңдү өзүң сезгин, аныктагын.
Жүрөктү бекем кармап бышыктагын,
Сезбедиң канча жаным карыштадым.

Байлыгын пайда бербейт тарыхтасың,
Эсимен кетпейт жашоом, таарынтасын.
Кадырды өзүң билбей карытасын.
Сүйүүңдү кантип эми арылтасын.

Сүйсөң ошол байлык, ошол жарык.
Нур болот жүрөккө айдай жанып.
Куту бир болот аял нурун чачкан,
Жылдыздай балдарды үйдө тапкан.

Жашоодо сүйүү болсо турмуш уланат,
Жакшы сөз жүрөктөрдү кубантып.
Сүйбөсө өмүрлөрдү уулантырат,
Денеңди даректай куураттырып.

## Сынса да чыдайм

Жүрөктө кайгымды кантип жазам,
Сүйүүмдүн күйүтүн кимге айтам.
Сүйүнүч болсо дагы жазыла албайм,
Анткени, жүрөгүмдө тактар калган.

Ишенип жүргөм, мен кечиктим,
Алсыз сезимге капыстан кезиктим.
Сүйүүмдү башкаларга жашырып,
Ачылган сүйүү эшигин бекиттиң.

Алданып кала бердим бир өзүңө,
Арбалып сенин ширин сөздөрүңө.
Жүрөгүң бурулуптур бөлөгүнө,
Чыдадым күндөрүмдүн өткөнүнө.

Тагдырды күнөөлөбөйм сенде күнөө,
Сүйүүмдү сен билбедиң Теңир күбө.
Тирүүлүк чыдатты күн өткөнүнө,
Жаш туруп кайгы басты өмүрүмө.

Сынсам да чыдайм, сүйбөсөң ыйлайм,
Кыйналып жашоодо сен деп сыздайм.
Сүйөөрсүң бир күн ачып көңүлдү,
Ошондо мен күндөй бир нурдайм.

## Гүлүм сага белек

Сага берем мен өстүргөн гүлүмдү,
Көктөдү, гүл ачырдым сага деген.
Жыттап ал, нурдантсын түнүңдү,
Сүйүнүп, элжиресин менин денем.

Гүлүң болсо сен коозсуң, көркөмсүн,
Көпчүлүктү суктандырып сен өзүң.
Капалансаң көңүлүңдү көтөрөөр,
Сага арнап өстүргөн көп гүлүм.

Жүрөгүңө сүйүү салат байкагын,
Жыты өзү бүт денеңди курчады.
Көркү сулуу кооз гүлүмдү карагын,
Көбөйткүнүң, андан тамыр улагын.

Тилегиңе ошол гүлүм жеткирет,
Кыялыңды, сырларыңды бекитет.
Бүт денеңе жыты менен күч берип,
Кумар болуп жүрөгүңдү ээритет.

Гүл уругу  башкалардан өзгөчө,
Короoңду бейиш кылат гүлдөсө.
Касиети бар, керемет тамырында,
Көбөйтүп сактап ал, гүл багыңда.

Кулпуруп турат ал, көз салсаңчы,
Коoздугу арбайт жүрөк, байкасаң.
«Сүйөм» деп  гүлгө  сөз айтсаң,
Сыйкырын салат сага  карасаң.

## Жанымда болсоң чоң кубат

Сага бийлеп берейин,
Жүрөгүңдү кубантып,
Мен сүйүүңдү ээлеймин,
Суктандырып нурдантып.

Көңүлүңдү алайын,
Жүрөктөргө күч салып.
Сүйүүңдү өзүм  багайын,
Сүйүнүчкө курчалып.

Жанымда болсоң чоң бакыт,
Жашоомдун сенсин ачкычы.
Өмүрдө бирге жол улап,
Сүйүүмдүн болосуң баскычы.

Кааласаң ырды ырдайын,
Турмушта тунуп жыргайын.
Сезимим жашап жүрөктө,
Ширелсин таалай нур дайым.

Жүрөгүмдүн кылдарынын тапкычы,
Черткилейсиң сүйүүмдү айттырып.
Күүгө айлантып, сүйүүмдүн бар күчү,
Турасың сен,  жаңы обон жаздырып.

Бактыбыз турсун нур чачып,
Эсендик өзү чоң бакыт.
Элимде болсун бейкуттук,
Жараткан турсун жол ачып.

## Көлөкөсүң өзүмө

Жанган кара көзүң,
Эс алдырат мени.
Ширин сенин сөзүң,
Күч толтурат деги.

Көргөнчө мен шашамын,
Сүйүүм күчтүү чыдабайм.
Тура турчу, деп жалынып,
Болбосоң сен капамын.

Сенин барың мага байлык,
Деңиз болсоң өзүм кайык.
Күч  берет сезимдерим,
Сени менен  жашоо жарык.

Көлөкөсүң сен өзүмө,
Жөлөксүн  бул өмүрдө.
Суранамын сен бөлүнбө,
Сүйбөгөнгө сен көрүнбө.

## Жүрөгүм сени дейт

Сен үчүн  жүрөгүм ооруду,
Жаштыгымда кайгы торуду.
Жамандык ээлеп оюмду,
Эзгенсийт менин боорумду.

Сен үчүн жүрөк ооруп, кыйналды,
Сүйлөп согуп, жүрөгүм менин ыйлады.

Көкүрөктү улам менин ургулап,
Дем алдырбай жүрөк сени кыйбады.

Жүргөн каным сүйүүгө малынса,
Сезимдерим бериле сага жалынат.
Көргөндө эле жүрөк сага ашыкса,
Кайран жүрөк жалооруп камыгат.

Жүрөгүм бир өзүңдү тандады,
Сүйүүм ысык алоолонуп таптады.
От болуп жүрөгүмө чок салды,
Ысык табы мээримине кактады.

## Ак сүйүүңдү жүрөгүм күтөт

Сезимин ыйык, ак сүйүүң мен үчүн,
Сезсеңчи, жүрөгүм согот сен үчүн.
Келээр деп күтөмүн мен күнү-түн,
Белек болом, гүл да болом мен бүгүн.

Ар күнү дайым күтөм сагынам,
Сен келчи, түн күзөтүп жабыгам.
Кымбатым, аруу сүйүүм өзүңсүң,
Таазим этем бир өзүңө багынам.

Буйрук берип, жүрөгүм кыйналды,
Бактым, жашоом сен деп жыргады.
Келбесең көз жаштарым мөлтүрөп,
Сени башка, жат бирөөгө кыйбады.

Денем үшүйт, кучагыңа тартып сен,
Мээримиңе элжиретип, кызытчы.
Үшкүрүгүм жан кыйнабай тарасын,
Магдыратып, сүйүүң менен жылытчы.

## Ойгон, ойлон

Караан болоор мен эле,
Байкабадың эмнеге.
Тарткылык экен пешене,
Мен үчүн ыйык сен эле.

Сен болуп мага периште,
Түшүнөлү сүйүүнү эстегин.
Ойлонгун мага келишке,
Ооматыңмын алыс кетпегин.

Жашты токтот көзүмдөн,
Ооруду жүрөк сөзүңдөн.
Кадырды баала өтүнөм.
Сен дегенде өрттөнөм.

Бөлүнчү жаным башкадан,
Баркыңды билбес башка адам.
Жаңыдан сүйүү баштайлы,
Сүйүшкөндөй капкачан.

Ойгон ойлон, ойлор ойрон,
Ооматың да жолду азгырат.
Оңой күчкө сен жыгылба,
Оодарып жыгат алдырат.

## Жеңилип калба

Канткенде эске келесиң,
Туманды кантип жеңесин.
Кадырымды биле жүр,
Мен үчүн сен белексин.

Жеңүү баары өзүңдөн,
Адашпа айткан сөзүңдөн.
Ант бергенди жар сүйөт,
Кубанайын көрүп мен.

Сөзүнө турган жигит бол,
Жарың каалайт, жакшылык.
Душманың салса өз торун,
Көрөгөч, өткүр жигит бол.

Сылыгына ишенбе, жылан болот,
Кылыгына алданба, мертинесиң.
Эр жигит кыраакы  өткүр болсо,
Анда сен душманыңды кетиресиң.

## Жүрөгүңдү ойготчу

Жүрөктө такты калтырып,
Бактын нурун  өчүрдүң.
Таза жүрөк ооруду,
Сүйүүнүн  күчүн  кетирдиң.

Жүрөгүм менин муздады,
Жан-дүйнөм абдан сыздады.

Сагынып сүйүү берметин,
Ишенбей сүйүүм турабы.

Канткенде эске келесиң,
Жүрөккө дары болсоңчу.
Ак сүйүүмдү барктай бил,
Жеңилдигиң койсоңчу.

Жүрөгүңдү ойготчу,
Сезимиңди толготчу.
Азгырыкка берилбей,
Алпештеп мени койсоңчу.
.
Азгырык сага күнүмдүк,
Алдайт сени ойлончу.
Ойноштук сага бир күндүк,
Өзүңө келип ойгончу.

Бал тилине берилбе,
Балдарың турат чырактай,
Кайрылып келгин өзүмө,
Жашайлы биз ынактай.

Сүйөөрүмдү билерсиң,
Сүйүүмдү сен кор кылба.
Кайрылып бир күн келээрсиң,
Тагдырың менин колумда.

Колумда менин дегеним,
Балдарым турсун оюңда,
Баркыңды билип уул-кызың,
Өнүп-өссүн жолунда.

## Сезим койчу

Кыйналды жүрөгүм,  аны сен сезбедиң,
Сүйүшкөн күндөрүбүздү эстегин.
Сүйүүбүздү башкаларга  алмаштырба,
Запкы бербе, сен жанымдан кетпегин.

Көз жумганда билесиң кадырымды,
Анда сен кеч болгонун туярсың.
Бүгүн сен билбесең баркымды,
Дал ошондо эссиздикти тыярсың.

Мен энемин, балдарыма баркым бар,
Өз элимде  ЭНЕ деген даңкым бар.
Баркым, даңкым, менин намысым,
Баарын сага тебелетпейм билип ал.

Ишенген элем билбепмин, жан дүйнөмдү,
Жараладың, жабыркаттым жүрөгүмдү,
Бирок, сен  билээрсиң бир күнү,
Аруулук менен  мен сени сүйөөрүмдү.

# Биригип чогуу жеңели

Сыйладың, азгырыкты сен  башканы,
Ойлончу, ал сага жөлөк эмес.
Экөөбүздөн  жаралган алмончок баланы,
Унутпа, ал сага бөтөн эмес.

Таанышып, сүйүшкөнбүз, эстегин,
Жүрсөм керек, жүрөгүңдүн бурчунда,
Махабаттан, арuулуктан кечпегин,
Экөөбүздүн сүйүшкөнбүз чынында.

Тазалан,  ак булутту арала,
Сүйүүбүздү жеңели, көңүл толуучу.
Жүрөгүңдөн орун бер, мага да.
Ал орун өзүмдүкү болуучу.

Биригип, чогуу экөөбүз ортодо,
Салбайлы  жат бирөөнү ортого.
Ал шайтан, бакыт болуп бербейт сага,
Түбөлүктүү болот деп ойлобо.

Күйбөйлү, жалындаган отторго,
Ынтымактуу шаар бололу түбөлүк.
Шайтанды бастырбайлы жолдорго.
Сүйүшкөн жар бололу өмүрлүк,

Аттиң деп  калбайлы  бир күнү,
Эсиңе кел, кол кармашып жүрөлүк,
Ажырабай,  корообузга гүл өнүп.
Ынтымактуу жар бололу түбөлүк.

Сен сезбей  сезимдерди  кыйнадың го,
Сүйүүмдөн жабыгып  ыйладым го.
Кызганычтан азаптанып баратам,
Ансайын азгырыкты кыйбадың го.

Жүрөгүм көңүлүңө заар болду го,
Сүйүүмдүн күчү сага уу болду го.
Сүйбөгөн бир өзүңө туу болду го,
Өзгө сенин  жүрөгүңө куу болду го.

Акыры сен билерсиң ак сүйүүмдү,
Кыйналды жүрөктөрүм ах, түйүлдү.
Зарыктым, сени күттүм ах, түңүлдүм,
Үзө албей сенден мен үмүтүмдү.

Өткөрдүм канча күндү өзүм алсыз,
Кур болду баркталбай сүйүүм балсыз.
Жүрөктү канаттың го, өзүм жансыз.
Бирок, сүйүүм сага деген кайталангыс.

## Жарадар кылдың жүрөктү

Ишенбей калдым өзүңө,
Карадым эле көзүңө.
Кечир деп эми өтүнбө,
Муздады жүрөк өмүрдө.

Сен үчүн даяр мен элем,
Сезбедиң мени эмнеге.
Сезимиң күйдү  белем,
Сумсаясың сен неге?!

Жарадар кылдың жүрөктү,
Талкаладың ордомду.
Сапырылып жалбырак,
Түгөйүм мени кордоду.

Денемди басып калтырак,
Сезимим укмуш боздоду.
Таарынып сага турсам да,
Сүйөөрүм чындык болжолу.
Чакырып алдым өзүңдү,
Бараткан сени жолдогу.

## Баары бир сизди сүйөм

Баары бир сизди сүйөм унутпаңыз,
Сүйүү ачкычы жүрөгүмдө кутулбайсыз.
Тирүүлүктө жашап мен турганымда,
Мени таштап алыска кеталбайсыз.

Тогуз  бала  белек кылдым өзүңүзгө,
Булар да көрүнбөдү көзүңүзгө,
Жараткан тартуу кылган ырыскыны-
Кут кылсын жакшылыкты эми бизге.

Сезимди жүрөктөрдөн өчүрбөңүз,
Сүйүүмдү башкаларга көчүрбөңүз.
Сындырып,  жашоомду бүлдүрбөңүз,
Сезбестен сиз сүйүүмдү өкүнбөңүз.

Бакытка күчтүү болуп биз туралы,
Душманга алсыз болуп утулбайлы.
Мейли сүйбөң, бир гана тилдебеңиз,
Моторайган балдарыбызды  унутпайлы.

## Акыры сүйөөрсүң

Балдардын жүрөгүнө чокту салып,
Сүйүүбүздүн нурларын  суналычы.
Милдетти аткарып биз ата-энелик.
Жарыкта күчтүү болуп  туралычы.

Акыры сен сүйөсүң кеч болсо да,
Жүрөктүн калдыгында мен жашаймын.
Сүйөмүн,так калбасын деп жүрөгүңдө,
Аялдык жүрөгүмдөн сени аядым.

Баары бир сени сүйөм, билсең болду,
Жүрөккө кызганычтык күчтөр толду.
Жеңип келем бизге келген тоскоолдорду,
Ачамын бизге сунган сүйүү жолду.

Күндөр, түндөр өтсүн, акыры сүйөөрсүң,
Күнөөңдү эстеп, кылыгыңа күлөөрсүң.
«Сүйөм», деп качандыр сен  бир күнү,
Жалооруп жанымда сен жүрөрсүң.

## Жүгөнүңдү салдыргын

Буулугуп  менден качтың тулпар болуп,
Жүгөндү сен салдырбай алыстадың.
Көк шибер араладың  көчө конуп,
Ойнодуң, ээн-эркин чабыттадың.

Жытына сен магдырап тирүү күндө,
Эс алдың, ал гүлдөрдүн кучагында.

Кыш келер, ал гүлдөр соолуйт чыгар,
Эстегин жүргөнүңдү жыпжылуу сарайыңда.

Таш басып, чөлдү басып секирсең да,
Жашынып, аска зоого бекинсең да.
Ааламдын көзү турат сага күбө,
Жалыныма какталасын кечирем да.

Жоруйсун, сен торуйсун бир кездерде,
Өз туягың сени коргойт аны эсте.
Жат адам жолдош болбойт күчтөн тайсаң,
Үй-бүлө кадырлайт баркка жетсе.

Миндирип көрүнгөндү сен көтөрүп,
Кыдырып канча жерди сен көргөзүп,
Ачтың сен башкалардын көңүлдөрүн,
Эстесем кылыгыңа мен өкүнөмүн.

Эстечи мени алардын катарында,
Сарайда мен жалгызмын кайгы абалда.
Күтөмүн түнү келчи үнүң тыңшап,
Кайрыла кет кайра үйгө кайтканыңда.

## Көрүнгөн гүлгө кызыкпа

Ачылган гүлүң менен өзүң жаша,
Буркурап жыттуу жашоо сунат сага.
Оолугуп башкаларга өзү баспа,
Аягы бар жашоодо жалын аста.

Кооз гүлгө кызыкпагын уусу бардыр,
Азгырган бир өзүнө тузу бардыр.

Зыяны тиет бир күнү ойлонуп көр,
Кызыккан кыялыңды өзүңө  калтыр.

Жанып тургандай  оттуу көзүң,
Мага жактың  ажайып бир өзүң.
Арбап алып сулуу жамалың,
Аянычтуу тиктеп мени карадың.

Азгырылсаң көрүнгөн гүлгө кызыгып,
Качандыр бир кетет анын кызыгы.
Жыттуу деп уусуна ууланбагын,
Жашоонун өз жолу бар, сызыгы.

## Чыдаймын бүт нерсеге

Жүрөгүмдүн  тамырын кыркып койдуң,
Гүлүмдү өстүрбөй сен сындырып.
Буюм элем убагында мен да сонун,
Талкаладың тамырымды кыйдырып.

Гүлдөтүп үйүңдү түрлөймүн,
Сынсам дагы  турам дайым,
Уругум бар, көбөйөт гүлдөймүн,
Көбөйөмүн сен кыркан сайын.

Боорон-шамал алып менин күчүм,
Чачырап күйүп мен  учсам да.
Чаңкатып суу бербей турсаң дагы,
Чыдаймын бүт нерсеге сүйүүм үчүн.

## Сүрөлү бирге өмүр

Сен бар үчүн эркелеймин,
Өмүрдө жашоом сенсиң.
Сүйүүмө жан шеригим,
Кубанычка бөлөйт демиң.

Сен мендиксин жароокерим,
Жашоомдо тирегимсин.
Балдарыма бактым болуп,
Түбөлүккө керегимсин.

Үзүлбөсүн биздин колубуз,
Аткарылып арзуу оюбуз.
Ишке ашып асыл тилектер,
Түбөлүк болсун жолубуз.

Сүйүнүч болуп жашообуз,
Турмушта бирге жолубуз.
Балдарга чогуу бак тилеп,
Кемибесин биздин оюбуз.

Бакыттын күнүн көрөлү,
Бирге болуп асыл максаттар.
Жакшы күндү сүрөлү.
Ортодо сүйкүм балдар бар.

Ынтымак болуп жашоодо,
Кол кармашып жүрөлү.
Күнөө жок аруу сүйүүдө,
Сүйүүнүн баркын билели.

Небере багып жетелеп,
Күлкүгө жайсын жүзүбүз.
Жүрөк оту күйүшүп,
Бакытка толсун үйүбүз,

Бакыт кирип чогулуп,
Өмүрлөш болуп жүрөлү.
Ырыскы нурлар төгүлүп,
Жыргалды бирге көрөлү.

## Жарыма

Кайрыласын жүрөгүм өзгөргөндө,
Сен ойлоп биз сүйүшкөн күндөрдү,
Ай алмашып уйку качкан түндөрдү.
Биздин сүйүү күчтүү сүйүү дейт элем,
Уксам дегем сүйөм деген үндөрдү.

Кыйналган жүрөк чыдайт эзилет,
Ыйлап жүрөк сүйүү күчү сезилет.
Тосуп алам мен өмүрдөн кеткиче,
Күтө берем сүйүүм мага кезигет.

Сүйүшкөн күндөр артта калды,
Сүйүүмдү тоскоол адам тартып алды.
Өзүм жеңдим, анткени сен жанымда,
Сүйүүм менен  сүйүүмдү жеңип алдым.

Мен таалайлуу биринчи акыркысы,
Ээрчиткен балдарыбыз бактылуу.

Эркелеп кыздарым аталашат,
Балдарым жигит болуп корголошот.
Уул-кызыма жакшы оюм бак куруу,
Ата- энелик милдетибиз аркылуу.

Жеңилбедим мен турмушта биргемин,
Мени кандай ойлооруңду билбедим.
Менин сүйүүм мендик болду жараткан,
Уул - кызымын убай күнүн тиледим.

## Булбул

Сүйбөгөн булбулга кул болдум,
Дарагыңа кошо коноюн.
Бутагыңда олтуруп,
Булбулдай мен да сайрайын.
Башка чымчык кондурба,
Булбулуң болуп барайын.
Добушун  дүйнө тазалайт,
Үнүңө сүйүүм багынып,
Жан жүрөгүм дарылайт.
Келбей калсаң бир күнү,
Жүрөгүмдү жаралайт,
Булбул сыздап үн салат,
Укканда анын добушун,
Күү сыяктуу угулат,
Делебемди козгогон,
Ыр сыяктуу туюлат.
Үнүнө жүрөк багынат,
Укпасам үнүң сагынам.
Кетпечи алыс жаныман.
Булбулум сенсиз жабыгам.
Жанымдан кетсең алыстап,

Сүйүүмдөн мен айрылам.
Кыш айы кирип келгенде,
Булбулум жок жанымда,
Мукамдуу үнүн укпадым,
Күтүп жүрөм сагына.

## Күнүм

Күнүм чыкса жаркырап,
Гүлүм жайнап ачылат.
Жытын сунуп буркурап,
Айланага чачылат.

Эс алдырып жарык күн,
Бактылуубуз  биз бүгүн.
Коломтодон от очпөй,
Жарык болсун ар бир түн.

Жаркырагын, жаркыра,
Күнүм күлөт каткыра.
Өмүрдүн билип кадырын,
Жетеличи баркына.

Күнүм гүлүм ачылгын,
Жаман күчтү качыргын.
Короом толо гүл болуп,
Бажырайып ачылсын.

Күч болуп кубатыңдан,
Жайкалып канатыңдан,
Нур болуп төгүлсүн,
Айыгып жаратыңдан.

Көздү уялтып  нурданып,
Күнүң тийип күлүңдөсүн.
Демденип сенден турам,
Кымбаттуу өмүрлөшүм.

Маанайың жарык чачып,
Айланаңды жаңыратсын.
Асманың туруп ачык,

Күн нуру төгүлсүн.
Жашоон нурданып,
Ай болуп нур жанып,
Өмүрлөр улансын.

## Жүрөгүм

Жүрөктү билбей төрүңдүң,
Байкатпастан көрүндүң.
Жаман ойду  жооруба,
Агартып тунук көңүлдүн.

Сезбедиң жүрөк кыйналды,
Сүйүүнүн күчүн жыйнадың.
Көз жашым агып кыйбады,
Кызганчак жорук кыйнады.

Акыры жүрөк жыргайбы,
Сүйүүнү айтып ырдайбы.
Сүйлөп тилин тыйбады,
Сүйбөгөндү кыйнады.

Жүрөк согот ар түрдүү,
Сүйүүсү ар кыл сезилет.
Сезимдер болот ар кылдуу,
Көңүлдөн баары бөлүнөт.
Жүрөккө жара бастың го,
Оoрума шыпаа өзүңсүң.
Жүрөккө түшкөн тактарды,
Сүйүнтүп айдаар өзүңсүң.

## Өзүңдөн алыс кеткенде

Элестетип сүйүп жашаймын,
Элесиң көздө ар дайым.
Өзүңдөн алыс кетсем да,
Элесиңди сактаймын.

Эркелей өзүң келгенде,
Гүлүңдү колго бергенде.
Жеңилдей түшөт жүрөгүм,
Айбыгып  жүрөк термелбе.

Таттырам сүйүү балынан,
Сырлуу жашоо калтырам.
Чачылчы сүйүү тоолорго,
Арнайын сүйүү жагынан.

Кереметтүү сүйүүнү сунам,
Кабыл ал жашоом сеники.
Элесиң дайым жанымда,
Жүрөгүң жалгыз меники.

Кан менен кошо айланат,
Жылмайып мени карасаң.
Көздөрүң кара карагат,
Көргөндө жүрөк арбалат.

Дүйнөмдү кошо тазалап,
Жашоом бирге баратат.
Сүйөмүн жаным деп айтат,
Жүрөгүмдү жаралап.

Жүрөккө сүйүүнү бердиң,
Багынтып мени  жеңдиң.
Бакытка балкып турганда,
Бактылуу өзүң келдиң.

Тамчы жашты актадың,
Жанымды жаным барктадың.
Жан дүйнөңө берилип,
Босогоңду аттадым.

Өпкүлөп алдың жүзүмдү.
Жар болдум сага өзүңө,
Сага арнап жалгыз өзүмдү,
Өмүрлөш болдум өмүрдө.

## Тагдырдын татаал жолдогу желеси

Тагдырдын татаал жолдогу желесинен,
Өттүм мен кайыктын кемесинен.
Жакшы менен жаманды бирге алып,
Баратам ашуунун бийик белесинен.

Бирде тоңуп, бирде жылып өмүрдө,
Бирде тон, бирде кийип жепжеңил.
Томсордум да, кубандым да өмүрдө,
Ошондо да кейип-кепчип кетпедим.

Сүйүнүчтөр жууп кетти баарысын,
Чөгүп турган капалыкты көңүлдөгү.
Унуттурду жаман ойду, баары чын,
Туш болгон кусалыкты өмүрдөгү.

Желенин жибин кармап турдум,
Муунтуп баратса да, алкымыман.
Күйгөн отко чогултуп, сала бердим.
Кыжырланып өжөрлөнө улам-улам.

Жабышып түйүн болду, желе тору,
Байланып азгырыкка тартып өзүн.
Чечти аны аллахтын салган жолу,
Тагдырдын татаал жолун жеңип өзүм.

## Көлдүн жээгин бойлодум

Толкун урган көлдүн жээгин бойлодум,
Жашым агып толкун суусун көбөйттү.
Сүзүп мен толкун ичинде ойнодум,
Көлдүн суусу толкундарын көбөйттү.

Көздөрүмөн жашым агып токтобой,
Тамчы сымал жүздөрүмдү каптады.
Алдаганың тийип аткан октой,
Кайгыларым жүрөгүмө батпады.

Жаңылганың жүрөгүмө так салды,
Тазаласын толкундарың жүрөктөрдү.
Кантсе да капалыктын изи калды,
Сүйүүнүн кубанычын сепкин эми.

Сүйүүдөн сүйүнүч тартуулагын,
Көлүмдүн туптунук толкундары.
Таарынычтан арылтып тазалагын,
Шарпылдап сүйүүнүн шоокумдары.

Капалыктан арылып көл жээгин,
Тазарган сезим менен бойлоп келем.
Күтөм сени, күн санап күтө берем,
Деймин мен  таптаза сезим менен.

## Сүйүү арнап гүл эктим

Сүйүү  арнап, гүлдү эктим бүгүн мен,
Гүлдү эктим түрлөнтүм сен үчүн.
Сүйүүмдү гүлдөр менен мен билдирем,
Түрлүү жытты өзүм сундум  гүл менен.

Кабагыңды ачайын деп гүл эктим,
Түстүү гүлдөр сага да кызыктыр.
Жериңе бажырайган гүл септим,
Бири калбай бажырайып чыгыптыр.

Мен тамырмын, сен суу болгун суранам,
Гүлдөй болуп ачылалы чогуу биз.
Суктандырып канча көздү, жайнаган,
Гүлбакчага айлансын үйүбүз.

Гүлдөрдү  көбөйтөлү жайнатып,
Корообузда жыты аңкып гүлдөрдүн,
Көргөндөр суктанышып карашсын,
Гүл сүйүү, гүл кубат өмүрдүн.

## Жүрөгүмдү беремин колуңа

Жүрөгүмдү беремин колуңа,
Ыйык көрүп бекем сактап, тутуп ал
Көлөкө болуп берейин жаныңда,
Кадырлап, сыйлап күтүп ал.

Жүрөгүңө жүрөгүм жардамчы,
Кыйналганда жүрөгүңө күч кошот,
Сүйүү сунуп жүрөгүңө  карачы,
Алдейлетип сыздаган обон созот.

Касиет бар жүрөгүмдү калкалагын,
Ыйык сырлар катылган байкап алгын.
Жат жүрөккө берилип жагынбагын,
Жүрөгүмдү пайдалангын жагып дайым.

Сен үчүн жүрөгүм сыздап келет,
Сезимдерим дилимде алдейлеген.
Жөлөнүп эркелегим келип кетет,
Жаз жамгыры  сырларымды себелеген.

# Ыр жазууга эргүү бересиң

Сезим козгоп ыр жазууга себепкер,
Ал сен, менин жароокерим.
Ыр жазам дыйкан сымал төгүп тер,
Мага кубат, эргүү бергин.

Күйүп жаздын, сүйүп жаздым ырымды,
Ак баракка төгүп ийип сырымды.
Анын баары жүрөгүмдүн туйгуусу,
Ырым менен билдирдим мен чынымды.

Сүйүүмдү ырым менен  билдирдим,
Ырга айланттым туптунук сезимди.
Ырым мени сүйдүм сени дедирдим,
Ырга  бөлөп  жаштык кезимди.

Ырым менен сени сүйдүм билерсиң,
Жүрөгүмдүн толкундарын сезерсиң.
Качандыр бир жылдардын күнүндө,
Сүйүү отун жандырып бир келерсиң.
Рахмат айтып мени бир күн эстерсин

Ай болдуң, жылдыз болдуң, күн болдуң,
Түн болдуң, кереметтүү сен болдуң.
Ырымда сүйүүлөрдү толкутуп,
Ойлорумду оргуштаткан гүл болдуң.

## Жүрөктөргө кусалык толгондо

Жүрөктөргө кусалык жык толгондо,
Ак кагазга ырлар жазам толтуруп.
Көөдөндү буулуктуруп турганда,
Сырларымды ырга айлантам олтуруп.

Жүрөгүмө сүйүү толуп кыйнады,
Сагынуудан жабырканып ыйладым.
Кетпешиңди жалооруп суранып,
Башкага  сени мен кыйбадым.

Жүрөктөргө кусалык жык толгондо,
Сени көрсөм кубаттана түшөмүн.
Таянарым, сүйөнүчүм болгонго,
Делбирип бир өзүңдү күтөмүн.

Жан дүйнөмө жакшы ойду чакырып,
Кабыл алгын жүрөгүңө батырып.
Сени сүйгөн жубайыңмын жалгыз мен,
Бир жашайлы күлкү салып каткырык.

## Саамайым сылачу элең эркелетип

Саамайым сылачу элең эркелетип,
Сөзүң менен жүрөгүмдү элжиретип,
Мен ыраазы болоор элем дилимен,
Туш болгон бактыма арзып жетип.

Сүйүү ырахатын көпкө татканым жок,
Капысынан көз карашың өзгөрүлдү.

Сүйүүмдү ара-жолдо таштагым жок,
Махабатым сага деген көп көрдүңбү.

Кээ-кээде ачуу сөзүң укканым бар,
Туздуусун уугуп жутканым бар.
Сүйөм дечи, толукшуп толкундарым,
Эмелеки таарынычты унутайын.
Көкөлөп, көккө карай канат кагып,
Сүйөм десең, толукшуп толкундайын.

## Кызыл көйнөк кийсең жарашкан

Кызыл көйнөк кийсең жарашкан,
Көздөрү сүйүп сени карашкан.
Көз тийип сени кыйнады,
Канча жүрөк сени талашкан.

Көкөлөп бассаң жол менен,
Көп жигит сага дегдеген.
Жанынан өтсө буркурап,
Аруу жыт келет жел менен.

Кызарган канды жүгүрттүң,
Жүрөгүнө  от салып.
Азабын тартып күйүттүн,
Үшкүрүк тартты күнү-түн.

Жете албай сага көп жигит,
Жеткирбей көбүн үшкүрттүң.
Арманда калып кол серпип,
Арзуусу болдуң үмүттүн.

Өзүңө түсү жарашкан,
Жүзүңө кызыл төп келип,
Жол жээгинде баратсаң,
Көп жигит сени карашкан.

Кылыгың сага жарашкан,
Көрүнүп күнөс тараптан,
Кызылды кийип кулпуруп,
Толукшуп басып келатсаң,
Көз артып чыгып көп жигит,
Көз кумарын тараткан.

## Көрүнбөй койсоң болмок көзүмө

Сагындым мен сени күтүп сагындым,
Чыдай албай кусалыктан кайгырдым.
Куса болуп ден соолуктан айрылдым,
Келбей койдуң бир өзүңө таарындым.

Күтүп жүрүп күндөр өттү арман ай,
Күбө болду кубалашкан күндөр ай.
Жүрөк согот, сага шашат баралбай,
Алыстадың бир өзүмдү карабай.

Күтүүдөн кыйналдымго мен жалгыз,
Күндөр өттү арадан көпкө табылгыс.
Жашоонун таттуу даамын тата албадым,
Көрсө ал кеткен экен кайрылгыс.

Кылчайып, бөлбөдүң көңүл жүрөккө,
Кайдыгер жандай мени жүдөттүң.

Көрүнбөй  койсоң болмок көзүмө,
Көөдөнгө көп ирет сагыныч түнөттүм.

Ыйлаганым тыйынчалык арзыбады,
Ишенипмин, сенин ширин сөзүңө.
Алалбаган менден өчүң дагы барбы,
Телмирбеймин  эми башка көзүңө.

## Сени менен жашоом таттуу

Соолубасын биздин гүлдөр,
Сонун өтсүн жашоо күндөр.
Өмүрлөр жуурулушуп,
Бүрдөп өнсүн сүйүүлөр.

Ачылсын биздин көңүлдөр,
Өмүрлөрдү шат кылып,
Жаркысын биздин өмүрлөр,
Махабатка мас кылып.

Жытың менен сен  гүлбурак,
Жыттасам моокум кандырат.
Көздөрүңдө нур турат,
Тургандай шоола жаркырап.

## Сени менен мен бактым бар

Даңазалуу тактым бар.
Сени менен жашоом таттуу,
Кудай берген бактым ал.
Атып аппак таңдар,
Сүйүүнүн жарчысы ал.
Мөөр болуп сакталып,
Жүрөктөрдө сакталар.

Арыштап биздин кадамдар,
Турмуштун өзү уланар.
Курчап турса кызыл гүл,
Сүйүүнүн аппак сезими ал.

Рахат алып мен сенден,
Рахмат айтып өтөйүн.
Ыраазы болуп дилимден,
Ак сүйүүмдү сунайын,
Кабыл ал ак пейилден
Ыраазы болуп сүйүүмө,
Алпештеп сени турайын.

## Көңүл бурчу карагаттай көзүмө

Жүрсөм болду жүрөгүңдө мен өзүм,
Көңүл бурчу карагаттай көзүмө.
Гүл боломун эс алганча мен өзүм,
Азык берип экөөбүздүн көңүлгө.

Сүй деп кыйнай, жүрөк чечет сеники,
Сүйүүнү сез, сүйүү үчүн келдикпи.
Сүйүнөм, жыргал жашоо, бакыт меники,
Бирибизге бирибиз сүйүүбүздү бердикпи.

Кереги жок сенден башка нерсенин,
Кирпигине мен айланам керексиң.
Көздөрүңө айланып, тегеренейин,
Балдарыңды эркелетээр жөлөксүн.
Жүрсөң болду, жанымда сен шерик.
Турайын жаныңда мен элжиреп,
Балдарыма бактылуу ата болгун сен,
Жүрөйүн таянарым жалгыз сени деп.

## Алма бакты аралап

Бак аралап кыдырдым сени издеп,
Жүрөгүмү жаралап кайда кеттиң.
Жалынамын дарагымды көрдүңбү, деп
Үнү жок мөмө сунуп дарак турат.

Мөмөсү түмөн бышып ийилип,
Көз ирмейт, көзүм түшүп мөмөсүнө.
Жалбырагына жашынып ийменип,
Тургансыйт ашыктырып, бир өзүнө.

Кызыгып жүрөгүм, келем сага,
Кызарып турду жүзүм сени карап.
Кыпкызыл кызарган алма багы,
Турду ал өзүнө мени арбап.

## Сагынат сени кара көз

Күтөмүн сенден жакшы сөз,
Сагынат сени кара көз.
Жылмайып мени карасаң,
Жыргалга батып арбалам.

Жаныман бир аз бөлүнсөң,
Кызганам бирөө барчуудай.
Ичимден туйгу сезимде,
Өзүңдү тартып алчудай.

Кыйналам жүрөк чыдабай,
Ыйлатат мени сынабай.
Кыйналат денем бир далай,
Сүйгөнүм сенсин жыргалай.

Кыйналсамда сен болосун меники,
Сүйлө деген сөзүң мага эрдикпи?!
Бул жашоону бирге өткөрүп келдикпи,
Ошол сүйүү ошол жашоо меники.

## Күтүү

Сагындым го кечке жыл күтүп,
Жаш өткөрдүм мен өмүр сүрүп.
Карааныңды сен билгизбей,
Өзүң жоксун мени күттүрүп.

Мезгил учуп айлар өттү арадан,
Жашай берет айла жоктон ар адам.
Сагынгандан жүрөк ооруйт аргасыз,
Күтүү менен жапа чеккен көп адам.

Шамал учат өзүң менен сырдашам,
Айласы жок үмүт менен бир басам.
Пайдасыз сүйүү бербе адамга,
Азап чегет жетпей калса ага да,
Табуу кыйын мейли канча ыйласаң.

Кабар берчи тезинен -
тирүүлүк өтөт өмүрдөн.
Күтө берип жашоомдо,
Өткөргөн күнгө өкүнөм.
Көз карашың арбап сезимди,
Түйшөлтүп түндү өткөрөм.

Жаралап жаштык кезимди,
Жан дүйнөм канча эзилди.
Ийгилик  коштойт кээ бирде,
Жарадар баео сезимди.

## Өзүң менен турмушта бир басамын

Бардыгына күч бердиң, мага дем болду.
Сен болосуң, белдемчиге бел болду.
Күч бересиң, басканыма жер болуп,
Мыкты аталып жүрө бергин ээр болуп.

Сен бар, мен сыйымын жашоонун,
Күчүм барда урматтаймын, колдоймун
Өзүң менен өргөм бийик көтөрүп,
Жакшынын жакшы жары боломун,
Жаныңда жаркылдап коейун..

Жарым бар кыйынмын жаныңа,
Жетейин төрүмдү бер,
Жаман сөз тийгизбей атыңа,
Болоюн жаныңда татына.

Жанында мен жаркылдаган жарыңмын,
Балдарыма бак көтөргөн апамын.
Турмуш  жолдо тайыбайлы адашып,
Өзүң менен турмушта бир басамын.

## Жаз

Жазында олтурам ыр жазып,
Жазылып  жайылам сырдашып.
Жаз жытына кошулуп ырдашып,
Бакытка батамын чер жазып.

Жытың сонун адамдарды азгырып,
Алсыздууну эс алдырып кандырат.
Адашпайлы жаз жытына баталы,
Жаз сүйүүсүн жүрөктөргө жандырып.

Кимдер болбойт жаз күнүндө бактылуу,
Сүйүү сыры жүрөгүнө катылуу.
Канча доорду сүрүштү го жаз менен,
Кылымдарда тарыхтарда жазылуу.

Назданамын, эркелеймин сен менен,
Батырамын кучагыма өзүңдү.
Жашап келем жаздын гүлү дем менен,
Мен кошулуп, жашап келем сен менен.

## Мен үчүн жаралган сенсин багым

Бел бол, дем бол өзүмө кагылайын,
Көрбөй калсам өзүңдү сагынамын.
Ичериңе суу болуп агылайын,
Көөдөнүңө гүл болуп тагылайын.

Сен бир канат учамын мен асманга,
Эрмегимден мактанам асман айга.

Сүйүүмдү билдирип кошуп ырга,
Жаратканга тиленип алам бата.

Сен бир болсоң асыл жаным,
Турмуш үчүн жүрөгүм жалын.
Болоюн жанында мен ханыша,
Мен үчүн жаралган сенсин багым.

## Колдоочу

Жалынам, жалынам неге сезбедиң,
Сүйбөдүң өзүмдөн өзүм эзилдим.
Кыйналды сен деп жүрөк сезимим.
Жүрөгүм басылчы, неге теминдиң.

Колдойттур бир күн мени теңирим,
Кыйналдым, оорудум ооруганым сезилбей,
Кадырды сезбедиң, аттиң жеңилдиң,
Сүйүүңдү  неге анда мага  билдирдиң.

Сенде да бардыр өзүңдө жүрөк,
Согот жүрөк, кыйналып жүрөт.
Түшүнсөң боло   жүрөгүм жүдөйт,
Сезимди козгоп сүйүүлөр үндөйт.

## Гүлүмө

Бажырайган гүл болдуң, мен жыттадым,
Жытыңа касиеттүү мен арбалып.
Соолубай көпкө чейин турсаң экен,
Кете албай турайын мен кармалып.

Соолусаң да мен кургаттым ошол гүлдү,
Бапестеп бир буюмга салып алып.
Унутпайм, бажырайган ошол күндү,
Жытыңа турганды моокум канып.

Сактап жүрөм кургатылган гүлүмдү,
Бирден терип алгам жалбырагын.
Сага окшотуп издей берем ар бир күнү,
Сызылып ар мүнөт өткөн сайын.

Караңгыда өзүң болдуң мага жарык,
Капаламсам көңүлүмдү ачып алып.
Гүлүң менен сен өзүмдү кубантасың,
Гүл сыяктуу сезимиме нурду жагып.

## Жарыма

Сен үчүн жашайм жан эркем,
Жанымда дайым болсоң дейм.
Жанымды сага тартуулап,
Тууруңа дайым консом дейм.

Жарым деп сага эркелейм,
Жарыкка жаным бир келем.
Сүрөлү жакшы күндөрдү,
Күчөтүп сүйүү дембе дем.

Жүрөгүм сага багынат,
Жарыгын чачып жагынат.
Көөдөндө сезим алдейлеп,
Жарыма шашып жалынат.

## Арбап алды кыягың

Кыягыңды чертсең мен балкыйм,
Терең суудa сүзүп чалкыйм.
Күү кайрыгы келген сайын,
Ай асманда учуп калкыйм.

Кыягыңды чертүүгө мен ашыгам,
Кыялыңа кылыктана шашылам.
Кыяк үнү жан дүйнөмдү тазартып,
Делебемди козгой берсе сагынам.

Арбап алдың, кыягымды чертемин,
Кыяк үнү жүрөгүмдү эзгенин,
Туюп мен көптөн бери келатам,
Сүйөөрүңдү кыяк менен сезгенмин.

## Жанымда сен болсоң

Сени сагындым,
Сүйүп жалындым.
Сүйүүңдү билдирчи,
Мен сага жагындым.

Сүйүүмдү билсеңчи,
Сагынтпай келсеңчи.
Денемди дирилдетип,
Ак сүйүүң берсеңчи.

Жүрөгүм тердесин,
Кабарыңды айтчы сен.
Кайсыл жердерсиң,
Кайрылып кайтчы сен.

Толкундай ташкыймын,
Жээкке бир урунуп.
Карасаң балкыймын,
Өзүңө мен  сугунуп.

Сагындым келсеңчи,
Колуңду берсеңчи.
Сүйүүнү жеңсеңчи,
Көңүлүң бөлсөңчү.

Кызытып жүрөктү,
Табыңа кыйналдым.
Жанымда сен болсоң,
Башкага кыйбадым.

Бакытка батынам,
Сүйөөрүм билсеңчи.
Күтүп мен сагынам.
Сүйдүрүп келсеңчи.

## Энесиз үйдүн көркү жок

Гүлүмдү мен сунуп,
Жыпар жыт чачамын.
Мен энемди сагынып,
Бара  албай капамын.

Төрүңдө сырдашпай,
Келемин  сагынып.
Көкүрөк  жытташпай,
Энеге мен жалынып.

Баралбайм багынып,
Ыйлайсың таарынып.
Кадырыңды билбедим,
Турам мен сагынып.

Күн өткөрдүң эсиң жок,
Кусаны билбей көңүл ток.
Жүрөмүн мен унутпай,
Төрүндө бүгүн эне жок.

Энесиз үйдүн көркү жок,
Билбепмин эне кадырын.
Маңдайга бырыш бастырып,
Балам деп энем карыпсың.

Энемин, энеликти мен сездим,
Кечир эне аябай эзилдим.
Кадырыңды эне  кеч билип,
Туйдум мен эне сезимин.

## Айрылуу

Чын сөздү айтып  жалынам,
Чырпыгыңа  чалынам.
Баратып мен  жаныңан,
Кароодон абдан айбыгам.

Жаныңа өзүм  жалынам,
Ханымдай сага  багынам.
Чимирик болуп айланып,
Өтүп барам жаныңан.

Чыдамым жок  күтө албай,
Чындап сага түтө албай.
Ашыгып мен баратам,
Чырагым келчи нур айдай.

Жүрөк козгоп муңканып,
Үн салып  мага  ырдадың,
Ырың менен жыргадым.
Аралап жүрүп гүл багын.

## Обону сунган ырымсың

Берекем сен мага ай толук,
Түнүмө жарык сен болуп.
Сүйүүмдү кармай түбөлүк
Сүйүнүп бирге жүрөлүк.

Жылдызым бердиң, нур берген,
Өмүргө кошуп суу берген.
Болосуң мага сен мекен,
Жүрөгүм   кенен сен деген.

Ыраазымын күнүм нур чачтың,
Үйүнө жыпар гүл ачтың.
Ырахатка баткан бактым сен,
Сүйүүнү жүрөгүмө каттым.

Периштем менин ыйыгым,
Болосуң сен сыймыгым.
Күүлөнгөн комуз кылымсың,
Обону сунган ырымсың.

## Жашоодо ким жыргады

Жашоодо ким жыргады,
Өксүттүң көп ыйлады.
Кем болуп бактым тынбады,
Жашоого батпай кыйнады.

Бир кем дүнүйө,
Жетпешти жашоо түбүнө.

Арманда ким жыргады,
Айласы жок ырдады.

Сүйүүдөн ооруп көп адам,
Өмүрүндө жаңылган.
Байлыгы бар кызыксыз,
Баласы жок арманда.
Бешенесине жазылган.

Жалгыз жашап калганда,
Арман менен күн сүрүп,
Жашоодо болот жалгыздык,
Келбесин  башка карылык.

Келди башка алсыздык,
Тагдырына таарынып.
Майыбы бар дарты бар,
Жашоодо күйгөн көбү бар.

Жаманы бар, жакшы бар,
Оңу да бар, терси бар.
Анын барын көтөргөн,
Сабырдуу менин элим бар.

## Коштошордо дүйнө менен акырын

Жашаймын дайым сени эстеп,
Жүрөгүмө өзүң белек деп.
Жашоону сүрөм  сени ойлоп,
Жүрөгүм согот өзүң деп,
Аялуу сезим козгоп.
Күйүттө жашайм арманда,

Жарысың башка бирөөнүн,
Сүйүүдөн өзүм түгөндүм,
Башканын болуп түгөйү.

Суктанам сенин жашооңо,
Бактылуу кылдың башканы.
Жарыкка  өзүм батамбы,
Жетпей сага калганга.
Жалгыз болуп каламбы,
Азгырып алып өзүмдү,
Таштап койдуң мага азап,
Таштап коюп сүйүүмдү,
Жашка салдың мага азап,
Жакшысы барбы адамзат.
Жүрөккө дары бергенге,
Жары болуп келгенге.
Ачылар бир күн пешене.
Үмүтүм бар Теңирге.

## Жүрөгүңдү өзүмөн бекитесиң

Жарыңды жаныңа ээрчитесиң,
Көзүмчө маңдайынан сылап алып.
Сөзүң менен бир башкача ээритесиң.
А жүрөгүңдү өзүмөн бекитесиң,
Сүйбөймүн деп сен мени кейитип.
Көргөндө өзүмөн жийиркенемин,
Гүлдү сунсам өзүмө жеткиресиң.
Алоолонгон жүрөгүмдү өрттөп кетип,
Сапырдың да жашоому сен таалага.
Шашам дайым жанына мен барганга,
Жүрөгүмдүн ачкычын алайын деп.

Сен бербедиң жүрөгүмдүн ачкычын,
Сүйүүдөн мен алсызмын, жалгызмын,
Багым үчүн жашоомдо карызсың,
Акыры бир күн өзүң да карыйсын.
Күнөөңдү бир кезекте эстээрсин,
Коштошордо дүйнө менен акырын...

## Тоо булак

Түрлүү булак түс булак,
Тирүүлөргө күч сунат.
Элиме сунат өмүрдү,
Булагымда күч турат.

Канатым жайып күч берип,
Деңиз кылдың жеримди.
Көбөйтүп жерге сууларды,
Эгиз кылдым элиңди.

Көлдөтүп сууңду сен сунуп,
Тегиз кылдың жеримди.
Мөлтүр тунук булактан,
Балдай ширин уурттадым.

Даарыңды сундуң элиме,
Дартына шыпаа дем берип.
Булагым сен деп куунадым,
Өзүмө өмүр уладым.

Кайгымды сага айтканда,
Көңүлүмдү  куунаттың.
Бийлеп мага шарактап,
Өмүрүмдү зуулаттың.

Даамыңан берип соороттуп,
Кайгымды дароо сен бастың.
Сырымды айтсам мөлтүрөп,
Ичиңе баарын сен каттың.
Кабыл кылып тилегим,
Ишенич болуп бересиң.

Сууң менен бак көктөп,
Сууң менен дарттар айыгат.
Сен менен жерим жашарып,
Суунду сатып байышат.

## Кыргыздын салты

Кыргызым нечен салты бар,
Сыймыктантат, ыйлатат.
Жокту кыйнап күч берип,
Катардан чыгат салт үчүн,
Таза адамды оорутуп,
Шайын алды кээсинин.
Колдо жокту кыйнатат.
Салт күчөп жерди теминдиң,
Байлыктарды жедирдин.
Кедей-байды сен кошуп,
Эңиштирип ортодо,
Кемсинтпей сөздү күйдүрүп,
Тебиштирдиң ой тобоо,
Карабайсын  бар-жокко,
Жашооңду буруп жомокко,
Сууруп алып, өзүң жок,
Атаандашып күйдүм чок,
Токтоткунуң салтыңды,

Тоскоол болбо жокторго.
Той болсо ый да кошулат,
Бар жокту бөлүп ортодо,
Колдо жокту бөлүп ортодо.
Колдо жокту сүрүшүп,
Чайды сунбай түртүшүп,
Ыйлатышат канчасын.
Байды сыйлап ортодо,
Олтургузуп  ордого,
Буйрубайт сага босого,
Тоюшуп тойдо бозого,
Талашып алат акчасын,
Себетти өтө ашырып,
Колдо жокту кыйнап качырып,
Байдын күнү той экен.
Жокчулукка ой экен,
Колдо жогуң той кылса,
Колдобойсуң кемсинтип,
Адамбыз го жардам бер,
Барар жериң кара жер.
Кедейден чыгат кара тер,
Кызматты кылат маңдай тер,
Насип болсун жакшылык.
Жаратканым колдой бер.
Кедей байга тамшанат,
Той кылса ага жарашат,
Жокчулук кыйнап аларды,
Колунда барды карашат.
Жардам берер эч ким жок,
Үмүт кылат байлардан,
Жомок күнүн элестеп,
Олтурушат күн эстеп.
Жүрөктөр согот дирилдеп,
Байлыктан мага бериң деп,

Салт айынан тепсенет.
Тыйуу барбы салттарга,
Жыйуу барбы чачканга,
Аша чачпа адашпа,
Жардам бергин майыпка,
Айланасын кайыпка.
Сообун алгын жашоодо,
Келтиргиниң ой тобо,
Салттан салтты ашырбай,
Өз салтыңы жолдосо,
Кыргыз нарктуу болбойбу.
Каада-салтты колдойлу,
Каадасы ашты болбойлу.
Кыргызым өсүп - өнүгүп,
Каадасы менен тойлойлу.
Улуттун уучу эр менен,
Улутум кыргыз жер менен.
Элиме берсин ынтымак,
Эмгектенгин тер менен.

# Азабы болот чет элдин

Тилине кирип бирөөнүн,
Кетем өзүм алыска.
Өз элимди мен таштап,
Тууганыман адашып,
Жашоом менен алышып,
Ойлонбой кеттим таалага,
Кордук күн келди башыма.
Кыйнады го чет элим,
Азапты салып башыма.
Жээрге наным калбады,
Железден жашоом арманбы,
Жардам берер чыгабы,
Кыйналдым го ачкадан,
Кур калдым го акчадан.
Барган сайын мен ооруп,
Кыйынчылык торуду.
Жашоого белим жоруду,
Жокчулук кыйнап өзүмдү,
Жүрөгүм абдан ооруду.
Өз элге качан жетем деп.
Биз экен боорукер кыргызым.
Кадырын билдим алыста,
Айланайын калкым деп,
Миң мертебе айттым да.
Мен уккам адам жанда жок,
Айткан менен пайда жок,
Алсызмын турам чет элде,
Көрө турган пешене.
Кайырчы  болуп суранам,
Акча берсе кубанам,
Жокчулуктан уурданам,

Курсак үчүн кылмышка,
Бардым мен,алсызмын.
Күнөөлүү болдум тойлордо,
Кылбаганым калбады,
Милиционер кармады.
Кордоп мени урушуп,
Кетээрге аргам калбады.
Күнөөмдү үйдү башыма,
Жардам берер эч ким жок,
Кудайдын кандай салганы.
Кетейин десем сом таппай,
Азабы өттү чет элдин,
Жалгыздыгым  билинди.
Же таппай жылуу кийимди,
Кабыргам менин сөгүлдү.
Жокчулук алды белимди,
Орусчадан тил билбей,
Окубаганым билинди.
Тагдырым жаман зарыкты,
Өз элден келип иш издеп,
Айланып калдым карыпка.
Жаман жолго ал буруп,
Акылымды жоготту,
Алоолонтуп жашоомду.
Апамдын нанын сагындым,
Жүрөгүмдө энекем,
Жүрө берип карыдым.
Элим болгун сен эсен
Кыргыз жерден качпагын,
Чет өлкөгө барбагын.
Токойу кооз багы бар,
Кыргыз жерим татына.
Эмгек менен гүлдөткүн,
Жетип анын баркына.

# Жолболду

Энеге буйруп уул берди,
Кошулуп күүсү жанында.
Жоругу деле башкача,
Дастаны сонун тыңшачы,
Даалайга атын чыгарды.
Чыгаан чыгаан ыр жазды,
Чыйралтты элге дем берди,
Чыгармасы канчаны.
Тору ат минип Жолболду,
Тоодон белден жол ашты.
Колго алып комузун,
Чолпонум деп какшады.
Чочутуп канча келинди,
Жүрөктөрүн козгоду.
Сүйөмүн деп Чолпонду,
Чолпондун жолу оңолду.
Чочугандай Жолболду,
Ак таңдай дастан төбөлү
Атагы чыгып кыргызга,
Айланды го жылдызга.
Тарыхта калат аттары,
Дастанга өзүн таптады.
Көөдөнгө талант батпады,
Жолболду акем ырдаса,
Канчасы көзүн жаштады.
Жолуга  албай кезинде.
Жүрөгү канча какшады,
Жашасын ушундай акындар
Кыргыз жерин көтөргөн.
Комузду колго алганда,
Демиме демди даресиң.

Күүлөнгөндө комузуң,
Күйүттөрдү жоготот,
Ырың менен эс алып,
Кубат болдуң элиме.
Төрөлсүн сендей акындар.
Өнөрүңдү улантсын,
Өчпөсүн изиң тарыхта,
Элим сени баркташат,
Ырларыңа суктанып,
Ырахатка батышат.
Айтып бүткүс дастаның,
Ырларыңды мактаймын.
Өчпөсүн сенин калемиң,
Үзүбөсүн комуз кылдарың,
Комузун сага күч берип,
Теңириме күч келсин.
Мартабаң ашып Жолболду
Элиңдин тийсин батасы.

# Жүрөгүмдө жашайсын

Өмүр бою эзилип,
Өтөм сага берилип.
Өчүрө албайм сезимди,
Көчүрө албайм сүйүүмдү.
Жүрөккө сактап жүрөмүн,
Махабат, ышкы  демимди.
Сен деп өзүм өтөмүн.
Жол карап сени күтөмүн.
Чын сүйүүм сага сезилди.
Үшкүрүк келди башыма,
Бербеди сүйүү багыма,
Сүйөм деп сага билдирдим,
Кабары жаман сөз айттың,
Чыкчуудай жүрөк кабынан,
Укканда күйүткө мен баттым.
Ашыктык тартып азабын,
Алдастап мен жабыгам.
Сүйбөсөң да сүйүүмдү,
Билгиздиң да, бул сыймык,
Жүрөгүмдө жашайсын,
Билбесең да баалаймын.
Болот мага ушул күн,
Аман болуп сен жүргүн.
Көңүлүмдөсүн ардайым.

## Жашоонун кечкин аралын

Өзүңдү сүйүп кыйналдым,
Уйкум качып түн кезип, ыйладым.
Күйүткө  батып, жаш кезде,
Сүйүүмдү билсең сыйладым.

Сообуна калдың адамдын,
Соолуган гүлдү өстүрүп.
Жүрөккө сезим кондуруп,
Өзүңө тарттың сүйдүрүп.

Сүйкүмдүүсүң баарына,
Жагат сенин жамалын.
Кудайым өзү жараткан,
Жашоонун кечкин аралын.

Ырларды жаздың жыйнагын,
Окуп жатып кыйналдым.
Жүрөгүмдө сезим козгогон,
Ырым менен сырдаштым.

Жүрөгүмө түшүнүп,
Ойлонуп турам күтүнүп.
Кеч калыпмын жетпедим,
Олтурам ойдо ич күйүп.

Өз жарың сага бактылуу,
Сырларым сага катылуу.
Оозуңан чыккан шамалың,
Сыр айтансыйт аярлуу.

Сенин баскан кадамың,
Топурак учтап ыйлаймын.
Кудай сүйгөн адамды,
Сүйгөн адам бактылуу.

Жүрөктүү адам жар болот,
Кадырын билген бар болот.
Кудайым өзү колдосо,
Жаратканын хан кылат.

Көз жашың жамгыр төкпөгүн,
Кайгырып көңүл чөкпөгүң.
Кызы болдуң өлкөнүн,
Өсө берсин өркөнүң.

## Алыстан ай шооласы көрүнөт

Жарыгы жаркып нур тамып,
Алыстан ай шооласы көрүнөт.
Караңгы түн ороп баш багып,
Бир заматта көктө айым көрүнөт.

Берилди жүрөктөрүм айга бөлүнүп,
Чырак болуп караңгыда сен жарык.
Турдуң сен бир убакта нурданып,
Берип сен жашоомо гүл азык.

Караңгыда жарык чачып ай турса,
Кубаттанат кутман элим бапырап.
Дем берип канчаларга күч сунса,
Жашоо агымы алга карай шаштырат.

Түндүн сулуу көркү сен, нуруң чачып,
Булут калкыйт, кээде шашып, кээде ачык.
Сезимден сүйүү изин издегендей,
Тоо башы көк асманга сырын айтып.

Ааламды доорду сүрүп биз сени менен,
Сени менен сырдашат канат айым.
Сүйүүсүн билдиришет сезимдеги,
Бар бол айым, жашайбергин мени  менен.

Кабыл алып жаратканга жеткиресин,
Кайрылганда ыйлайт сага канчалар.
Сен жазасын сулуу нурлуу жүз менен,
Сени менен сырдашкандар көп чыгар.

Ай нуру ак сүйүүгө болду сырдаш,
Акындар сезим туйлап сүйүү ыр жаз.
Ишенер айы болуп, жары болдуң,
Алыстан айдын нуру көрүнөт,
Сени сүйүп жүрөгүм бөлүнөт.
Көрк бересиң, сен адамга ай сулуу.

Алыстан ай шооласы көрүнөт,
Ишенер туусу болуп адамга.
Ыйыксың, сырлуусуң жарыкта,
Нечен жашоо күн өткөрдүң тарыхта.

## Махабатка багындырып сезимди

Жылдыздарым бажырайт сен үчүн,
Ырахаттуу сүйүү сунам түнкү үчүн.
Ыразымын сени менен бул күнгө.
Шооланды чач, ай жылдызым бар күчүң.

Көзүнө жаркыган күн болоюн,
Жарыкта көңүл ачкан гүл болоюн.
Махабатка багындырып сезимди,
Тууруңа ар убак мен коноюн.

Дайрадай сүйүүм албуттап агылып,
Толкундары тамчы болуп чачылат.
Сууларымда биз экөөбүз тагдырлаш,
Толкун уруп бирде калып басылат.

Деңиздеги байлыктарым сеники,
Кереметтүү асыл ташты сунамын.
Кереги жок байлыктарым таштарым,
Сен керексин өзүң асыл кумарым.

Балык болуп туйласаң, суу болоюн өзүңө,
Жүрөгүмдү сурасаң, сага сунам өмүрүмдү.
Бир өзүңдү алпештейиин көңүлдө,
Сенин жаның колумда, ыраа көрбөйм өлүмдү.

Менде жүрөк, жалгыз сен деп жазылган,
Адашпайлы бал турмуштун жолунда.
Бакты тилеп ээрчишели жан эркем,
Бизге берген балдарыңдын дооруна.

## Гүлдүн айтканы

Көпөлөк менен тааныштым,
Жактырып ага табыштым.
Кооз экенмин  мен сулуу,
Суктандырдым баарысын.

Чымчыгы келет жабышып,
Чокуп менин гүлүмдү.
Чокуп  алат боорумду,
Жалбырагым үзүлдү.

Канатымды сындырып,
Жытыма баары мас болуп.
Көрүнгөнү конушат,
Кайгырганда болушат.

Кызыктырып канчаны,
Белек болом көбүнө.
Жүрөктөрүм соктуруп,
Күчтүү кылам баланы.

Мени менен дем алат,
Мээримин сунат өзүмө.
Көз жашым төгүп агызып,
Жамгыр болот өмүргө.

Мен керекмин жашоодо,
Кайгы башка келгенде.
Үзүлөмүн соолуймун,
Өмүрү кыска гүл өзүм.

Бир күнгө гана керекмин,
Аткарылса сүйүүлөр.
Ыргытылып кетемин,
Көпөлөккө сыр айтып.

Азыгымды мен сунуп,
Аарыларга бал берип.
Ардактуу гүлмүн мен өзүм.
Сүйүүлөргө жан шерик.

Кыска экен өмүрүм,
Бажырайып гүл ачып.
Көтөрөм адам көңүлүн.
Козгоп ышкы сезимин.

## Жалгыздыктан күндөр өттү өзүң деп

Оорудум, абдан оорудум,
Кулу болдум ар ойдун.
Азапка салып көңүлдү,
Жүрөгүмдү сен тоорудуң.

Буулууктуруп сезимди,
Карадың сен башканы.
Алгандай менден кегиңди,
Ошол беле сага жакканы.

Бактылуу жары болдун башканын,
Анда неге сүйөмүн деп алдадың.
Оору кылып жүрөгүмдү боздотуп,
Алганындын колунан сен кармадың.

Таттым мен ачуу тузун турмуштун,
Жалгыздыктан күндөр өттү өзүң деп,
Сабыр кылып мен өзүмдү жоошуттум,
Санаа чегип азаптансам да өзүң деп.

Канатымды сындырдың душман сымал,
Жашоодо тирүүлүктө мен курманмын.
Бакыттын ыйын ууртатып алып,
Чын сүйүүдөн мен абдан куурадым.

Пешенем мынча оор болду,
Өткөрдүм татаал жолдорду.
Сүйүүдөн жолум болбостон,
Өчөштүү жүрөк толгонду.

Күнүм жок неге кыйнадың,
Азабын тартып ыйладым.
Карабай кетип сен мени,
Башка менен жыргадың.

Сүйүүдөн бир күн жыргайсың,
Качандыр  сен да ыйлайсың.
Бир күнү башка келгенде,
Сүйүүдөн сен да куурайсың.

## Майыптар

Жарыкка жаралдым, адам болуп,
Көкүрөктө ташып бугум толуп.
Жашоомдо дартым мени тороп,
Күн өткөрөм армандуу пенде болуп.

Мен майып, болдум карып,
Жарыгым болду мага кайып.
Дүйнө кучагын тосуп жайып,
Тузун сунду жашоом тарып.

Ата-энемдин жүзүн көргүм бар,
Чачын сылап, бетинен өпкүм келет.
Көрө албай арманда өлгүм бар,
Бир туугандын күлгөнүн көргүм келет.

Дүнүйөм караңгы сапырылат мен үчүн,
Жарыкка жаралдым, жабыгамын, эмне үчүн.
Нурун бербей, жашоом дайым караңгы түн,
Жаш каталбай ыйлап турам дале бүгүн.

Корком кээде эстегенде мен жашоомду,
Кор кылба дейм бирөөнүн кол алдында.
Зар болом жардамына кээ бирөөнүн,
Көзүмдү ач, нур салчы деп мен жалына.

Күнөөм жок, неге мындай адам болдум,
Өткөрдүм, жашоомду кайгы койду.
Жаралганга жашаганга өзүм тойдум,
Арылталбай мен өзүмөн кайгы ойду.

Укканымда чымчыктардын сайраганын,
Кандай куш болду экен деп байкабаймын.
Жан-жаныбар түстөрүн көргүм келет,
Жапжарык жашоону  өзүм дайым.

Кыз куумайга катышып чапкым келет,
Кара жорго бийине өзүм бийлеп.
Кыргыз салтын аткарып айткым келет,
Кыдырып дүйнөнү көргүм келет.

Суу көрүп жүзүмдү жуугум келет,
Чөмүлүп өзүм сүзүп мен балыктай,
Сүзгүм келет деңиздеги кайыктай,
Мен майыпмын кала берем айыкпай.

Элестетип ой менен жашаймын,
Кээде өзүм конуп алган айдаймын.
Элестетип  учак минип көктө мен,
Уча берем асманымда жайнаймын.

Суктанамын көзү көргөн балдарга,
Кошулуп алар менен ойногум бар.
Мен майыпмын, барган менен не пайда,
Көзүмдө караңгылык дайцым турар.

Аткан таң күндүн нурун көргүм келет,
Атам курган тамында жүргүм келет.
Апакемдин нандарын мен сагынамын,
Тамшанып тамактарын таткым келет.

Ууз берген  ак сүтүн актай алсам,
Сагынамын апакеми мен  урматтап.
Болбосун  мага окшош башкалар,
Гүлдөсүн бактылуу бала чак.

Жаратканым жараткының аман соо,
Суранам майып кылба башканы.
Жүрөгүмө чертилет кайгы кылы,
Жан кейитип, азаптуу күйүт ыры.

Мен дагы эне болгум келет,
Балдарымды колума эркелетип.
Маңдайынан шуулдата өпкүм келет,
Жытына жүрөгүмдү элжиретип.

## Аткан таң

Аткан таң ааламга ажайып нурду берди,
Кооз кылып бир керемет күлүп келди.
Гүл жайнап жыпар жытты буруксуп,
Жашыл тулаң тартып өзүнө тартып бизди.

Сергектикти тартууладың өзүмө,
Мени менен күн кошулуп өмүргө.
Күн бетине сүрөтүн тартып өзүм,
Берем сага буруп сени көңүлүмө.

Сени менен турдум сага суктанып,
Күн нуру таңдан узап кеткенче.
Күнүм менен бир күн кечке сырдашам,
Мен турам  күндү карап эрте-кечте.

Аткан таң шоола чачып турасың,
Адамдын мээримине нуруң төгүп.
Көз уялтып күнүм өзүңө бурасың,
Денемеп  кереметтүү күчүң берип.

Сен керексиң аткан таң жашоого,
Адамга эшик ачар босого.
Сени менен өмүр өтөт кошулуп,
Нечен таңдар өттү бул жашоодо.

Таң атып күндүн нуру чачылса,
Адамдын жан дүйнөсү таптаза.
Бороон болуп, куюн келип агылса,
Күн нуру көрүнбөй заматта,
Бороондой көңүлдөр кирдеген,
Дүрбөлөң түшүп адамга.

Адамды салат канча азапка
Биз көрбөйлү бороон шамал күндөрдү,
Аппак күндү өткөрөлү, түндөрдү
Аткан таң эч убакта кайгырба.

Сен менен күнүм болсун жанымда,
Күн нуру шоола берсең дайыма.
Таң жүзүн бороон-чапкын тоспосун,
Теңир берсин, караңгыдан баспасын.

Күндүн нурун сага сунгандай,
Жүзүң турду ажайып жаркырап.
Дайыма бакытка тунгандай,
Баркымды билсең дейм ар убак.

Ааламдын күчүн тарткандай,
Алладан тилеп тапкандай.
Көшүлүп сага баратам,
Сезбедиң сен аны арман ай.

## Сени сүйгөн бир гана жарың экен

Кадырым бар, мен таянам балдарга,
Күч аябай эне болом аларга.
Акыл берип, тарбиялап өстүрүп,
Мен кошомун балдарымды катарга.

Кеч болсо да,  сезерсиң үмүтүм бар,
Сүйүүң сенин  жүрөгүңдө жанып калар.
Мээрим төгүп күлүңдөп бир күнү,
Жараткан сүйүү отун сенде жагаар.

Жашоо кыска, жакшы сөз керек экен,
Өмүр жарың бир өзүңө белек экен.
Тирүүлүктө аны сен барктап алгын,
Сени сүйгөн бир гана жарың экен.

Ишенич бар, жашоомду сүйүнтөсүң,
Жаман ойду акыл менен күйгүзөсүң.
Жакшы ойлогун жашоодо жакшылык бар,
Мен күткөн асыл жарым үмүттөшүм.

Капалансак жүрөгүмдү өчүрбөгүн,
Каталдыкты жеңип өзүң түрткүлөгүн,
Сен сүйөсүң  деп өзүмдө  үмүттөнөм.
Акыл менен насаат айтып үгүттөгүн.

# Сени сүйдүм

Көргөндө сени сүйдүм өзүм,
Көз карашың сенин кара көзүң.
Сүйөм деп айткан сөзүң,
Баары менен элжиреттиң.

Сүйүү эшигин сен каккылап,
Көрсөттүң  бак эшигин ачып кирип.
Мөмө бердим, бала сунуп өзүңө,
Бак көгөрттүң кооз бир ажайып.

Жүрөгүмөн сүйүү күчүн тартуулайм,
Бак-даракты, шибер чөптү аралап.
Аба менен шамал менен кошо бийлеп,
Таза аба таалайыма баратам.

Көңүлүмдү ачамын сени ээлеп,
Кетпе жаным жүрөгүмдү жаралап.
Аска-зоого чыгып алып сен үчүн,
Бийигинде кыйкырамын мен бүгүн.

Энчи болгон сен мендиксин сүйүктүүм,
Ааламды жаңыртамын үнүм менен.
Бактым үчүн жазылган сен үмүтүм
Аалам укчу жаңыртамын сүйөм деп.

Аска-зоого жаңырыктуу үн менен,
Жаным билсең жашап келем сен үчүн.
Сага арнап жүрөгүмдөн гүл берем,
Арзуум менин, бул жашоодо үмүтүм.

# Сүйөм десең

Сүйөм десең кубат алам сөзүңөн,
Сүйүнтүп сүйдүргөн да өзүңөн.
Айжамалдуу айланайын карагым,
Сүйкүмдүүсүң эс аламын өзүңөн.

Даары экенсиң жашоомдо өмүр берген.
Даракмын сууңдан мен ичейин.
Тамырланам мен сенден кубаттанам,
Бой керип, көкөлөп өсөйүн.

Жүрөгүмдүн жарым жаны өзүңдө,
Жаш агызба, суранамын көзүмө.
Жаным ооруп, жабыкпайын,
Сүйөмүн, ишенчи менин сөзүмө.

Сүйөм деген сөзүң баалуу мен үчүн,
Табылгыс бул жашоодо, өмүрдө.
Сенсиз мага жашоо жок билип кой,
Сени сыйлайм, так салбагын көңүлгө.

Азгырылба азгырыкка өзгөгө,
Калп айтышат « сени гана сүйөм», деп,
Чимириле тегеренип турса да,
Ишенбе сен, анын баары болбогон кеп.

Улгаябыз, чачтарыбыз бубак басып,
Ошондо биз кадырыбызды билебиз.
Балдар үчүн жашап биз өмүрдө,
Бир бирибизге башыбызды иебиз.
Бул да болсо экөөбүздүн сыйбыз,
Сүйөм дегин, бирге жашап жүрөбүз.

## Таарындым

Таарындым сага, билбедиң менин сүйүүмдү,
Тагдырбы же, башкаларга жүгүрдүң,
Таарындым сага,  тар кылдың менин жолумду,
Тарыхта калам,тагдырыма күйүндүм.

Күтөмүн сени, талыкпай айтчы жообуңду,
Жүрөк сырым бошотчу менден торуңду.
Сүйөмүн, деп сурангым келип турса да,
Таарыныч басты, айткым келбеди оюмду.

Таарындым сага, жылдар өттү күтүүдөн,
Жалындым сага, сүйүүңдү билдир үзүлбөйм.
Татаал жашоо, тажаттыраар сени да,
Бошогон менен арман жаш агат көзүмөн.

## Сүйүү салгын жүрөгүмө толтуруп

Ээлеп алдың жүрөгүмдү өзүңө,
Сыйы болуп сен турасың төрүмдө.
Улуулардын бири болдуң көрүнө,
Суктандырып гүл ачылып көркүңө.

Ээси болдуң сүйүүмдүн булагы,
Ээрчишип биз жашоону улайлы.
Көөдөндөрдү ээлеп алып кубаныч,
Таркабасын сүйүүнүн кумары.

Жүрөгүмдө жалын жүрөт кошулуп,
Капа кылып кетпегиниң оолугуп.

Сезимдерим назиктигин билип кой,
Сүйүү салгын жүрөгүмө толтуруп.

Сени деп сүйүүгө мен чөмүлдүм,
Сүйдүрдүң көзүмө сен көрүндүң.
Жашоомо ышкы отун жандырып,
Өтсө дейм сен менен бүт өмүрүм.

Аккан жаш дайрага айланды,
Малынып денем сууларга.
Кандырса дейм сүйүүмдү,
Жан жыргаткан кумарга.

Сен үчүн кечем терең сууларды,
Албууттанган толкунуна карабай.
Башкалардан издебейм мен жыргалды,
Көктөгү ай болсо да санабай.

## Күлүп койсоң

Сырдашым болдуң өзүмдүн,
Ажары жанып көзүмдүн.
Жеңилдеп алам өзүмөн,
Балын татсам сөзүңдүн.

Көтөрдүм  сенин атыңды
Бааладың менин даңкымды.
Сезимди сен козгосоң,
Жазаар элем жарпыңды.

Сени менен кубаттанам,
Перидей күлпурасың.

Карап бир тынчыйт санам,
Гүлдөй болуп буркурайсың.
Көлдө сүзгөн аккуу сымал,
Көлкүлдөп кулпурасың.

Жагымдуу күлкүлөрүң,
Сезимге ышкы салды.
Көңүлдүн  тамчылары,
Сүйүүдөй мөлтүрөдү.
Тагырдын татаалдыгын,
Сүйүүлөр кечиреби.
Назданып күлүп койсоң,
Жүрөгүм элжиреди.

## Ишенерим сен элең

Санаага мени  батырдың,
Кайгыга  салып, алсызмын.
Көзүмдөн жаш агызып,
Жүрөгүмдү катырдың.

Ишенерим  сен  элең,
Ишеничти кетирдиң.
Ийилсең мен ийилем,
Берекем эми сен билгин.

Сен үчүн оору ашырдым,
Аясаң боло  өзүмдү.
Сүйбөсөң да жактырдым,
Жалооруп карап көзүңдү.

Чырагымды өчүрбө,
Үйүмдө турсун жаркытып.

Жүрөгүмдү өрттөбө,
Жалбырттап күйүп кетпесин.

Даамдап көрчү бал болом,
Багымдан булбул кетпесин.
Даярмын баарына,
Коломто отум өчпөсүн.

Сүйүп койчу суранам,
Айбыгып жанып өтпөсүн.
Байлыкты сенден сурабайм,
Өмүрүм текке кетпесин.
Бар эле мага убадаң,
Сүйдүрсөң мени кубанам.

## Ааламдын жарыгы сен болуп

Ааламдын жарыгы сен болуп,
Ай турат сага нур конуп,
Жылдыздар көктө жалжылдап,
Чырактай жанат балбылдап.

Күчүң укмуш бир жансың,
Багыңда булбул сайрады.
Буулуккан жанды жыргатып,
Багыңда гүлдөр жайнады.

Адамга жасап канатты,
Көкөлөп көктө баратты.
От салып коюп жүрөккө,
Сезимге сүйүү жаратты.

Өрттөнсөң суудан себейин,
Сен үчүн жанды берейин.
Оомат берсин кудайым,
Оолуксаң тизгин болоюн,

Жарыгыңа жалынам,
Караңгыда калтырба.
Нуруңдан мага бөлүшчү,
Күн болуп мага жаркыра.

## Калдымбы сага байланып

Таптакыр сенден кете албайм,
Өмүрдүн сен азыгы.
Сермесем колум жете албайм,
Жашоомдун  сен жарыгы.

Жүрөктү берем, сурап ал,
Кааласаң муштап, уруп ал.
Сүйөмүн жашап чыдаймын,
Сен үчүн жаным кыярмын.

Күүлөнөт жүрөк сага деп,
Уя болчу жаныма.
Урушсаң да көтөрөм,
Жубай болчу жанымда.

Куусаң да, кетпейм жашоодон,
Кудайым берсе мага өмүр.
Өчүрбөй отту үйүңдөн,
Сен үчүн  бурам  мен көңүл.

Кызып жүрөк шашылат,
Сүйүүм сага ашыгат.
Кучагыңа батырып,
Сүйөмүн деген сөзүң айт.

Өмүрдү сүрөм сен менен,
Өстүрөм мен бутакты.
Булбулу болуп багыңдын,
Көңүлүң ачып сайрайын.
Кулпуртуп жашоо куракты.

Көл болуп сага агамын,
Кучагымды жаямын.
Шаркыраган дайрамын,
Суу ташкындап жаямын.

Караңгыда мен айдаймын,
Жамандыкка барбаймын.
Жылдыз болуп жайнаймын,
Шаңданып сага барайын.

Ырыскымды жайамын,
Сенден бала табамын.
Акыл берип сыйлашып,
Ата доорун сунамын.

# Майып адамдын сүйгөнү

Кыйналганда неге сезбедиң,
Сени күтсөм өзүң келбедиң.
Жубайыңды мага көрсөтүп,
Жүрөгүмдү мынча өрттөдүң.

Тамшанамын сенин жашооңо,
Айталбаймын сага мен барып.
Жете албай  сенин өзүңө,
Баш ийип, турам мен карып.

Сүйүү күчү жүрөктө жанат,
Күндөр өтөт өмүрлөр элес.
Жүрөк күчтүү сүйүүнү күтөт,
Мен майыпмын сага тең эмес.

Үмүтүм бар, багыма жетпес,
Сүйүүлөрүм менден узады.
Ден соолугум сезимден өчпөс,
Тең тени деп жүрөк сыздады.

Чындык экен эл арасында,
Көз салган майып адамга.
Мен да күтөм өзүмө окшош,
Теңимди бир күн тапканга.

Жүрөгүмдү сен эздиң,
Айтамын сага чын сөзүм.
Алыстады менен жүрөгүм,
Мынча мени жүдөттүң.

Кызганыч менен күн өттү,
Майыптык мени жүдөттү,
Жалгыздыктан демим буулугуп,
Кыйнады сүйүүм жүрөктү.

Сүйүнүчтөр кетти кай жакка,
Арман курчап салып азапка.
Жаралганга  намыстанам,
Оорум себеп жетпедим жарга.

Тең көрбөдү сүйгөнүм мени,
Теңирим деп ыйлап күн өттү.
Жүрөгүмдү сүйүү  куйкалап,
Бул тагдырым мени жүдөттү.

Уктабастан алпурушуп түн менен,
Жашап келет кайгы сен менен.
Бул турмуштан үмүт үзбөймүн,
Сүйүүм күтүп, жүрөк дегдеген.

Мезгил күтпөй өтсө көп өмүр,
Аткан таңдан ак сүйүүнү издеймин.
Сүйдүм, бирок  калып көңүл,
Оору күчөп, тилегиме жетпеймин.

Билбейм  ойлор мынча неге шашылат,
Барган сайын оору күчөп каттуулап.
Кеттиң жаным, мени таштап неге сен,
Наристелик сезимдерим булкунат.

Баш кошуп кетсең дагы бирөө менен,
Сага арнап ырларымды жаза берем.

# Кытайдан кайткан назик кыз

Кытайдын чайы демделип,
Жүрөгүмө дем берди.
Күч алдың кытай гүлүнөн,
Кубат алдым мен өзүңөн.

Кооздугу сонун өлкөнүн,
Пайдасын алдым кытайдын.
Сезимим толуп өзгөрдүм,
Буйурган күнүн шүгүр деп.

Сулуу шаары кытайдын,
Илимди берген жашоодо.
Сөздөрү мага дем берип,
Сүйүндүм өзүм жашоомо.

Көргөндө сага суктандым,
Назданып өзгө сен тарттың.
Жарыңын сага жарым деп,
Сүйүү сөзүң күч алттым.

Сен бар, мен бар жаным деп,
Сезимиң мага күч айттың.
Кызганычтар уланып,
Кызыктым жаным назик кыз.

Суулусун жердин кыдырып,
Сезимди колдоп күч арттым.

## Ак сүйүүнүн аты улуу

Ажарлуу чырайыңа ашыгам,
Туңгуюкка сүйөөрүмдү жашырам.
Жанарым өзүңө кубандым,
Жүрөгүм ушундай дейт улам.

Азгырылып ак сүйүүнүн табынан,
Жарыгың бир өзүңө нур чачты.
Өрттөлдүм  жалындын табынан,
Жалын менен  сүйүүгө жол ачты.

Сүйөмүн бактылуумун өзүм бүгүн.
Кулагымда жаңырып турат  күлкүн.
Азабыңа кайыл болуп баратам,
Сүйүүгө сыйкырланып бүткүл тулкум.

Назиктигиң балкытат го денемди,
Наздантып акылымды ээледи.
Кучагыңа оронгонго шашылам,
Ой сезимим менин эрким бербеди.

Өзүң менен өмүр бою бактылуу,
Жүрөгүмө купуя сыр катылуу.
Багындырып бүт туйгуумду тушаган,
Ошон үчүн ак сүйүүнүн аты улуу!

## Ойлорум

Ачылган гүлдөй жайнайсың,
Шooласын сунган айдайсың.
Издедим  өзүң таппадым,
Издетип өзүң  кайдасың.
Жетпедим өзүм алыста,
Ай тоском сенин жаныңда.
Чолпонумсун айымдын,
Жылдыздар сага багынса.

Айымдын нурун тартасың,
Ишенер жылдыз сен болуп.
Миң жылдыздан бөлүнүп,
Чолпон жылдыздай көрүнүп.

Бүркөлсө асман кокустан,
Жашынасың кай жакта.
Табалбай жылдыз кана, деп
Ойлорум учат ай жакка.

## Сен дедим

Эстейм, эстейм сенден кетпейм,
Маңдайымда жазган бактым.
Тагдырымды жаман дебейм,
Балдарымды сенден таптым.

Эркелеймин эрмегимсиң,
Таянарым сен керексиң.

Таалим алдым өзүңдөн,
Балдарыма белексиң.

Сезимдерим сен деп учат,
Жүрөктөрүм берилген.
Жаным сен, деп турат,
Ак маралдай керилген.

Керексиң сен жаным ооруганда,
Болосуң сен мага дары.
Кабак ачып күлкү сунганда,
Тарайт капалыктын баары.

## Жарыма

Төрүм толуп, өзүң барда кут болуп,
Тагдыр буюруп жаным жуп болуп.
Бактылуумун байыр алган ордомо,
Бакыт болуп балдарым бар үй толуп.

Таазим этем ардагым жанымда,
Баш ийемин сени сыйлап жаныңда.
Мен үчүн сен бир падышам,
Буйругуңду аткарайын дайыма.

Кандай жансың, кактап туруп жалынга,
Тартып алып, өз боюңа таштадың.
Аллах буйруп насип кылган тагдырга,
Ыраазымын табыштырган бактыма.

Бурулуп сага келдим, бир заматта,
Буралган мен шамалдай учуп, конуп.

Буулугуп сага жеттим, бир убакта,
Баштаган ырларымды жазбай толук.

Аткарамын сөзүңдү кулдук кылам,
Тегеренем, коргойм басам -турсам.
Теңирим көңүл бурсун, сактасын, деп
Өзү барсын жанымда коргоп турам.

## Бактымды мага бердиң

Кайрылып сага келем,
Балалыгымды сага бердим.
Турмушту өзүм жеңдим,
Бактымды мага бердиң.

Балдарым бармым дедим,
Баарын жалгыз жеңдим.
Бал турмуш ырахатын
Таптаттуу балын бердиң.

Сыйладым мен көңүл бөлүп,
Сен да мени сыйга бөлөп.
Жашоодо жөлөк болдуң,
А мен сага көмөк болдум.

## Гүлдүн жытын сунайын

Кабакты салсаң кайгырам,
Күлсөңчү деп жалынам.
Сен күлсөң мен да жазылам.
Кете албай таалай багынан.

Күлсөңчү өзүң суранам,
Кайгырсаң күйүп туралбайм.
Ажаарың сулуу өзгөчө,
Жайнасаң сүйүп кубанам.

Тамаша менен мени гүлдүрчү
Жайнаган жар болом жаныңда,
Экөөбүз бирге жүргүнчү,
Барктайлы сүйүү барында.

Гүлдөн десте сунайын,
Сүйүүңдү бер, деп сурайын
Сүйүндүрүп өзүңдү,
Мен болоюн жубайың.

Жайнаган жарсың кубанам,
Кетпечи жаным суранам.
Тиленип сени кудайдан,
Чыгайын дейм кумардан.

Турмушум сенсиң кулпурган,
Көздөрүң жанып тулкуңдан.
Жароокер жарым жашоодо,
Сага арнап кызыл гүл сунам.

Жүрөктө бакыт, гүл өнүп,
Тагдырда чогуу түбөлүк.
Өмүрдө дайым бир болуп,
Бактылуу күндү сүрөлүк.

Ородуң мени сүйүүгө,
Бактылуу кылып сүйүнттүң.
Сүйүүңдү чачып өзүмө,
Кадырлуу кылып жүгүнттүң.

Жазылып сага ачылам,
Жүрөгүм сага багынган.
Жүрөгүм сен деп толукшуйт,
Сүйүүнүн оту жагылган.

## Бийлегим келет сен менен

Бийлегим келет сен менен,
Бийлөөнү жүрөк дегдеген.
Билсеңчи менин сүйүүмдү,
Билгизип  койдум көз менен.

Колуман кармап арбагын,
Белимден кармап ардагым.
Бийлесең өзүң даярмын.
Ийилип сага барамын.

Сырымды сага айтайын,
Ыраазы кылып кайтайын.
Ыргалып бийлеп жаныңда,
Рахматымды айтайын.

Бийлегим келди бийлегим,
Бийлериң жакты билбепмин.
Кучагыңда эркелеп,
Жүрөгүм менен бийледим.

Жамалыңа арбала тартылдым,
Көз менен көз арбашып.
Отунда калдым жалындын,
Боюма боюң жарашып.

Көңүлүм өсүп шат кылдым,
Дарылап сезим албырган.
Чеги жок болду бактымдын,
Сүйүү отун жандырган.

Бир укмуш бийлеп жатканда,
Учкандай болдум асманга.

Толкундар менен жарышып,
Таалайдын нуру жангандай,
Таң болуп турдун аткандай.
Күн шооласы чачкандай.

## Бактылуу жанмын сен менен

Ырдагым келет сен менен,
Ырларды жазып мен келем.
Ыргалып сенин жаныңда,
Ырдап бир өзүм термелем.
Сүйөмүн жарым, деп ырдаймын,
Сүйүнтүп сени ыргалттым.
Күн болгун мага нурдайым,
Сүйүүм менен кубанттым.

Ыр ырдап сага жалынам,
Сүйүп сени сага жагынам.
Жүрөгүм түбү түрсүлдөп,
Чыккандай болот кабынан.

Билдирчи мага сүйүүңдү,
Бажырайган сулуу көзүңдү
Жүрөгүм калсын толкундап,
Кубаныч чайып жүзүмдү.

Талант шыгым термеген,
Жүрөккө тынчтык бербеген,
Балкытып жашоо балына,
Бактылуу жанмын сен менен.

Ыр жазып талант таптадым,
Сен менен мөмө шактадым.
Айтып бүтпөс ыр менен,
Көңүлүм толкуп батпадым.

## Сайраса чымчык

Чымчыгым сайрап турса багымда,
Эс алдырат, чарчоо жанды кандырат.
Сайрап турса сүйүнөм,
Уйку басып магдырап.

Суктанып чымчыгымды,
Карай берем жалдырап,
Каалабаймын жамандыкты,
Чымчыгымды асырап.

Сунбасын бутак шагым деп,
Дарагымды караймын,
Бутакка чымчык консун деп,
Сайраганын самаймын.

Сайрап турса чымчыгым,
Чыңала түшөт беттерим.
Кошо ырдап ал менен,
Керемет кезим эстедим.

Таңда туруп сайраса,
Эс алган адам мен болом.
Мен болом чымчык үнүнө,
Сайраганга суктанып,
Уккум келет күнүгө.

## Согот бирге жүрөгүм

Бул ааламда жалгыз сен деп келемин,
Сүйүүм күчтүү тоскоолдукту жеңемин.
Алдейлеген жүрөгүмдүн түбүндө,
Барсың сен аны өзүм билемин.

Жашоо сунам сен кабыл алгын,
Жүрөк соксо жаным, сабыр кылгын.
Бир өмүрдү улап, тамырлагын,
Туяк сунам сага жаным алтын.

Кубат алам сенден, билип алгын,
Кудуретиң күчтүү экен сезип турам.
Сен сүйөсүң билем, дилге салдың,
Көөдөнүмдө мунун баарын сезип туям.

Тирүү турсам сени башкага бербеймин,
Орун алган жүрөгүмдө өзүңсүң.
Сезсең эгер сезимиңди ээлеймин,
Карегимде жанып турган көзүмсүң.

## Жакшы жансың жалгыз мага табылган

Бир көргөндө сүйүп калдым өзүңдү,
Мени тартып арбап алган өзүңбү?!
Кубанычым жүрөгүмдү ээледи,
Жактырып сенин кара көзүңдү.

Жылмайдың кантип мени арбадың,
Жүрөгүмдөн жалгыс сени тандадым.
Жүрөк согот делбе кылып сезимди,
Эске салат сени сүйгөн кезимди.

Бар үмүтүм жашоом сага арбадым,
Чертип мен  жүрөгүмдүн кылдарын.
Жактырдың ак сүйүүмдү бапестеп,
Калды ичимде катылган сырларым.

Белек кылдың тунук, сулуу махабат,
Көөдөндөрдү аруу сезим уялап.
Жүрөгүмө сени сүйүп батырам,
Сүйөмүн мен, чыгардым ушул тыянак.

Бул дүйнөдө мен өзүңдү жактырам,
Канат күүлөп, сага карай талпынам.
Сүйсөң болду башка нерсе сурабайм,
Жакшы жансын жалгыз мага табылган.

## Табийгаттын шамалы

Аалам сырлар мени менен катылган,
Күч сүйүүнү жүрөгүмө батырам.
Толкундарын шамалдарын күүлөнткөн.
Арбап мени сүйүүгө  чакырган.

Сүйүүнүн күүлөрүнө магдырайм,
Жарымды сүйүп сага жалдырайм.
Сени сүйүп, улуу жолдо баратам,
Ыр жазыпмын, дептеримди карасам.

Ай жылдызым жарык болуп жуурулуп,
Нурун төгүп, күч салыптыр жүрөккө.
Караңгыдан күнүм чыгат суурулуп,
Жарык чачып келаткандай түнөккө.

Булуттарым коргоп мени калкалай,
Жамгыр сунуп жүрөгүмө күч артат.
Жабышып шамал келип сылагылай,
Сүйүнүчтү сүйүнчүлөп ыйлатат.

## Күнүмдү сага арнайм

Жашоомду сага арнайм,
Жан эркем кубандырып,
Көздөрүңө көзүм кадайм,
Жароокерим суктандырып.

Өмүрдү сага арнайм,
Күнүмдү куштар кылып.

Сүйүүңдү өзүм баалайм,
Эргүүгө шыктандырып.

Сүйүнтүп сени жашайм,
Кайгыңды тең бөлүшүп.
Жашоодо биргемин мен,
Жүрөктү күүлөндүрүп.

Баламды сага арнайм,
Бакытка сени бөлөп.
Байдөөлөт атак алып,
Жанымда жүргүн аман.

Күнүмдү сага арнайм,
Сырымды сага айтып.
Өмүрдү сага сунам,
Бооронду сенден тартып.

Калкалап кааран болуп,
Колуңа куш боломун.
Бакытты багындырып,
Өзүңө кут боломун.

Арнаймын өмүрүмдү,
Ачкының көңүлүмдү.
Ажарлуу жарымсын сен,
Ачкычы түбөлүктүү.

## Караңгыда мен болоюн сага жарык

Боорон-куюн, ташкындарды сенден тосом,
Тоскоолдуктар кыйнаса бөгөт коюп.
Тоо болуп мен ошондо үйүлөйүн,
Туш келген кыйынчылыкты жолдон торуп.

Күн нуруна көлөкө өзүм болуп,
Күйгүзбөй сени  ысыктан корголоюн.
Чагылган чартылдаса сактап калып,
Жамгырдан калкалаган чатыр болуп,
Душмандан корголоон бел болоюн.

Ааламга  сүйүү гүлүн жайнатайын,
Эс алдырган жыттары буркурасын.
Караңгыда жарык болуп калкалайын,
Ай нуру сага карай жаркырасын.

Күн батып, булуттарга жашырынса,
Жапжарык нур болоюн маңдайыңда.
Жылдыздар тээ көктө жаркыраса,
Жерде мен жылдыздай жанайын да.

Бажырайып, шооламды чачайын да,
Жанар  тоо болуп бийиктеги,
Өйдөлөп  жогору барайын да,
Эс алганга жел болоюн жазып черди.

Жыпар жыттуу гүл болоюн көңүлдөгү,
Чаңкаганда суу болоюн чарчоо жазган.
Чарчасаң күч болоюн бекем белиңдеги,
Куш болоюн сага карай канат жайган.

Төшөлөйүн жериңе жаздык болуп,
Эс алдырып өзүңдү магдыраткан.
Куш уйкуда уктагын көшүлүп сен,
Ак таң болуп кирейин терезеңден

Бал болоюн чайыңа  куюп ичкен,
Мүрөк болуп өмүрүңдү узартайын.
Жар болоюн жаныңда жагынып мен,
Сүйүүм менен жашооңду кубантайын.

## Кызганып койчу

Сени сүйдүм неге мени сезбедиң,
Сезимдерди оорутасын тилдедиң.
Сүйөм деп ооруп келсем байкабай,
Урушасын жүрөгүмдү аябай.

Сен дегенде отко күйдүм, бөлөндүм,
Сүйүп жүрүп жүрөгүм менин ооруду.
Азгырыктар көңүлүмдү чөгөрүп,
Жүрөгүмдү калкан болуп тооруду.

Меникисиң өзүм жеңем бактымы.
Тирүү турсам бербейм жатка тактымы.
Сезерсиң сени сүйгөн жарыңды,
Жашай берсем сени менен акыры.

Сен дегенде оору ашырдым сүйүүдөн,
Сен болдуң жүрөгүмдү күйгүзгөн.
Үмүт менен жашап келем сен үчүн
Тажабадым нечен күндөр күтүүдөн.
Ыраазы болуп  кызганып койчу сен,
Кубаттанып калайын шондо мен.

## Эстейсиңби

Бирге жүргөн күндөрдү  эстей жүр.
Гүл терип ойногон күндөр унутпагын.
Карегимден жоодурап кетпей жүр,
Көөдөнгө сактап келем анын  баарын.

Сагынамын сен ырдаган үндү мен,
Назик добуш кулагымда жаңырат.
Экөөбүз жетелешкен айдың кечтер,
Азыр да жүрөгүмө чокту салат.

Биз кездешкен күндөрдү эстей жүр,
Жактырамын сезимимди билип ал.
Жүрөгүмдүн арзуусун туя жүр,
Сүйүүнүн кереметтүү ирмеми ал.

## Жайлоодо

Жайлоодо көңүл ачам сени менен,
Тоолордо менин сүйүүм оргуштаган.
Аңкыган күлдөрдү  терип келем.
Мурун өрдөп жыты буркураган.
Жүрөктө айтылбаган сыр катылган.

Шаркырап сууларың кошо ырдайт,
Үн берип шамалына кошо жыргайт.
Куштарың канат жайып калкалашып,
Кубаныч күчтү алар бизге сунат.

Жайлоодо сүйүүм күчөп сага ашыгам,
Жүрөгүңдө мага сүйүүм барчылап.
Барган сайын сага карай талпынам,
Ат жалында учуп барам камчылап.

## Кызыл Суулук жигит

Кызарган нурдун салкыны,
Кошулуп агат ысымы.
Суулары укмуш  даамдуу
Көркөмү сулуу кооз жерим.

Токой кооз, бар жерим,
Кызыл суулук жигитко.
Туш болдуң, мага пешене,
Көрүндү менин көзүмө.

Кызыл суунун  кулуну,
Сулуу жигит өзүмө,
Жар болуп мага буйруду.
Жүрөктү ээлеп туйланткан,
Жүрөгүмө күч алтып.

Сууларың шаркырайт,
Кызыл суулук жигитти,
Аккан сууга чакырам.
Тоосуна чыгып ийилем.

Сүйөмүн деп чакырам,
Жүрөгүмө мен катып.
Жарыламын кызганам,
Түбөлүк сага багынам.

# Буйругу болсо  тагдырдын

Канча көздү  көптөгөн ар башкасын мен көрдүм,
Таң калдым сендей мөлтүрөгөн  көздү көрбөдүм.
Көздөрүң менен сезимдерди ойготуп,
Нечен түндү уйкусуз мен өткөрдүм.

Көз алдымда элестеп  өрттөдүң   го өзүмдү,
Көргүм келип кыйналдым, сенин кара көзүңдү.
Адашып калдым ортодо, жашап келем алдастап,
Аккуу болдум мен издеп  апапакай   сүйүүмдү.

Булут менен жарыштым, жашоом сен деп ойлоп,
Тоскоолдук мени кыйнап, боорон-чапкын тороду.
Мен ыйласам,сылады жамгыр нөшөрлөп,
Чагылганым чартылдап, канатыма оор болду.

Сүйгөнүмдү таап алдым,  тоскоолдуктар болсо да.
Адыр ашып, бел ашып, Кызыл-Суу айылында.
Сүйүүм күчтүү, сакталып турат азыр да,
Кара көздөр жанып турса мен боломун жанында.

Жашоодо биргебиз, буйругу  болсо   теңирдин,
Жаратканым колдосо ата-энеси балдардын.
Болобуз биз бактылуу, бешенеси бул тагдырдын,
Аруу тилек, асыл ой жүрөгүңө батыргын.

## Чаңда калган гүл

Өзүм кооз сулуу гүлмүн,
Тартамын канча чаңды.
Угамын көп үндөрдү,
Сырларын айтып жүргөндү.

Каалаймын узак өмүрдү,
Аз жашайм, билем аны мен.
Үзбөсө жайнаган гүлүмдү,
Гүлдөтмөкмүн күндө мен.

Сырдашкан адам барбы деп,
Жерим айтат, суу сурайм.
Чаң болуп өзүм жүдөдүм,
Кантип мен анан кулпурам.

Сүйүүнү, күчтү каалаймын,
Көңүл бурчу күндө гүлүмө.
Чаңымды аарчып, сен дайым,
Чаңкоомду  жазчы күнүгө.

Ынтымакты бекемдеп,
Гүлүм керек жашоодо.
Сүйүү күчүн билдирген,
Гүлүм керек жаштарга.

Бапестеп гүлүм өстүрүп,
Кулпурткум келет жеримди.
Сансыз көркөм түс берип,
Кооздойт элем үйүңдү.

Суу бергенде тойбоймун,
Кумарланып шимирем.
Ичкен сайын гүлдөймүн,
Сүт бергендей ийип мен.

Жалгыздыктан коркомун.
Көп гүлдөрүм өссө дейм,
Теребелди кооздоймун.
Жарашык берип күндө мен.

Гүл жайнаса жер бетине,
Жашоо кооз берметмин.
Чаңкасам суусун кандырса,
Сүйүүгө нурум бермекмин.

## Таңкы шүүдүрүм

Кереметтүү таңкы шүүдүрүм,
Теңир берген касиетиңби.
Тамчы суусу шүүдүрүмдүн,
Кубат алам өзүнөн  мен.

Денемди жайып чөбүнө,
Тилек айтам көбүнчө.
Теңирим деп тиленип,
Тулаңына жайылам.
Даамыңы татып оозума,
Кумарланам жылмайам.
Даамың таттуу шүүдүрүм,
Сага ишенем мен бүгүн.

Чарчаганда кандырган,
Денемди арбап азгырган.

Сен дагы тамчы жаралган,
Жашайм кошо сен менен,
Жыргап көөнүм ачылган.

Чөбүнөн кулап мөлт этип,
Жан дүйнөм козгоп арбадың.
Ааламда коoздук шүүдүрүм,
Арнадым сага ыр жаздым.

## Сүйүүмдү неге билбедиң

Сүйүүмдү неге билбедиң,
Карысың деп жийиркендиң.
Кылыгыма жинденип,
Мени кагып тилдедиң.

Суйкайган жигит мен элем,
Сулуулар көрүп ашыккан.
Келбеттүү жигит мен элем,
Келишкен сулуу жабышкам.

Сулуулукту жууду карылык,
Суурулуп кетти өзүмдөн,
Көөдөндө турат өкүнүч,
Кайгырам кээде өңүмдөн.

Сүйүүмө тоскоол болдуң, деп,
Мен дагы көбүн ыйлаткам.
Кыйнаганмын канчаны,
Карабай мен да сыздаткам.

Өтөр өмүр коштошом сен менен,
Жүрөгүмө салып дүрбөлөң.
Убагында секелек сулуу элең,
Карыпсын менден мурун эртерээк.

Түшүнбөгөн бар экен да жашоодо,
Сүйбөгөндү неге сүйдүң ой тообо.
Сүйбө сен сүйдүрүүнү каадабай,
Карысың деп өтө мени кордобо.

Акыры ыйлап калдың бирок кеч эми,
Кыйналып, сүйүүмдү ал сезгенби.
Кеч эми, кечире албайм ант ичкем,
Ошентсе да буулуктуруп турдуң деги.

Карыганда сүйүп сага жетпедим,
Кыйналдым неге аны сен сезбедиң.
Караанымдан коркуп узап бараткан,
Карылыкты түртүп сен жектедиң.

Жалгыз калдың сен өзүң да акыры,
Мен да жалгыз, өмүр өтүп жатыры.
Жеңил жашоо желинен ыргалып,
Айрылдык көрбөй сүйүү жыргалын.

# Аалы менен Айнура

Караңгыда сени сүйүп мен таптым,
Карегиңе отум менен арбалдым.
Капилеттен сага да мен жактым,
Колдорумдан абайлай гана кармадың.

Карт жүрөктү тазаладың, жашарттың,
Кайгыдан сууруп чыгып азаптын.
Төрөп берип, мага уул балдарды,
Анансайын ажарланып бараттың.

Сен сыйладың атасы деп балдардын,
Жакшы сөзгө жан боюмду балкыттың.
Бактылуу жарым элең мен үчүн,
Жашоомду сүйүү менен жаркыттың.

Аалы менен Айнуранын сүйүүсү,
Сезим ышкы, махабатка арбады.
Экөөнүн ортосунда жаралган,
Ак сүйүүдөн жаралган анын балдары.

Сөзүң жагат, үнүн жагат берекем,
Сүйкүмдүүсүң кучагыма сен келсең.
дейт Аалы Айнурасын эркелетип,
Бирдейинен ак сүйүүгө термелген.

## Ойлонуп бир аял алсаң болобу

Ойлонуп бир аял алсаң болбойбу,
Кызыкпай кызыгына азгырып.
Кыйнап коет кылыгына азгырып.
Сулуу болуп боенушуп жасанып,
Пайда көрүп кете берет калтырып.

Жаш болсоң, келет башка карылык,
Бай болсоң, келет сага жакырлык.
Сыйың кетет, жүрөк муздайт ойлончу,
Өз жарың капа болот таарынып.

Эки аял пайда бербейт өзүңө,
Жакшы жүрүп чөптү салат көзүңө.
Пайда көрүп, өзү үчүн жашашып,
Түртүп салат жашооңду өлүмгө.

Эки аял чач агартып, карытат,
Айла кылып, арбап туруп жалынтат.
Жылуу уяң көңүл шамал койнунда,
Кой дедирбей эрк күчүңдү багынтат.

Карытат күчүң кетет аларга,
Даамы бир окшош аял не керек.
Жашоодо өмүрүң да бир келет,
Карысаң бир бирине түртүшөт.

Сый-урматтын баркын билип өтөлү,
Балдарыңа үлгү болгун, ата бол.
Бак тайыбай бай түп болуп өсөлү,
Талашып байлыгыңды жашоодо.

Таштап сени карабай жолдорго,
Кете берет аялдарың ойтобо.
Өзүн сындың кеч эми ойлонбо,
Кыйнап өтөт өзүңдү ой толгоо,
Карыдың эми кеч, онтобо.

## Сүйүп тандагам

Жамалым сен элең караган,
Жашоомдо өзүм байкаган.
Эч кимден мен сурабай,
Жүрөгүм сени тандаган.

Башка бирөө барбагам,
Таптакыр сени чанбагам.
Кылактап келип жаныңа,
Жалгыз сени жандагам.

Короомдо гүлүң гүлдөгөн,
Жытына мен канбагам.
Ажарын ачкын жүрөктүн,
Кулпуруп өсүп түр менен.

Тороп алып жүрөктү,
Сабалап канча күн өттү.

Батыраак келсең болбойбу,
Махабат мени жүдөттү.
Багынып калдым өзүңө,
Жароокер сендей чүрөктү.

## Сени менен жашоом жарык

Сени менен үйүм жарык бөлөнөм,
Өмүр бою тизе бүгүп чөгөлөйм.
Жашоодо мен мээнетиңди алайын,
Керек болсо тээ бийикке көтөрөм.

Сен бар болсоң үйүм шаңга бөлөнөт.
Турсаң эгер кучагыңда бөпөлөп.
Короодогу өсүп жаткан багым да,
Сен бар болсоң куурабастан көгөрөт.

Сен кубатсың колдорума күч берген,
Жашоомдо өзүң гана бак берген.
Айырба деп Жараткандан тилеймин.
Өмүрлүккө антташкан менин теңимен.

Сени менен жашоом жарык билсеңчи,
Сүйүүмдүн күчтүүлүгүн сезесиңби.
Кубат алам бир өзүңдөн келсеңчи,
Мурдагыдай мага дем бересиңби.

## Кетпечи

Кетпечи, жашоомдун жарымы сен,
Түбөлүккө бүтүн болуп жүрөйүн.
Жалоорутуп мени таштап кетсең эгер,
Батыраак келериңди билейин.

Кетпечи, башкалар сендей эмес,
Көздөрү да сеникиней көздөр эмес.

Пейили, табияты  башкача,
Айтканы да сеникиней сөздөр эмес.

Кетпечи, айтканыңды жасайын,
Экөөбүздүн тилегибиз бир  болчу.
Өмүр бою кызматыңа жарайын.
Макул деп бир ооз айтып койчу.

Кетпечи менден, колдоп сени  турайын.
Көкөлөтүп, көтөрөйүн бийикке.
Тартпа такыр, бу турмуштун убайын,
Сенин  баскан жолдоруңду улайын.
Кетпечи,  мен кадырлаган жубайың.

## Табылгыс дары

Тамчысын берчи сүйүүмдүн,
Даары болгун жүрөккө.
Ууртатып коюп сууңдан,
Узартып койчу өмүрдү.

Табылгыс дарысы,
Сен болосуң жашоомдун.
Айрыкча тазасы,
Сен экенсиң сүйүүмдүн.

Сүйүүңө зармын,
Өзүм барайын,
Жүрөккө жаным,
Отту жагайын.

Короодо  ачылган,
Гүл болуп жайнайын.

Сен конгон шагыңда,
Куш болуп сайрайын.
Жөлөп мен турайын,
Ар дайым жаныңда

## Жамгырда

Жамгыр төктү көз жаш менен,
Комуз кылы дирилдеген.
Жамгыр сылап жүрөктөрдү,
Тамчылары бириндеген.

Биз сүйүштүк жамгыр менен,
Из калтырып булуттарга.
Уюткусун калтыралы,
Сүйүүбүздү жамгырларга.

Жаагын жамгыр жаай бергин,
Жүрөктөргө демди берип.
Сүйүүбүздүн тамчыларын,
Сезимдерге толтуралы.

Жамгыр жааса денем муздайт,
Сени эстеп жүрөк ыйлап.
Токтобогун жамгыр жаачы,
Жууп салып жамандыкты.

Гүлдөрүмө суудан куйгун,
Буруксуп жыты турсун.
Жүрөктөрүм уйгу-туйгу
Сагынамын жамгырымды.

Мен билемин кадырыңды,
Сени менен көктөп өсөм.
Сүйүү гүлүн берип өзүм,
Жамгыр менен чачып өтөм.

Биз жоолуктук жамгырларда,
Бак аралап айлуу түндө,
Бакыт күнүн жамгыр менен,
Тосолу ар бир күндө.

Жаачы жамгыр токтобочу,
Өзүң ыйлап боздобочу.
Жүрөгүмдөн кошуламын,
Сезимдерим козгобочу.

Жамгырларда гүлдү сундуң,
Жолугуп сен бажырайган.
Гүлүңдүн суусун сурап,
Даамынан татып турам.

Жамгыр менен биз кошулуп,
Тарыхтарга из калтырдык.
Ырлар ырдап жамгыр менен,
Жамгыр изин басып келдик.

Жазгы нөшөр бердиң өнөр,
Төгүлгөн тамчылардай,
Сүйүүлөр төгүлүшөт,
Мөлтүрөгөн алчалардай.

Жамгыр өзүң тең келесиң,
Чагылганды чартылдатып.
Булкуна кызгангандай
Жамгыр өзүң дем бересиң.

Нөшөр төгүп, сүйүүнү сун,
Сүйүү болсун тамчыларың.
Эки жашка  сезимди бер,
Араласын бакыт багын.

## Өмүрүмдү сага  бердим

Жашоодо өмүрүмдү сага бердим,
Бапестеп, бөпөлөп алсын деп,
Ак сүйүүм артып сага келдим.
Тирүүлүк оту жансын деп.

Жашоодо жалгыз гана сен  деп келдим,
Сүйүүнүн мокумуна кансын деп.
Башкага бергим келбей жүрөгүмдү,
Түбөлүктүү өмүрлөш болуп калсын деп.

Жанымды аябайм  сарыптадым,
Ишенчи, таптакыр камыкпагын.
Өзүң деп келем өмүрдө,
Тамчы жаш көзүңдөн агызбагын.

Жан дүйнөм, дүйнөм сеники,
Сүйгөнүм мага берилчи.
Сууңдан татып алайын,
Суйкайып мага көрүнчү.

Уул-кыз төрөп берейин,
Уучуң сенин узарсын.
Убайын баарын көрөйүн,
Жан дүйнөң сенин кубансын.
Абайлап менин жанымды,
Калкала өзүң жарыңды.

## Сүйдүм

Жүрөгүмө баксам да өзүңдү,
Неге көңүл бурбайсың.
Сүйгөндү сен карабай,
Башкаларга чуркайсың.

Жүрөккө жаптың кара түс,
Жүрөгүм муздап көңүлсүз.
Оору ашырып жүрөккө,
Түшүң менен жүдөтпө.

Сүйүнсөң болмок мен үчүн,
Башымда турат ар күйүт.
Бар эле сенден жакшы үмүт,
Түртүлдүм өзүм тебилдим.

Жүрөгүм күйдү эзилдим,
Неге көңүл бурбайсың.
Карасаң болмок сүйүүмдү,
Сүйүнтүп койчу өзүмдү.

## Азгырылба алдамчы махабат

Сулуулукка кыздын көзү тойбогон,
Жармашып жигитти койбогон.
Кылыктанып ойногон көздөрү,
Жигиттин сезимин козгогон.

Азгырып алдашат сулуулар,
Көзүңдү ач сулуулугуң курусун.
Сулуунун азгырыгына алданбай,
Чындык сүйүү жашоомо буйрусун.

Чачташат байлыгыңды талашат,
Ооруп көрчү керегиң жок аларга.
Сулуулугуң пайда бербейт кыздарга,
Жүрөк менен сулуулукту сен танда.

Таразалап бирөөсүн тандагын,
Аттиң ай, деп таарынбастан тагдырга.
«Сен ооруба, мен сендикмин» дегендин,
Ичи сулуу, ай жамалын жандагын.

Сулуулар кетет этеги жок,
Башыңа салат жамандык.
Жүрөгүң калат, күйүп чок,
Жүдөтүп такайт сага ок.

## Карегиңден тең айланам

Карегиңден тең айланып, арбалам,
Чаң жугузбай кирпигиңди кайтарам.
Жакшы эрдин жары экен, деп макталып,
Биз келебиз өмүр сүрүп барк алып.

Тең айланам, сени сүйүп адашпайм,
Жүрөгүңдү меники деп талашам.
Сен жок жүдөйм эрме чөлдө калгандай,
Таалайым бир тагдыр жолдо баратам.

Коргоп сени жаман көздөн,
Сен үчүн дайра кечем.
Татаал күндү өткөрсөм да,
Таарынбаймын сен үчүн.

Бак  болсоң мөмө берген,
Чырпыгыңды сындырбайм.
Тең айланып карегиңден,
Чындык сүйүү мен чыдайм.

Сендик болуп жүрөк согуп туйлаган,
Тагдыр мени сендик кылып ыйгарган.
Алпештеймин айланайын жарымды,
Мен тирүүмүн жамандыкка кыйбаган.

Багым тирек жан дүйнөмөн сыйлаган,
Айланам менин  алтын жашоомсун.
Жазыңмын, жайыңмын жанында дайыма,
Тургузуп бакыттын бекем ордосун.

## Жүрөк дартын турчу жаным дарылап

Махабат менен жашайлы,
Сүйүүсүз турмуш көркү жок.
Табасың менден даарыны,
Ойлосоң менден көңүл ток.

Арзыган менин бактымсың,
Жүрөккө өзүң жакынсын.
Өзүңө өзүм ашыкмын,
Махабат мага калыссың.

Рахатка мени багынтың,
Сүйүүгө өзүң жалынттың.
Кучалтып сүйүү жалының,
Көрбөсөң өзүң сагынттың.

Жүрөктү алдың сен арбап,
Жашоомо сүйүү сен арнап.
Экөөбүз чогуу бирдикпиз,
Бирибизди бирибиз дарылап.

## Түшүмө да киресиң

Жан эркем сени сүйдүм мени билгин,
Жүрөгүмдөн азгырылдым илиндим.
Жанымды сага арнайм садагам,
Махабаттын деңизине кириндим.

Сезип турам мен дегенде дилиңди,
Сен бар үчүн жүрөгүмөн сүйүнөм.
Аруулуктан арбап турган сүйүүмдү,
Сезбей калсаң ойго батып күйүнөм.

Сүйүүнү жеңгин жарым болгун,
Жүрөгүңдөн туурума келип конгун.
Таза сүйүүм сага гана арналган,
Сүйүнткүн жанып сунуп колуң.

Жалындаган сүйүү табын билээрсиң,
Айтпасаң да, балким мени сүйөөрсүң.
Айтуу кыйын көз жашыма жуурулган,
Уйку тартсам түшүмө да киресиң.

## Билбедиң

Билбедиң, ай билбедиң, сүйүп койчу өзүмдү,
Байкасаңчы, жалбарчы,  карап койчу көзүмдү.
Таң аткандан каш карайганча күтөмүн,
Башым катты  келеби деп, карап жолуңду.

Тилдендим ай, тилдедим үйүмдү неге билбедиң,
Түн ичинде күтөмүн, түшкө неге кирбедиң.
Өз ичимде жеңилдим, анткени сен сүйбөдүң.
Ошентсе да сен дегенде үзүлбөдү күдөрүм.

Сүйүп кой деп чарчадым, неге мени арбадың?!
Ойлорумду билип койчу, сени дедим ардагым.
Кадыр билем, баркыңды туюп турам,
Үмүтүм бар келериңден мен сүйгөн айдайым.

## Сүйкүмдүүсүң жүрөк ооруткан

Суу ташыйсың менин жолумдан,
Сулуу келин мага жолуксаң.
Сени сүйдүм өзүм ардагым,
Сүйкүмдүүсүң  жүрөк  ооруткан.

Суу перилер сени тазарткан,
Сууңа жуунам мени жашарткын.
Чиркин жашоом өтүп баратат,
Чимирилсең сага жан арткам.

Көргүм келет, өтчү жолуман,
Суугa  келет сулуу жолукчан.

Сүйлөй албай сага, ээй сулуу,
Санаа болдуң жүрөк ооруткан.

Тез келе албай сага жетпедим,
Сени күтүп жолдон кетпедим.
Сүйүү сурайм сенден ээй сулуу,
Жооштугумдан өзүм кектедим.

## Карагатым

Карагатым карагаттай,
Жагат мага сенин атың.
Эки көзүң карагаттай,
Тамшандырат сенин затың.

Ашыктым сендей сулууга,
Көңүл бурчу мендей улууга.
Кыйнадың мени жалжалым,
Болбосом дейм убара.

Убайын тарттым эй сулуу,
Уурдасам окшойт өзүңдү.
Умтулсам кара көзүңө,
Таппай калам сөзүмдү.

Унчукпай койдуң неге сен,
Умтулуп сага мен келем.
Убара кылдың өзүмдү,
Карабай менин көзүмдү.

Сен үчүн канча жол бастым,
Жүрөктү сага мен ачтым.

Карабай менден сен алыстап,
Карааныңды узаттым.

Сырымды сага мен айттым,
Сүйүүмдү жүрөккө мен каттым.
Кыйналдым жетпедим сага,
Кыйноого салып сен жаттың.

Карагатым жан канатым,
Карашат сага балдарым.
Татайын деп даамыңдан,
Колдорумду канаттым.

Жүрөгүмдүн даарысын,
Сенден алайын деп турам.
Карагаттай мөлтүрөп,
Дартка дабаа бол улам.

Карагатым, карагатым,
Кыздарымды каратасың.
Кызыктырып өзүңө,
Сүйүү сезимин таратасың.

## Ак жоолукчан

Ак жоолугуң аккуу кылып көрсөтөт,
Булуттарым сени көздөй дегдеген.
Айым турат жаныңда нур кошуп,
Көңүл турат, көз уялтып сен менен.

Көздөрүңдү көргөндө мен уялам,
Сезимимди башкаруудан тыя албайм.

Периштесиң жараткандын алдында,
Сен салынсаң жоолугуңду башыңа.

Шамалдан желпилдеген  жоолугуң,
Бир көргөндө жүрөгүм менин оолукту.
Мен жактырдым, жетпей калдым  өзүңө,
Болдуң сен  башка бирөөгө  колукту.

Периште кыз ак жоолугуң жарашкан,
Пейлиң жакшы, арбалышат баарысы.
Сүйдүм мен жүрөгүмдү карасам,
Сүйдүм деп  сага ашыгып баратам.

Жашап келет канчалары айталбай,
Ак жоолукчан ай жамалдуу келинсиң.
Бир көргөндө туралбаган баркалбай,
Аккуулардын сулуулардын перисин.
Сүзөөрүңө көл болоюн ар дайым.

Толкундардан  коргоп алып өзүңдү,
Сен келгенде дүйнө кошо жаралат.
Жоолукчан деп  караганда көзүңдү,
Дүйнөнү багынткандай сезилди.

Аалам жашайт сени менен жанашып,
Күчүң берет мээрим салат өзүңө.
Күлүп жүрсөң коргоп сенин жаныңда,
Дүйнө сүйөт ак жоолукчан периште.

## Жаздыкка баш тийгенде

Жаздыкка башым тийгенде,
Рахат алам сен менен.
Рахмат айтып өзүңө,
Бактылуу адам менмин дейм.

Жаздыкка башым тийгенде,
Жазыламын ачылам.
Гүл болоюн жытта, деп,
Суктанткан сулуу мен болом.

Жаздыкка башым тийгенде,
Жаман ойду жоготом.
Сүйүүлөрүм күч алып.
Жүрөгүм  менен ойготом.

Жаздыкка башым тийгенде,
Асманда айым карашат.
Жылдыздарга арбалып,
Жан дүйнөм сага арбашат.

Уйкуга тартат жаздыгым,
Кайгырганда эс ал, деп.
Күч берет жаздык денеме,
Чарчаганды кандыртып.

## Көз жаштарым

Көз жашым сен деп агылды,
Аясаң мени болбойбу,
Жүрөгүм сен деп кайгырды,
Сүйгөнүм мени ойлойбу.

Кабынан жүрөк чыкчуудай,
Өз ордунда оолукту.
Адашып жалгыз калчуудай,
Көөдөнүм менин буулукту.

Көз жашым менин төгүлүп,
Жүзүмдөн ылдый куюлду.
Жүрөгүм менин буулугуп,
Ооруучуудай туюлду.

Эстесең боло сүйүүмдү,
Сен үчүн таза болуучу.
Унута албайт окшоймун,
Бир жүргөн айлуу түнүмдү.

Күтөмүн сени кыйбагам,
Жүрөгүм менен сыйлагам.
Кайрылат чыгар бир күн деп,
Көз жашым төгүп ыйлагам.

Кайрылып мага келеерсиң,
Көрө элекмин, сени кыйладан.
Күтүп жүрөм азыр да,
Жол карап сени нурданам.

## Жалжал көзүм

Жалбарган жалжал көзүм,
Жалооруп карайсың сен.
Көзүңдөгү жанган нуруң,
Кайдадыр кеткен беле,
Кайгыдан кабар берет,
Ошондогу айлуу кечте.

Жазайынчы кайгыңды мен,
Жалжал көзүм жоодураган.
Өткөн күндөр артта калды.
Сезимдер дирилдеген.
Көңүлдө сүйүүң барбы,
Кайгыңды унуткаргын.
Менин жашоом сени менен.

Жалжал көзүм, көңүлдү чөктүрбө сен,
Айжамалдуу ажаарыңа,
Нур төгүлүп жаркырасын.
Жүрөгүңдү өрттөбөгүн,
Сүйүнүч орун алсын.
Кайгыны унуталы,
Кубаныч оту жансын.

Жалжалкөз жароокерим,
Кайгыңа себепкермин.
Каалабасаң мейли дейин,
Көңүлдөр чөкпөсүнчү,
Күнөөм жок, кечир мени,
Жалжалкөзүм жоодураган.
Үмүттөнө карап улап,
Амандыгыңды тилеп турам.

## Сүйүүм ак

Кыйналдым, кыйнадың неге сезбедиң,
Кысылдым, кусамын көңүл кирдеген.
Кайгымды бөлүшчү суранаарым,
Көңүл чөгүп тураарын мурда билбегем.

Кызыган денемди өзүм билемин,
Кызганам, кызыгам үлбүрөп илебиң.
Напназик, жарашып туруптур,
Суранам өзүңө мени имергин.

Түбөлүк сүйүүмдү сактайм ишенгин,
Сүйүнтүп сүйөөрүмдү сен билбедиң,
Албыртып жүзүмдү тартып ал,
Кучак жайып бооруңа имергин.

Сүйбөйсүң, неге жаным кейидиң,
Күйдүмгө сен үчүн жаным берилдим.
Сен үчүн агыздым маңдай теримди,
Сен үчүн баарынан мен жеңилдим.

Неге кыйнап жүргөнүмдү билбедиң,
Ыйлаган жүрөгүмдү сезбедиң.
Мени таштап башкаларга алмашып,
Азгырыка сен берилип кетпегин.

Сени сүйүп жүрөгүм менин ооруду,
Азаптантып ден соолуктан торуду.
Сени деген сүйүүмдү бүлдүрбөчү,
Жакпайт мага жеңил жигит жоругу.

# Жүрөк башкарат

Асыл жарым, жаным ыйлаба,
Мейли сүйбө мейли сыйлаба.
Батсам дагы өзүм кайгыга,
Батырамын сени бактыга.

Кача бергин каала өз эркиң,
Тирүү болсоң мага келесиң.
Капа эмесин, бирок сен,
Жараткан мага берген белексиң.

Сүй деп сени неге кыйнадым,
Кыйналгандан өзүм ыйладым.
Түшүнбөпмүн кечир жаным,
Жүрөк күчүн жеңе албадың.

Күнөө жок, жүрөк башкарат,
Ойлонгондо жаным баш катат.
Жүрөк үчүн айып издебе,
Сезим күчтүү, сүйүү каш кагат.

Акыл менен өзүң сүйүшүң,
Бакытты сага тартуулайт.
Астырттан карап күлүшүң,
Жүрөгүң сени жактырбайт.

# Жан азабы

Сүйүүнүн тийди го азабы,
Аргасыздан сүйүү отуна жанамбы.
Бешенеге жазган ушул деп,
Тагдырга баш ийип мен каламбы.

Туура десем багынгандык болобу?!
Түйшүк берди мага сүйүү азабы.
Сүйөм деп кайталап айтып алып,
Артына тисерилип калабы.

Сүйүүдөн мен кыйналып жатамбы,
Акыры анан мен күйүткө батамбы,
Аргасыздан суроо берем өзүмө,
А балким бул мен кетирген катамбы?!

Сүйгөнүм өзүңө тартылдым,
Жактырып өзүңө жагындым.
Сүйүүмдү жүрөккө батырып,
Махабатка берилип багындым.

Сүйүүмдү өзүңө кабыл ал,
Жан азабы сени да кыйнайттыр.
Сүйүү отун алоолонто жагып ал,
Ал да сени башкаларга кыйбайттыр.

## Сылык сөзүң

Жакшы  сөзүң  жүрөгүмө   кубат берип,
Унутпаймын, сезимдерге бүлүк салат.
Көңүлүм бар, болсоң  дейм өмүр шерик,
Ак сүйүүм жүрөгүмө отту жагат.

Эркелейсиң ээрчий берем өзүңдү,
Эстей берем сагынамын көзүңдү.
Нечен күндөр, жылдар  өтсө дагы,
Эсстей берем, эстейм сылык сөзүңдү.

Сылык сөзүң күчтү салат денеме,
Сыйлап келем өзүм узап кеткенче.
Сырларымдын дүйнөсү сеники,
Сага ишенем өмүрлөрүм өткөнчө.

Санаа тартсам көңүлүмдү ачасын,
Сагынтасың бир өзүңө тартасың.
Сылап  коюп менин тармал чачымды,
Карегиңден ышкы отун чачасың.
Жамалымды жел сыяктуу аймалап,
Караңгыда от сыяктуу жанасың.
Сылык сөзүң сезимдерди уялап,
Жүрөгүмө  сүйүү отун жагасың.

## Кайдасың

Сен жашоомдо жарык элең жаркыраган,
Азыр өзүң издеттирип кайдасың сен.
Жарык болуп жадырап азыр келсең,
Сүйүнүп  кубанычтан турмакмын мен.

Кайда калды, кагылайын карааның,
Жоодураган көздөрүңдү издеп келем.
Күчүң жетсе жарыгыңды көргөзгүн.
Жаркырасын дирилдеген менин денем.

Сыйлайм сени, урматтаймын жарыгым,
Сыйымдуусуң жүрөгүмү дарылаган.
Сүйүүмдүн таап мен жаңысын,

Жарыгыңды коротпогун башкага,
Кылыктанса алданбагын жаштарга.
Өчүрөт сезбейт,  алар сүйүүңдү,
Өрт  салбагын   каптап мени жалынга.

Жарыгымды сага чачам барктагын,
Жакырмын мен  жүрөгүңө сактагын.
Жатка башка байкатпастан сырыңды.
Жарык болуп жаркырагын ак таңым.

# Гүлүм

Сени гүлүм жыттап алайын,
Жыпарыңа моокум канайын.
Денем сергип көңүлдө,
Гүлдөй болуп мен да жанайын.

Көркөмдүүсүң гүлүм башкача,
Суктандырып сезим, таптаза.
Ачылып гүлүм жайнагын,
Нурдангын менин  бактыма.

Гүлбакчам турат кулпуруп,
Нурдантып жалпы ааламды.
Мен үчүн көптөн сен улук,
Башкалар да  сени баалады.

Канчаларды өзүң сүйдүрүп,
Жүрөккө отту тамыздың.
Жетпегенди күйдүрүп,
Көзүнөн жаштар агыздың.

Жытыңа куштар болгондор,
Көксөп күндөр толгонду.
Көпөлөк гүлгө конгон бар,
Гүлүңө менин кубанып,
Куштарланып жүргөн бар.

Ажаарыңды күнүгө,
Көкүрөккө түйгөн бар.
Жамалыңа жалынып,
Гүлүңө мен болдум зар.

## Сүйүү келсе жашартат карыны

Карыганда өзүң көзгө көрүндүң,
Кайран жаштык өткөнүнө өкүндүм.
Сени сүйүп өмүрүмдү өткөрдүм,
Мен жетпедим, акылыман бөлүндүм.

Кыйноого салып неге көрүндүң,
Алып кеттиң, тең жарымын өмүрдүн.
Сүйүндүрүп койсоң болмок көңүлдү,
Жүздөн сылап жыттап койсоң өзүмдү.

Болор элем мен бактылуу, кадырлуу,
Жаман экен сүйгөнүнөн айрылуу.
Сен билбеген сезимдерде ийлеген,
Уйкусуз түн, жүрөк сыздайт жабырлуу.

Сезим менен сени сүйүп жашаймын,
Сен сезбедиң өзүмдү өзүм алдаймын.
Карылык алыстатат тура сүйүүнү
Жүрөгүм жаш, эстей берем ар дайым.

Көңүл бурба серт болсо да өңүмө,
Жүрөгүмдү түшүнсөңчү өтүнөм.
Тоскоол болгон карылыкпы сыягы,
Карылыкка калган мен өкүнөм.

Сүйүү келсе жашартат карыны,
Суйүү бул ден соолукка дарыбы.
Аяп койчу сени сүйгөн карыны,
Мени десин жүрөгүңдүн жарымы.

Жүрөгүм жаш, туйлатты го денемди,
Чыдай албай сени сүйүп келемби.
Алсыздыгым аз болгонсуп, уйку жок,
Сени сүйүп качандыр бир жетемби.

Кайгырганда сени менен эс алам,
Капа болсом элестетип жазылам.
Жетпесем да аман жүргүн мен үчүн,
Сенин менен кубаттанам, жай алам.

## Өзүмө өзүм дем

Өзүмө өзүм дем берем,
Кайгырганда ыр ырдаймын, жазылып.
Ырым менен көңүл ачам чер жазып,
Сүйүнүчтү жүрөгүмө  батырып.

Ыр жазып, дем аламын, эс алам,
Сүйүүмдү ырым менен билдирип.
Жүрөгүмдө сыйымды айталам,
Жан жыргаткан сезимдерди ийдирип.

Алаксып кубат алдым, жар болдуң,
Ырым мага сүйүнтөр жаз болдуң.
Эркелеп ырыма мен назданып,
Пир кыламын бир өзүңдү, бар болуң.

Ойлонгондо ойумду жазасын,
Катылган сырларымды айттырып.
Жаздырып, сезимдердин баянын,
Жана да сүйүүлөрдүн тазасын.

Тагдырды билдирип жашоомдо,
Таарынганда жазасын өзүмдү.
Ыйлаганда ырым менен жеңемин,
Дем бересиң күлдүрүп өзүмдү.

Өткөрөм кымбат күндү, өмүрдү,
Өчүрбөй өзүм жазган ырларды.
Көтөрүп көкөлөтүп көңүлдү,
Бирге көрсөк өмүрдөгү жыргалды.

Дем берген кубат сен болдуң,
Ыр бермети сени ыргаган.
Калкан болуп табылгыс өзүңө,
Агылса саптар ыр жазам.

Сенин демиң күч агылтат жашоого,
Жамандыкты ойдон алыстатып.
Коштун канча, жакшыларга катарга,
Таанылтып атымды ааламга адымдатып.

## Жарыма

Муздаган жүрөгүмдү күн болуп сен ээриттиң,
Жүрөктү козгоп, өзүң сүйүүгө берилттиң.
Жалгыз элем, шерик болгун сүйөмүн дедирттиң,
Сүйүнүч күчүн улап сен, кайгымды кетирдиң.

Жумулган көздөрүмдү өзүң ачып,
Жетилдим турмуш жолун бирге басып.
Караңгыдан суурул чыгып жарыкка,
Жетеледиң сүйүү жолуна алып калып.

Бөлөдүң мени өзүң махабатка,
Калтырып атымды муундарга.
Сүйүүбүз уланып эми бизде,
Даңкталып калсынчы кылымдарга.
Жетиңиз менин  асыл баркыма.
Мен үчүн кымбат адамсын,
Жашоомо өчпөс нур берип,
Маңдайымда шамчырактай жаркылда.

## Жүрөк чиркин унутпайт

Тирүүлүктө жашайбыз каалашып,
Сүйүүбүздү жүрөктөрдү талашып.
Сыйлашып кадырлашып баалашып,
Өмүрдү өткөрөбүз биз бирге жанашып.

Чиркин өмүр нелер өтпөй башыңан,
Байлык өтпөй, көңүл өчпөй жашыңан.
Көңүл керек, сени менен  баш коштум,
Ыраазымын миң айланса жарыман.

Чиркин жүрөк сүйүнүүгө шашылат,
Сүйүнтсөң сүйүнүүгө ашыгат.
Кабак карайт, коркуп жүрөк адамга,
Жүрөк ооруйт мага жаман сөз айтпа.

Жаман сөздү айтпагын деп жалынат,
Нелер өтпөйт, жүрөк баарын көтөрөт.
Байлык, сүйүү жүрөктөрдү өзгөртөт,
Баатыр экен жашоодо чиркин жүрөк.

Кайгы, музду, сүйүнүчтү көтөрөт,
Эсиңдеби, сен бирөөнү сүйөсүң.
Жүрөк кыйнап, унуталбайм ал күндү,
Так салып жүрөктү сен жүрөсүң.

Дарысы бар экен, ал дарттын,
Сен болчу элең менин канатым.
Ачтың эле, бактын жаннатын,
Сүйүнтүп жүрөгүмдүн ажарын.

Эмне болду ишенерим адаштым,
Жүрөк ооруйт, эми аны канаттым.
Миң аракет жасасаң да жүрөккө,
Күч жетпеди, айландырдым мүрөккө.

Жүрөк чиркин, салып койду күйүткө,
Жакшы сөзгө жүрөк да кубаттанат.
Улантууга кадам коюп жашоодо,
Белегимди, сыйларымды күтүп алат.

Күтүп келет жүрөк сенин жашооңдо,
Сен болосуң ал жүрөккө босого.
Ордо шаарды орнотконбуз ошондо,
Эшик ачар биз олтургузуп ортого.

Чарчоо менен турмуш жолдо ийленип,
Араң түшүп баратабыз оң жолго.
Жүрөк учат, сүйүнүп, оң, солго,
Жаман тура, жүрөгүңдө сүйүүң болбосо.

Чалдыгат жүрөк онтоого,
Сүйүнтөр адам болбосо.
Кайгыртсаң адам жүрөгүн,
Карылык салып жүдөтөт.

Көөдөндү кыйнап соккулап,
Жанды сууруп жок кылат.
Жашоодо жүрөк баарын көтөрөт,
Жакшы болсоң жанды көгөртөт.

Бутак кылып өмүрүңдү өстүрүп,
Сүйүнүчтөн жүрөк чиркин өнүгөт.
Согот улам көөдөнүңдү сүйүнтүп,
Соолуган гүлдөрүңдү өндүрөт.

Жытын сунуп жүрөгүңдү дем берип,
Жакшы жүрөк өзү сага ийилип,
Жашап келет жүрөк чиркин сен үчүн,
Жакшы сөзгө, жардамыңа ийигип.

Жүрөк каалайт, бир өзүңө сыйынып,
Рахат деп урматыңды сыйыңды.
Жүрөк чиркин унутпайт баарысын,
Жаман сөздөн кутулбайт  да, баары чын.

Миң жолу жакшы болсоң да,
Жаман сөз тийет көңүлгө.
Сан күндөр кечирилбей ар күндө.
Сакталып келе берет өмүрдө.

## Баалабадың сүйүүмдү

Сүйүүнүн күчүн сезбедиң,
Билбедиң сен, жиндендим.
Сүйгөнүм бар деп айтсам да,
Азгырып мени жеңгенсиң.

Сүйгөнүм мени сүйүнтүп,
Сүйүнбөйсүң эмнеге?
Сен үчүн өттү өмүрлөр,
Кайгырттың, калды көңүлдөр.

Баалабастан сүйүүмдү,
Кыйнабастан өзүмдү.
Сезимдер учат бир күнү,
Калтыра көрбө көңүлдү.

Жүрөгүм муздайт, кеч болот,
Жүргөнүмө сүйүнгүн.
Жалбырттап өчүп, муз тоңот.
Күйүнгүм келди, күйүнгүм.

Жашоодо жашайм мен эстеп,
Жүрөгүм согот эсептеп,
Күнөөң эстен кетпеген,
Күткөнүм канча келет деп.

Жамгырдай жашым себелейт,
Жүрөгүм кимге эркелейт.
Жарама таап сен белек,
Жашоодо ойнош не керек.

Жашоого бир келсек,
Сыйлашканга  не жетсин.
Каарылыкты ойлойлу,
Кор болбойлу тойлойлу.

Баркымды билээр жан болчу,
Балдарды жаным ойлочу.
Бар болуп өтчү жашоодо,
Жүрөккө муздай тоңбочу.

## Ойлон

Даалай жолду өзүң басып келесиң,
Дайынсыз кайдадыр жол алып,
Көөдөндөргө сагыныч бересиң,
Жүрөктөрдү ээлеп кусалык.

Буттарым калган өндүү тушалып,
Денемди каптаган калтырак.
Кумсарган жүзүңдү нур салып,
Келерсиң бир күн жол алып.

Урмат-сый ортобузда калса дейм,
Акылыңды башкаларга уурдатпагын.
Жакшылык жанашып турса дейм,
Жаман болуп атыңды булгатпагын.

Бул жашоо бүгүн бар да, эртең жок,
Кетебиз бир күн кайырсыз.
Барктайлы бүгүнкү тирүүлүк,
Учааарбыз кайдадыр дайынсыз.

Аалам алыс, түгөнбөгөн түгү жок,
Эркек-аял бир бирисиз күнү жок.
Тирүүлүктө бирин бири толуктайт,
Барк билбесе, ал адамда сүйүү жок.

Жашоонун биз  сезбеген  баркы бар,
Ар бир элдин өзгөчө бир салты бар.
Ошол баркты барктаган адам кор болбойт.
Ойлонгун сен, асыл жардын наркы бар.

## Ааламды сен кыдырдың шамал өзүң

Ааламды сен кыдырдың,  шамал өзүң,
Канча жерге баргансың кереметсин.
Булут менен сен бийлеп кең асманда,
Боорон болуп күүлөнүп сейилдейсиң.

Куюн болуп ааламга эркелейсиң,
Жалгызсырап жүрбөйсүн шеригиң бар.
Күчтү сунган кереметтүү теңириң бар,
Кыямат шамал бербе тынчтыкты бер.

Азгырык шайтандарды көчөдөн ал,
Шамал бийле, тазала бүт ааламды.
Муздак болуп дүйнө калат жарыкта,
Шамал бийлеп жанды ийлейт акыры.
Акыл кетет, шамал менен ээрчишип,
Жашоо деп күчтүү, күчсүз кетишип.
Жандуу, жансыз шамал болот акыры,
Жаратылыш токойлорум алсызбы.

Шамал токто жаратканым барсызбы,
Аалам баары жаратканга биригет.
Адам үчүн бул жашоода бир келет,
Алмаштырба адаштырба жашоону.

Коргоп келип жандуу, жансыз, алсызды,
Тоспогунуң шамалым жарыкты.
Сууңду бур агызгынын арыктан,
Ай жылдызым шамалымды батырды.

Кээ бирөөнү шамал жүрүп калтырды,
Кучагыңа шерик кылып ээрчитип.
Кошуп күчтүү канчалаган баатырды,
Дарактарым күчү кетип кайгырды.

Ээрчитип шамал алдын акыры,
Бул да болсо мээнет экен тагдырбы.
Нечендеген жолду баскан тарыхты,
Жалбырактар сени менен саргайды.
Дарактар да сени менен картайды.

Жашоосунан бутагынан ажырап,
Кошо учуп жалбырагың шуудурап.
Каалабайт дарагынан башканы,
Жардам сурайт шамалына жалдырап.
Жер чийип улам өзү калтырайт,
Тартып шамал алсыздарды алды го.

Тамыры бекем күчтүүлөрү калды го,
Жамандарды ооруларды ээрчитип.
Теңиримдин күчү менен келишип,
Кете берет жандуу, жансыз ээрчишип.

## Жараткан жар болуп барсын жанымда

Жарым болуп жаныңда мен өзүңө багынам,
Балдарым бар, бактымын гүлү ачылган.
Кадам жылсаң, жанымдан  көрүүгө сени ашыгам,
Жан дүйнөмдө өзүңсүн купуя болуп катылган.

Жараткан жар болуп барсын жанымда,
Күч берип, дем болоюн өзүңө.
Кайылмын сага ишенип өмүрдө,
Жашап келем, сүйүүм ак көңүлдө.

Буйрук айткын, макулмун мен баарына,
Кактап турам сени сүйүү табына.
Үшүтпөй сени кышкы аязда,
Жан дүйнөм бол, жанымда аман болуп дайыма.

Олтургузуп сыйлаймын сага берип тактымы,
Сен болдуң, өмүр шерик бактыма.
Оор кырдаалдан Алла өзү колдогон,
Баш ийгенмин сенин койгон шартыңа.

Бакытты сунуп ойноткон,
Ордо шаарым шаңга бөлөп туруучу.
Сен болосун падышам,
Өмүрүмө азык берип сунуучу.

Жан эркем сени күтөм, мага келсең,
Колуңа кыпкызыл  гүлүмдү ала келсең.
Сырдашып, олтуралы биз жолугуп,
Махабат аралына бара келсең.
.

Гүлүң менен ачылды көңүлүм,
Күлкү менен жашоону өткөрдүк.
Жашоо гүлүн, сүйүү гүлүн арнаган,
Өмүр гүлүн, өмүр багын көп көрдүк.

Көрөлү биз жолугуп тең ортодо,
Сен берген ырахаттын сүйүү күчүн.
Сүйүнтүп жүрөгүмдү сенин гүлүң,
Сүйүктүүм болду мага бүгүнкү түн.

Белегиң бекем болду жүрөгүмө,
Бакытты сактап келем өмүрүмө.
Эшик ачып сүйүү гүлүн мага сунуп,
Уялаткын сезимиңди көңүлүмө.
Жашоомдо бакыттын суусун сунуп,
Кайгы азабынан  алдың мени сууруп,
Даары болдуң жүрөгүмө гүлдү сунуп.

## Алдандыңбы

Алдадыңбы,  кадамыңбы,
Мен алданып каламынбы.
Тамаша деп айтып коюп,
Көрсөт эми жамалыңды.

Азгырганга жарым алданба,
Таарынбасын балдар да.
Жооп берериңди унутпа,
Балдар суроо салганда.

Туягың бар,  сага жөлөк болоруң,
Таң каламын сен унутуп калганга.

Биз сүйүшкөн кезди унуттуңбу,
Алданып азгырылып жалганга.

Эстүүсүң, жакшы адамдын уулусуң.
Акылың бар, өзүңдү теске салганга.
Алданба азгырыктар курусун,
Кыйын тура бутуңа тузак салганда.

Жакшы жардын баркын билгин.
Жакшы жашоого умтулгун.
Үйүңдөгү мотурайган балдардын,
Атасы болуп, түбөлүкккө сен тургун.

## Ооруганда ойлоп койсоң болбойбу

Ширин сүйлөп эркелетсең өзүмдү,
Колдоп мени сен карасаң көзүмдү.
Мен каалаймын жаным деген сөзүңдү,
Ооруганда мен күйөмүн өзүңө.

Тирексин, сага ишенип жүрөмүн,
Ооруп калдым, сенден жардам күтөмүн.
«Оорубачы» деген сөздү укканда,
Элжиреди бир башкача жүрөгүм.

Дилимди оройт жакшы кеп,
Ооруму  сууруп  денемен.
Сүйүнүч берип күүлөнтүп,
Көңүлүм куунак дегдеп мен.

Ооруганда аяп койчу өзүмдү,
Муктажмын сенин сылык сөзүңө.

Сүйүнүч уяласын көөдөнүмдү,
Аяп койчу  элжирейин кебиңе.

Жашоонун акыры бар, тарыхы бар,
Адамдын жакыры бар, жакшысы бар.
Жакшы сөзгө муктаж экен күйгөндөр,
Жардам сурап сүйгөнүнөн жүргөн бар.

Жакшы сөзүң жан-дүйнөмү чымчылап,
Жакшы көрөм айтпай сөзүм тумчугат.
Сүйүү бизди бак кушунан айрыбай,
Ынтымактуу жашоо берсин тынчыраак.

## Көңүлүмө көңүл бурсаң

Жакшы сөздү айтсаң мага угамын,
Сени көздөй кучагымды сунамын.
Куштай болуп, көкөлөп мен асманда,
Булут менен сени көздөй сызамын.

Кабагыңды сен ачып, көңүл бурсаң,
Кубанычта боломун өзүм курсант.
«Алтыным» деп жалооруп айтып турам,
Андан артык бакыт жок жаным уксаң.

Жаным деп кучагыңа өзүң алсаң,
Гүлдөй болуп,  ачыламын жаныңда.
Өмүрүңө ырахатты тартуулап,
Аралайм жүрөгүмдөн сүйүү багыңда.

Көңүлдү ач, жакшы сөздү каалаймын,
Жаным сүйөм бир өзүңдү баалаймын.
Түбөлүккө мени сүйүп, барктаган,
Ишенерим сен болосуң таалайым.

## Бакыт күчү уланып

Сезимдерим сени гана жактырат,
Сезсеңчи жүрөктөрүм ашыгат.
Көңүл бурбай койсоң эгер өзүмдү,
Жүрөктөрүм бир өзүңө таарынат.

Сүйүү күчү башкарып жүрөгүмдү,
Сүйлөттү каткан сыр сөздөрүмдү.
Айттырып жүрөгүмдү улам кыйнап,
Сүйөрүмдү билдирди бир өзүңдү.

Кабыл алгын кучак жайып мен үчүн,
Сезимиң жүрөгүмдү сүйүнтүп,
Сүйөм деген сөзүңдү уксам өзүңдөн,
Арманым жок өтөөр элем дүйнөдөн.

Кубанычым бакыт күчү уланып,
Сүйүнөмүн бир өзүңө кубанып.
Эс аламын жүрөгүмдөн сүйүүдөн,
Ак жүзүмдү сүйүнүчтөн нур чайып.

## Жан эркем

Жан эркем сени сүйөмүн,
Сүйүмдү арнап жүрөмүн.
Кызганып сени жүдөттүм,
Кыйналды менин жүрөгүм.

Ачылган гүлдүн өзүсүн,
Жыпарың мени арбады.
Жыттанган сенин буркурап,
Жыттасам моокум канбады.

Кумарга батып өзүңө,
Кусамын сени көрбөсөм,
Кызытып денем кыйналды,
Жүрөгүм ысык кезинде.

Коркомун, мага башкача,
Сүйкүмдүүсүн таптаза.
Сүйдүрүп мени сен арбап,
Салдың бир мени капаска.

Гүлүң бир көрккө бөлөгөн,
Кулпуртуп сенин жашооңду.
Көлөкө болуп гүлүңө,
Болоюн таяныч жөлөнгөн.

Бороон шамал тийгизбей,
Жаман күчтү киргизбей.
Жаркытып турган көктөгү,
Болоюн жанган жылдыздай.

## Өз жарыңды тандагын

Күтпөгөн элем өзүңөн,
Жанылдың айткан сөзүңөн.
Айланчы элем көзүңөн,
Сылап бир туруп жүзүңөн.

Арбалып жаттың сөзүнө,
Карадың анын көзүнө.
Сүйөм дедиң өзүңө,
Азгырылып өңүнө.

Көтөрөм сени төбөмө,
Карап сени өнтөлөп.

Күтпөдүм эле адаштың,
Кечиремин, сен жарсын.

Аялдар бир, окшошбуз,
Даамыбыз бир байкаңыз.
Адашпаңыз, токтоңуз.
Өз жарыңды тандаңыз.

## Бир күнү мени издейсин

Жанымда болчу көлөкө.
Жаныңды менден сен бөлбө.
Даарымын аны сезбедиң,
Бир күнү мени издейсиң.

Көрктүүлөргө кызыкпа,
Кылыгы болот ысытма.
Күйөсүн бир күн табына,
Сулууларга жалынба.

Улуу аты булгаба,
Жашынып сүйүү уурдаба.
Жашты токтот туздаба,
Тирүүлөй мени муздаба.

Жүрөгүмдү муздаттың,
Ишенич сезим  кайда эле.
Имербей менден алыстап,
Кайгыга салдың кайра эле.

Сүйүүмдү неге билбейсиң,
Сени деп күйүп турсам да.
Бир убакта «сен» деген,
Бар бекен ошол жүрөгүң.

Сүйбөгөн сайын жүдөдүм,
Ооруду менин жүрөгүм.
Багынган  сайын басынып,
Үзбөдүм сенден күдөрүм.

Сабырым бар күтөмүн,
Ойгонорсуң бир күнү.
Саргайсам да түтпөдүм,
Келер деп сени ай түнү.

## Көңүл калат да бир күнү

Бийлегиниң өнөрлөрүң бар болсо,
Таанылгынын дараметиң жеткенче.
Сен баатырсың, сен күчтүү болсоң да,
Кол көтөрбө, жөнөкөй бир алсызга.

Өмүр аз деп ойлоп өзүң адашпа,
Азгырылба сулууларга карашпа.
Тозогу бар, жооп берчү убак кез келет,
Сыйлуу бол, улууларды урматта.

Жакшы болсоң, атын калат артыңда,
Акыл менен жол ачкының кадамга.
Шайтандын азгырыгын жеңип сен,
Пайдаң тийсин бул дүйнөдө адамга.

Жердегини атыңа сал эңирип,
Жаратканга сыйын, ишен берилип.
Барктай бил адамдын кадырын,
Түбөлүктүү болбойт экен тирүүлүк.

Жакшы, жаман бир жүрөт жанаша,
Ылгай бил баскан жолуңан адашпа.
Көңүл да калат аны сен туя бил
Адам кадырын билбесең бир убакта.

## Жашоонун баркын биле жүр

Ишенип кайда баратат өмүрлөр,
Шамал болуп жок болгудай заматта.
Бороон болот шамал келет өзүңө,
Ооругандай сапырылып, көңүлдөр.

Тыңшагыла бактар ырдайт үн салып,
Чымчык  сайрайт кошулуп, тыңдагын.
Баркын билип, бул жарыктын,
Ээ адамдар, ойноп-күлгүн жашагын.

Жашоонун билгин кадырын,
Ойноп-күл,таткын анын бал даамын.
Өмүр кыска, өзүңдү сен аяй жүр,
Таза сүр  жашоонун жыргалын.

Мезгил да өтөөр күн аралап,
Жакшы сөз көңүлдү дарылап.
Өмүрдү пайдалан оң жолго,
Кээ  адам жакшы сөзгө зарыгат.

## Ай нуруна ыр жазып

Айым сага жарык болот өмүрдө.
Нурун чачып, көлөкөңү көмүскөдө ээрчиген
Шерик болуп сени менен кошо басып,
Жүргөндөй кубаттанып демиңен.

Жылдыздарым бажырайсын сен үчүн,
Ырахаттуу сүйүү сунуп түнкүсүн.

Рахмат айтам  бактыма сүйүүм үчүн,
Талант бердиң, түн күзөтүп ыр жаздым.

Ай нуруна түндү бөлөп таң атып,
Сезимиме сүйүү күчүн жаратып.
Салкын аба, саамай сылап шамалың,
Ыр сабымды кээде тапсам, кээде калам адашып.

Гүлүңдү сугарайын. суу болоюн арыктан,
Жытына айланайын, багынамын ай жарык.
Дем алып, сени менен кубатыңдан күч алып,
Мен болоюн бакытыңа жол ачып.

Жүрөгүмдүн түбүндөгү сүйүүлөрүм,
Аткарылып, ойлорум орундалды,
Миң мертебе айтамын жаратканым,
Ыраазымын, сезимдерим орун алды.

## Айымдан издейм өзүңдү

Термелип баскан издерди,
Эстеймин жолуңда турсам.
Жыпарлуу сенин жытыңды,
Абадан издеп дем алам.

Турганда сен жанымда,
Үнүңдү угуп эс алам.
Менин жашоом өзүңдө,
Мүнөт сайын арбалам.

Келбетиңе мен тушалам,
Башкаларга  дит багалбай.

Балык болуп туйлайм мен,
Сууларыңды табаалбай.

Көркөмдүүсүн сулуусун,
Айымдан издейм өңүңдү.
Каткырыгың эриткен,
Элжиреткен көңүлдү.

Арбап алып өзүмдү,
Сенин сулуу келбетиң.
Бербеймин мен эч кимге,
Жүрөгүмдү терметтиң.

Жашоодо сени кечпеймин,
Жан эркем дайым эстеймин.
Жүрөгүмдү ээлеген,
Сүйүүмдү күндө издеймин.

## Сүйүү

Чочутуп жүрөккө көрүндүң,
Түшүмдө ээлеп алып төрүмдүн.
Дүкүлдөп жүрөк улам сокcондо,
Бактыма мен магдырап көшүлдүм.

Жай алдырбай жүрөгүмдү кыйнайсың,
Сүйүү сен сезимимди ыйлатып.
Көрүнбөй койсон болмок, сыздадым.
Жүрөгүмдү бир башкача туйлатып.

Неге келдиң, неге кеттиң, көрүндүң,
Алдап мени бир өзүңдөн бөлүндүм.

Ээрчиткен кыздарыңды көргөндө.
Боломун коштошкондой өмүрдүн.

Кайда кеттиң, карааныңды билдирбей,
Кайгы салып жүрөгүмө илинбей.
Кур сүйүүдөн  азаптанып кыйналдым,
Көз жашымды төгүп мен жамгырдай,
Сагынычтан буулугуп мен ыйладым,
Жашоодо жалгыз өзүм калгандай.

## Акыры жеттим сага жар болдум

Акыры жеттим сага жар болдум,
Бакыт кушу конуп өзүбүзгө.
Ырыскы нуру бөлөп бүлөбүзгө,
Олтурдук тилек менен төрүбүздө.

Кабыл алды ырайым тилектерди,
Берди мага эң бактылуу белектерди.
Тогуз шаарым бир өзүмө тирек берди,
Балдарым ачып менин пешенемди.

Биз атабыз, биз апабыз балдарга,
Мээрим, сүйүү тартуулайбыз аларга.
Акыл насаат, накыл кеңеш кеп айтып,
Үмүтүбүз бай болушса акылга.

## Азгырылба

Тизгинди тарт, атыңды оңго буруп,
Түз жолдо шамдагай камчылагын.
Бүлөңдү ойлоп, жашоону бирге куруп,
Жубайыңа жан жолдош болгун дайым.

Үй-бүлөңдү, бакытыңды теппегин,
Капысынан кесир уруп кетпесин.
А балким өз атаңдын эркеси,
А бирок, балдарың бар эстегин.

Уул-кызыңа, сөз калтырба  турмушта,
Ата бар, бала үчүн ырыс да.
Ойлон, ишен балдарыңа, жубайыңа,
Баарын таштоо, эркек үчүн намыс да.

## Жалгыздык жаман

Жалгыздык жаман ар кыялга жетелейт,
Кээде кубанып, кээде кайгырганда,
Ойлор эрмек, жүрөктөрдү эзгилейт.
Жалгыздыктан ыйлаймын мен арманда.

Бар жоктун ортосунда калганча,
Сүйгөнүм  бар, айталбаймын барганга.
Түшүнөр адам барбы келчүү дейм,
Күтө берем бул жашоодо арманда.

Жакшы жарды бир өзүмө берчүүдөй,
Тилөө менен өтөт менин өмүрүм.

Алсыз ойлор кыйнап койду өзүмдү,
Жалгыздыктан чөктү менин көңүлүм.

Жаштар акты, кыйнап койду көзүмдү,
«Жалгыз» деген ооздон чыккан  бул сөздү
Угуп алып титиреди бүт денем,
Кыйнагандай оору менин өзүмдү.

Жалгыздык жаман, башка келсе оор күндө,
Жардам берер адам карайм өзүмө.
Кыйналам күчүм жетпейт тагдырга,
Суранып жардам бер дейм барына.

Жалгыздык  алыс кылат жашоодо,
Кыйнап келет, жардам берчү адам жок.
Баары оор, кыйындык бар өмүрдө,
Жалгызмын, ичим жалын, ичим чок.

Күчүм жетпейт, мынча мен  күчсүзмүн,
Жалгыздыктан  таптакыр үзүлдүм.
Жаман сөздөн жабыгып, жан-дүйнөм,
Жүрөгүмө аянычтуу  дарт түйдүм.

Турат менин сабалап үмүтүм,
Ачылар  бир күн аппак булутум.
Сунуп бирөө аппакай бир  гүлүн,
Качандыр бел болор мага күнү-түн.

## Бакыт сундуң аруулап

Жаш жүрөгүм сен дегенде сунулат,
Ар убак сени күтүп утурлайт.
Жан дүйнөмө сүйүү гүлүн тартуулап,
Сүйүүнүч бакыт жолун аруулайт.

Бакыт сунуп жар болоюн өмүрлүк,
Жашоодо бирге болуп жүрөлү.
Сүйүүбүздү өчүрбөстөн түбөлүк,
Биргелешип,таттуу өмүр сүрөлү.

Өмүрүмдө сүйүүмдү сага катып,
Бактымдын эшигин сага ачам.
Жүрөктөгү сүйүүмдү күндө багып,
Сага карай узак жолдо бара жатам

Сүйүүңдү түбөлүк өзүм баалап,
Өмүрүмдү сен үчүн арнап келем.
Сага деген сүйүү гүлүн колго алып,
Баратам татуулап сага деген.

## Бир өзүңө күч берди

Сага деген аппак сүйүүм арнагам,
Асмандагы айымды да алып берем.
Сен дегенде жалынам жылдызыма,
Элжиреттип жүрөгүмдү бүткүл денем.

Маанайымды, көңүлүмдү жылыттың,
Мага жагат сенин назик жооругуң.

Жаркыратты үйдү сенин жарыгың,
Эрксизден келбетиңе багындым.

Сыйлуу болуп айым элге таанылдың,
Сыйкырыңды, сырларыңды батырдың.
Шоола чачып, өзүң кошо жаркытып,
Айым мени өзүң сүйүп жактырдың.

Кереметиң бир өзүңө күч берди,
Белегимсин жүрөгүмө шай келди.
Табылгыс, татына гүл берип,
Сүйүү, бакыт бешигине бап келди.

## Кызгалдак

Кызарган кызыл кызгалдак,
Көркөмү көздү кызартат.
Жүрөгүм ысык,жылуулук,
Денеме кызыл нур жанат.

Жүрөктү гүлүм азгырып,
Кетесин жалгыз калтырып.
Көргөндө жүрөк тазарат,
Сүйдүрүп кызыл  кызгалдак.

Жашайсың араң бир айга,
Өзүңдү салып кайгыга.
Кызгалдак кайда шашасын,
Өмүр сүрчү бир жылга.

Кайгыга тез батасың,
Кусалык  ичке  катасың.

Жагынтып арбап жүрөктү,
Кызгалдак кайда шашасың.

Кулпуртуп кыргыз жерин,
Суктантып башкаларды.
Кызартып сайма саясың,
Көрктөнөт сенин теребелиң.

Жел менен өзүң бийлейсиң,
Көзгө укмуш ыргалып.
Көпөлөк конуп, ырдап ийнелик.
Тургандай болот нур чалып.

Адамга такыр ийилбей,
Көпкө өзүң илинбей.
Кетесин бир заматта.
Сүйүүңдү бизге билгизбей.

Кыпкызыл гүлүң жайнаган,
Кызытып сүйүү багынтып.
Заматта моокум тараган,
Кетесиң баарын сагынтып.

Дүйнөгө өзүң таарынып,
Кете бердиң калтырып.
Жаздагы жүрөк ыйлатып,
Калдык биз сени узатып.

Келерки жазда келээрсиң,
Теребелди кызарган,
Гүлүң менен жайнатып.

## Кайрылып келчи мен жакка

Жаштыгым кайда  шашасың,
Кайрылып келчи мен жакка.
Токтой турчу ашыкпа.
Шашып кайда барасың.
Жүзүмө бырыш бастырып,
Карылык мени арбаба.

Гүлдөй болуп ачылып,
Көркөмдүү  ээлем бир  кезде.
Суктантып канча жигитти,
Сүйдүртчү элем  бат эле.

Кылыгың мага жарашып,
Жигиттер сүйгөн талашып.
Сүйкүмдүү деп баалашып,
Жаштык кез кетти жанашып.

Кайрылып келсе жаштыгым,
Башкача өтмөк жаш чагым.
Каалаймын энем бакканын,
Сагындым бала бакчаны.

Кайрылып келсе жаш чагым,
Сагындым менин бакканын.
Энемдин сүтүн ак даамын,
Балалык кезде татканмын.

Балалык келчи, мен ойноп,
Оюнга тоюп алайын.
Бала болуп эркелеп,
Энемден кубат алайын.

## Багыма берип

Табылгыс менин берекем,
Асылым кымбат жан эркем.
Сүйүүмдү сунуп, узаттым,
Ак дилден таза сага деген.

Жытыңа кумарланам.
Жанымсыз туралбагам.
Кетпечи суранарым,
Сен үчүн убарамын.

Кызыксыз сенсиз жашоом,
Сүйгөнүм кетпейт ойдон.
Сүйгөнүм жарым болсоң,
Колуктуң өзүм болом.

Орнолду тилектерим,
Тургуңду мага бергин.
Бакытка бөлөп бизди,
Тургунбек жарым сенсин.

Бирге сүрүп өмүрдү,
Биз жашайлы түбөлүк.
Оорутпастан көңүлдү,
Таалайлуу өмүр сүрөлүк.

## Сен гана сүйгөндөрдүн дарысы

Өзүмдү сен багынтып гүлүң менен,
Ырахатка бөлөдүң сүйүүң менен.
Ыраазымын гүлгө туш болгонго,
Тартып алдың өзүмдү күлкүң менен.

Сулуулугуң арбап алды күчү менен.
Ачыл гүлүм эч убакта соолубагын.
Күн бүркөлсө капаланып, оорубагын.
Чагылганга калкан болом, мен турамын.

Жашоомду жаман ойго жоорубагын,
Ачыл гүлүм түбөлүккө ачыл бүгүн.
Ажарлуусуң, бажырайып тургун дайым.
Бактылуумун, сени менен бүгүнкү күн.

Эстен кетпейт ырахат алган кечки түнүм.
Сүйгөнүм тартуулаган сени мага.
Бажырайып бир башкача тургансың сен,
Батпай менин толуп-ташып кучагымда.
Өстүрөйүн, көбөйтөйүн тамырыңды,
Агызып түптөрүңө сууларымды.
Бапестеп, сенин ар бир бутагыңды,
Таратайын өзүмдүн кумарымды.
Көркүңө көзү тойбой баарысы,
Суктанышсын жаштары да, карысы.
Гүлдөрүм өсө бергин көрктөнүп,
Сен гана сүйгөндөрдүн дарысы.

## Жаратым күчөп өтүүдө

Сүйбөсөң сүйбө, кечирбейм өмүрдө,
Алдаганың эске түшөт күнүгө.
Кечирим сурап менден өтүнбө,
Так салгансың, кечиримсиз көңүлгө.

Ишенгенмин, эске түшөт жаратым,
Жараланган жарым канатым.
Сүйүүдөн мен оору ашырып,
Сүйбөсөң да мен сага жанаштым.

Кеч болсо да билсең болду күтөмүм.
Ээрчийм сени ысык сууңа чөмүлүп.
Жүрөгүм күйүп турат  чок болуп,
Капалыкка оронгонсуйм көмүлүп,
Сени мен ушунчалык сүйүптүрмүн,
Ойлорум туш тарапка бөлүнүп.

## Жүрөгүм сени менен туташкан

Жүрөгүм сени менен туташкан,
Тамырларым жаның менен улашкан.
Сүйөм сен деп согуп турат жүрөктө,
Сүйүүм менин жашоомду уланткан.

Биз көппүз,  улай берем тамырды,
Бириккенбиз, бере албайм жанымды.
Кадырымды сен  билсең деймин,
Өчүрбөстөн жүрөктөгү жалынды.

Жар болуп жүрө бергин жанымда,
Тирүү болсоң болду менин бактыма.
Эңсегеним сени менен болоюн,
Көбөйөлү, көңгүн менин шартыма.

## Таянарым болосуңбу

Таянар тоом болосуңбу?!
Таяк кармап жүргөн кезде,
Тайгаланып мен жыгылсам,
Жардам берип койосуңбу.

Душманыма калкан болуп,
Сен коргочу болосуңбу?!
Жаман сөздү сен жашырып,
Намыс сактап коесуңбу?!

Кызыгышат бизге баары,
Досторуңдан сен алдыда
Сыйлап мени коесуңбу?!
Досторуңдун алдында.

Жүрөгүмдү  жылытып коесуңбу?!
Жаман сөздөн  калкан болосуңбу.
Мактап өзүң мени  эл алдында,
Жаным сен сүйүнтүп мени коесуңбу.?!

## Үмүт

Кайгырдым эмнеге билбедиң?
Түшүнбөдңң аттиң, тилдендим.
Көңүлүмдү  жаман оорутуп,
Сүйөөрүмдү  сен билбедиң.

Жакшы сөзүмдү сен укпай,
Кыйналдым сүйүүмдү унутпай.
Келесиң  үнсүз мелтирем,
Кыйналды жүрөк тумчугуп ай.

Ойлончу, ойлон суранам,
Сүйөм десең кубанам.
Сүйүнүч салсаң жүрөккө,
Асманга карай  уча алам.

Бир убакта мени сүйгөнсүң,
Жаным деп мага күйгөнсүң.
Жүрөккө салып уютку,
Жалооруп мага жүргөнсүң.

## Айым, күнүм нур чачып

Согуп улам жүрөктөр кандай бакыт,
Жылдыздар күчтү сунат сизге жаркып.
Бийлетип  денелерди толкундатып,
Айым, күнүм тургансыйт нурун чачып.

Ырахат сунуп эмелеки караңгы түн,
Унутулгус сүйүү сунат бүгүнкү күн.

Күнүм чыкса жаркырап, нурун чачып,
Гүлүм кошо ачылат, бажырайып.

Жашасын коздугуңда бул жарык да,
Күч алып, сенин жылуу кубатыңдан.
Жаркырап айымдын шооласында,
Нурданган сүйүүгө балкып турам.

## Бололу түбөлүк

Тагдыр буйруп  баш коштук түбөлүккө,
Ажырабай кол кармашып, өмүр шерик.
Сыйлашып сүйүү менен өмүрлүккө,
«Бир бололу», дедик биз анты берип.

Тирүүлүктө баалайлы биз, кадырды,
Кайгыга салбайлычы тагдырды.
Бир келген жашообузду барктап өтүп,
Үйүбүздүн биз бололу жарыгы.

Бекем кармап сүйүүнүн ачкычын,
Колдонолу түбөлүккө экөөбүз.
Көрөлү бирге жашоо бактысын,
Буйруса унутулгус күндөрдү өткөрөбүз.

Жоолугуп кыз-жигит  кезинде,
Бакыт сундук бирибиз бирибизге.
Баш ийели, өмүр бою жашообузга,
дегенибиз, алигүнчө  эсибизде.

## Сүйүүмдү жүрөгүмө сактайм

Мен сүйүүмдү жүрөгүмөн өчүрбөйм,
Бир убакта жакшы сөздөр айтылган.
Ал сөздөрдү жүрөгүмө көчүрөм,
Көөдөнүмө табериктей катылган.

Аз да болсо сүйдүң мени өкүнбөйм,
Жүрөктүн күчүн бир күн берерсиң,
Сүйгүн деп мен сенден өтүнбөйм.
Жалооруп өзүң бир күн келээрсиң.

Жүрөгүңө күч келгенде сезерсиң,
Сүйүүңдү бир өзүмө тартуулап.
Белек кылып жүрөгүмө сунарсың.
Мен күткөн качандыр бир убак.

## Жанымдын жарымы сенсиң

Жанымдын жарымы сенсиң,
Жашоодо жарыгым белемсиң.
Жашоомо кубат, дем берген,
Өмүрлүккө бир өзүң керексиң.

Мактаналам сенин бардыгыңа,
Сыймыктанам сый-кадырыма.
Бактылуумун сендей жарыма,
Ыраазымын  ушул тагдырыма.

Жашоого  шык, түрткү бердиң,
Алдыдагы үмүттөргө жетелеп.

Бир укмуш ачылган түрдүү түмөн,
Сундун мага апаппак сүйүү гүлүн.

Сенин барың көңүлүмдү шат кылат,
Жаман ойду жүрөгүмөн арылтып.
Дем берип сенин күчүң карк кылат,
Тургансыйт кош алакан чапкылап.
Жанымдын жарымы сен өмүрдө,
Жакшы ойдо жүрсөң дейм ар убак.

## Каалабайм сага кайгыны

Каалабайм сенин кабак салганыңды,
Башына түшкөн күйүт арманыңды.
Тагдырдын жазып койгон азабыбы,
Билем мен сенин да абалыңды.

Күчтүүсүң  мен ишенем жеңээриңди,
Жөлөк болом, кыйналганда  кайгыңа.
Көтөрүп ооруңду мен алайынчы,
Колдоп өзүм, кубат болуп сенин канатыңа.

Күлкү сал жүзүңө жаным суранамын,
Жаным сени менен алаксып убарамын.
Сүйсөң сүйгүн  сени менен кубанам,
Сүйүүңө, бакытыңа мен бек туралaмын.

Жамандык көрбөгүн сен жарыкта,
Жүрөлүчү бирге сенин багыңда.
Булбул куш экөөбүзгө сайрасын,
Жаздын мен күткөн  ак таңында.

## Сен ордолуу шаарымсың

Сен болосун менин жарыгым,
Ишенерим алтын жарымсын.
Үйүмө шоола чачкандай,
Бүлөңө ордолуу чоң шаарымсын.

Кубанычты сунган жарыксың,
Кубат болуп берген даарымсың.
Жаркытып кенен жол ачкан,
Жанымда жүргөн багымсын.

Сен болдуң жашоо ачкычы,
Жүрөккө сүйүү  жол салып.
Жакшылыктын баарысы,
Сен болдуң сүйүү жарчысы.

Жарыгыман күчтү мен алсам,
Жарыман кубат мен алам.
Бактылуу мен адаммын,
Сага ишенип дүйнө көрө алам.

# Сүйгөнүмдү бил дедим

Көздөрүмдүн  жашы акпасын,
Жүрөгүңдө сүйүү сакталсын.
Сен үчүн күйүп баратам,
Өзүмө келгин бат бачым.

Сүйүүңдү менден катпагын,
Сени менен өтсүн жаш чагым.
Жүрөгүмдү көп  таарынтпай,
Сүйүүмдү сен барктагын.

Сен сүйүүдөн  азап тартканда,
Сүйүүнүн баркын билерсиң.
Түн бир оокум жатканда,
Мени эстеп күйүп жүрөрсүң.

Сүйбөсөң да мен жаныңда болоюн,
Куштай сайрап, гүл багыңа коноюн.
Сүйгөнүмдү, сүйөөрүмдү билип жүр,
Макул десең, кучагыма оройун.

## Сен нур сундуң багыма

Сен менин жарыгымсын ааламда.
Жашоо сунуп кубат берип жаныма.
Сен бар үчүн жашап келем өмүрдө,
Ыраазымын сендей жардын баарына.

Ай болуп, сен жарык чачтың жолума,
Жылдыздарды сен көбөйткүн багыма.
Шерик болуп, шоолаң кошо жанымда,
Нурларын чачып, жаркып турсун дайыма.

Жол көрсөтүп, сен дүйнөмү кыдырдың,
Жолуктурдуң кереметтүү жерлерге.
Жомоктогу сыйкырларга  туш кылдың,
Кереметүү ханышага айлантып кез-кезде.

Күнүн кошо айыңдын жанында,
Ээрчип жүрөт түбөлүк сен менен.
Булуттарым мемиреп кучагыңда,
Магдырап, элжиреп бүт денем.

## Сен бар жашайм

Сен бар жашайм,бул жарыкта алаксып,
Сен бар жашайм, бир өзүңдү талашып.
Сени сүйүп сүйүүн менен кармашып,
Жашагым бар сени менен жанашып.

Сен бар өзүм, дем аламын жашоодо,
Кубат берсең чыгамын бийик тоолорго.

Жар саламын, сүйөмүн деп үн салып,
Бактылуумун сени менен болгонго.

Сүйүп койсоң, карап койсоң болгону,
Жүрөгүмө сүйүнүчтүн толгону.
Алтын кур да, кереги жок өзүмө,
Өзүң алтын көрүнөсүң көзүмө.

## Сүйүү келсе жашартат карыны

Карыганда өзүң көзгө көрүндүң,
Кайран жаштык өткөнүнө  өкүндүм.
Сени сүйүп өмүрүмдү өткөрдүм,
Мен жетпедим, акылыман бөлүндүм.

Кыйноого салып неге көрүндүң,
Алып кеттиң, тең жарымын өмүрдүн.
Сүйүндүрүп койсоң болмок көңүлдү,
Жүздөн сылап жыттап койсоң өзүмдү.

Болор элем мен бактылуу, кадырлуу,
Жаман экен сүйгөнүнөн айрылуу.
Сен билбеген сезимдерде ийлеген,
Уйкусуз түн, жүрөк сыздайт жабырлуу.

Сезим менен сени сүйүп жашаймын,
Сен сезбедиң өзүмдү өзүм алдаймын.
Карылык алыстатат тура сүйүүнү,
Жүрөгүм жаш, эстей берем ар дайым.

Көңүл бурба серт болсо да өңүмө,
Жүрөгүмдү түшүнсөңчү өтүнөм.

Тоскоол болгон карылыкпы сыягы,
Карылыкка калган мен өкүнөм.

Сүйүү келсе жашартат карыны,
Сүйүү бул ден соолукка дарыбы.
Аяп койчу сени сүйгөн карыны,
Мени десин жүрөгүңдүн жарымы.

Жүрөгүм жаш, туйлаттыго денемди,
Чыдай албай сени сүйүп келемби.
Алсыздыгым аз болгонсуп, уйку жок,
Сени сүйүп качандыр бир жетемби.

Кайгырганда сени менен эс алам,
Капа болсом элестетип жазылам.
Жетпесем да аман жүргүн мен үчүн,
Сенин менен кубаттанам, жай алам.

## Жамгырым тазала

Ак булуттар асманда,
Буулукту деп сооротту.
Булуттар жамгыр чачканда
Аппак жүзүм жуулду,
Көңүл кири таптаза.

Жаачы жамгыр, жашты жуу.
Капалыгым тарасын.
Мөлтүрөгөн тамчы суу,
Жан дүйнөмдү агартсын.

Сен дарыла көңүлүмдү,
Бакчамды сен гүлдөткүн,

Жаай бер, жаап өткүн,
Капалыгым жууп өтсүн.

Күч алдырып, сен сүйүүмдү,
Кырсыкты тос, ачкын жолумду.
Жамгырым жаа,  жай бергин,
Жууп аппак жүзүмдү,
Көңүл кирим тазарсын,
Жамгырым, жаай бергин.

## Сенин барың калкан балаңа

Ата, атакебай кайда кеттиң сагындым,
Бел элең го бизге калкан, алсызмын.
Сенин сүрүң сый экен го төрүмдө,
Кызмат кылдың кел атаке, жалындым.

Айрылганда мен атадан кыйналдым,
Жардам керек атаке, деп ыйладым.
Ооруганда кантем, айла таба албай,
Жаным ата, жандыкка кыйбадым.

Күн өткөрдүм,  мен атама бара албай,
Билбептирмин сен тирүүңдө кадырды.
Ата сүрү калкан экен жашоодо,
Сезбептирмин, жаштык кылып баркыңды.

Колдон келсе берер элем жанымды,
Ооруңа таба албадым, даарыңды.
Күч алдырбай тосоор элем дартыңды,
Күчтүү ажал  алып кетти жаныңды.

Оорун алып, жүрөгүмдө жашайсың,
Ооруткандa сени эстеп жашадым.
Согуп улам тынч алдырбай жүрөктү,
Атакебай мен кеткениңе капамын.

Сен билбейсиң атакебай кыйналдым,
Кайгы ороп жүрөгүмдү чырмады.
Элесиң көздөн кетпей сыздадым,
Кеттиң ата, көрбөдүм сен жыргалды,
Сени эстеп аябай ыйладым,
Оо атаке, оо дүйнөгө кыйбадым.

Сагынтып балам деген үнүңдү,
Уккансыйм, кулагымда тургансыйт,
Атаке сен жакшы көргөн гүлүңдү,
Коруп келем, кимдир бирөө үзгөнсүйт.

Баш ийип, жашап келем мен үйүмдө,
Бейишиңди тилеп ар убак күнүгө.
Барган жайың жыпар жыт жыттанып,
Суранам Жараткан Теңиримден күнүгө.

## Өчпөс жарык бололу

Минип алып тулпарды,
Биз аралап бульварды.
Бакытты колдон чыгарбай,
Көрөлү сүйүү кумарды.

Жарык болуп чырактай,
Жанып бирге жүрөлү.
Балдарыбыз чырактай,
Бактылуу өмүр сүрөлү

Өчпөс жарык бололу,
Өстүрүп бала туягын.
Балдарга нурду чачалы,
Көрөлү  дайым убайын.

Дайрадай  болсун  өмүрүң,
Даалайга аты таанылган.
Доорун сүрүп жашоонун,
Дөөлөт ээрчип башыңан.

Биз бололу бактыңа,
Олтургузар тактыга.
Кызматты берсин балдарга,
Ийгилик коштоп жалпыга.

## Сүйүүнүн айынан мени таптың

Сүйүүнүн айынан мени таптың,
Өмүрлүк жар, болдум түгөй.
Жүрөгүмө сен да жактың.
Бир болуп ай менен күндөй.

Баш ийдим  ошондогу бактыма,
Капа эмесмин кез келген  тагдырыма.
Жаш экенмин ойлобопмун убагында,
Орун алдым, ошол кезде турагыма.

Мен сүйүнөм, кээде өкүнөм тагдырыма,
Чоң болсоң да,  жакшы жарсың бактыма.
Улуу болуп акыл салсаң кээ убак,
Көнө түшөм, сен айткан шартыңа.

Теңиңди таппагандай кыйнадың,
Алдадың да,  бирок сени кыйбадым.
Элестеймин кээде жатып койнуңда,
Жаш жигит  турат менин оюмда.

## Бактылуу болуп жүрөлүк

Көрүнүп калып көзүмө,
Багынтың мени өзүңө.
Сүйөм деп айткан сөзүңө.
Ишенбей турам негедир,
Айткан белең көбүнө.

Бактылуу болуп жүрсөк дейм,
Кайгы көрбөй  түбөлүк,
Сүйүүбүз тунук болсо дейм,
Жашоого бакыт бүр өнүп.

Карылыкты көрөлү,
Ойнойлу да күлөлү.
Тирүүлүккө бир келген,
Таалайлуу өмүр сүрөлү.

Ооматты колдон чыгарбай,
Ордолуу шаар бололу.
Жетилип өскөн чынардай,
Көккө бой созолу.

Сүйүп сен  деп өтөмүн,
Башкаларга алмашпайм.
Кулуң болуп  жүрөйүн,
Башкага мен жандашпайм.

## Ансайын сени сүйүп баратам

Сен деп жашап өмүр өттү билбедиң,
Сүйүүмдү сени деген  сезбедиң.
Сынап көрүп, жүрөгүмдү кирдетип,
Кээ күнү бир кайрылып келбедиң.

Карыганда  кеч болоорун билбедиң,
Мен ошондо кечирбесмин а балким.
Жүрөгүңдү башкара албай калып сен,
Сезимиме бүлүк салып келаттың.

Жетеледи жүрөгүмдө кусалык,
Буттарып  тургандай бир тушалып.
Ээлеп алып көөдөнүмдү таарыныч,
Бараткансыйм бүткүл денем жукарып.

Сени сүйөм, балким  дале кечирем,
Анансайын сени сүйүп баратам.
Экинчи ирет кейитпегин  мени сен.
Мени сүйгөн жубайым деп санасаң.

## Шүгүр кылчы

Сүйдүм сени, жашоо сени азгырды,
Сүйүп аны азгырыкка бардыңбы,
Өзүңдөгү күнөөнү сен ойлобой,
Күнөөлөдүң өзүңдү эмес,  тагдырды.

Шүгүр кылчы, бактылуу жашообузга,
Жараткан баарын берди бизге.

Ойлонуп сен, Теңирге шүгүр дегин,
Балдарыбыз бар, бажырайган ортобузда.

Күнөө шарыятта эмес, сен айткандай,
Күнөө сенде, кийинкини ойлобогон.
Ойлонуп көр, келечекке акыл калчай,
Жаңылсаң да, мен аны козгобогом.

Бардык нерсенин чеги болот ойлосоң,
Баары бир мен сени сүйө берем.
Эгер да бул жоругуңду койбосоң,
Баары бир жалбырттап күйө берем,
Бул менин жашоомду сүйгөнүм бил,
Өмүр бою азаптанып жүрө берем.

## Кечирип кой

Күнөөң өзүңдө, ар убак  билип  жүргүн,
Тилейли, үйүбүздө тойлор болсун.
Теңирим күнөөбүздү кечиргин деп,
Сен үчүн да жаратсандан  суранам мен.

Байкамаксан болосуң, адатыңбы,
Жаштыгыңа салып адаштыңбы.
Мага арнап жакшынакай белегиңди,
Тартуу кылып өзүмө келесиңби.

Күчүң жетсе кечирип кой, аяп мени,
Күйүп-жанып, сени сүйгөнүмдү.
Жакшы сөзүңдү айтып кой, мага деген,
Анан сайын сүйөйүн түгөйүмдү.

Жылмайсаң, кошо жылмаямын,
Эркелетчи, жакшы сөзүң угайын.
Кучагыңа жыпжылуу бой жаямын,
Түртпө ары, мемиреп турайын.

Жакшы сөз сүйлөсөң көкөлөйм,
Кубатым деп ар убак бөпөлөйм.
Сен да мен сыяктуу бөбөлөгүн,
Асмандагы ай болуп көкөлөйүн.

## Жаш жүрөктү кыйнагандан не пайда

Жаш жүрөктү кыйнагандан не пайда?!
Пайдасызды сүйгөн менен не  азап?!
А балким бул менин кайгым да,
Элеңдеп жолдо турам сени карап.

Кетет, келет бул сүйүүлөр, жашоо тура,
Сезбегенди не кыласың сен сүйүп.
Жүрөгүңдө сезимдерди оорутпа,
Көөдөндөгү көңүлдөрдү буулуктуруп.

Шордуу жүрөк кыйналганда тура албай,
Көз жашыңды агызасың тыя албай.
Буйурбаган сүйүүгө сен малынып,
Турасың сен сезимдерден чыгаалбай.

Махабаттын аралында адашып,
Ак сүйүүдөн запкы тартып турамын.
Башкалар турушкандай карашып,
Ашыктыктын запкысынан сынамын.

Махабаттын кайыгында олтуруп,
Үмүттөргө жетеленип баратам.
Кыялымда көңүлүмдү толтуруп,
Үшкүрүктү жок кылыппмын карасам.

Үшкүргөн жүрөгүмдү жылытып,
Махабатым мени көздөй келатат.
Сүйүнүчтөн ысык жашты куюлтуп,
Сагынычтар көөдөн жиреп баратат.

## Айлуу түн

Айлуу түн экөөбүздү жолуктурду,
Аңгыча жылдыздарда толуп турду.
Ай бизге чырактай жарык болуп,
Асманда кадимкидей конуп турду.

Сүйүү күчүн жандырды  ай жарыгы,
Сүйүнүч тартуулап сүйүүбүздү.
Ай сымал асмандагы жаркыратты,
Ай шooласы жаркытып түнүбүздү.

Жылдыздар улам бизге карап,
Жүзүбүзгө жарыгын чачып турду.
Көктөгү ажайып бийик тарап,
Табылгыс күндөрдү бизге сунду.

# Роза гүлү

Роза менен кулпурат корообуз,
Буркурап жыты аңкып турат.
Аңкыган жытына магдырап биз,
Жан-дүйнөм бир укмуш кубаттанат.

Жазымдын көркүн  ачат розалар,
Көңүлдү көкөлөтүп бир башкача,
Розадан букет жасап эгер келсең,
Чарчоо жазып, канмак кумар.

Сулуусуң жадырап жаздагы.
Бажырайып ачылып жайнады.
Короомдогу укмуш гүл багы,
Ханышасы гүлдүн ушул  розабы.

Суктанып өзүңө канчалары,
Ак карлуу кыш болсо дагы,
Букет жасап  сүйгөнүнө,
Тандап алган розаларды.
Жыты менен буркураган,
Тараттың кайгыларды.

## Баары калат

Күндөр өтөт шашылып,
Учкан куштай закымдап.
Сырлар ичте катылып,
Өтөт күндөр, бачым бат.

Сүйүүлөр калат сакталып,
Армандар  көңүл аңтарып.
Артта калды сезимдер,
Себелеп ырыскы чачылып.

Өмүрлөр өтөт камчылап,
Атырылган күлүктөй.
Колуңда турбайт ар убак,
Сезилбей кээде мүнөттөй.
Баары калат артыңда,
Туюлат кээде күн өтпөй.

## Жүрөгүмө салдың сен уя

Жүрөгүмө салдың сен уяны,
Сүйүүңдү жүрөк сурады.
Сени күтүп жаным суусады,
Жүрөгүм да сен деп турганбы.

Күтөм, күтөм уядан өзүңдү,
Уялам уялыңкы жан эркем.
Сүйөм деген сөздөрдү укканда,
Калтаарыйт менин денем.

Уяңа тамчы сууну агызам,
Жүрөгүңө дары болот багынсаң.
Дарылык сууларымды сагынып,
Уяңа чакырасын зарыгып.

## Жолумдагы чыйыр жол

Караан элең сен өзүмдү калкалап,
Мени коргоо душмандарды талкала.
Жаратканым сен өзүмө канатсың,
Ар убак мени колдоп бараттың.

Таянамын Теңириме арбалам,
Тагдырыма бир өзүңө багынам.
Теңир колдо, бешенемден сылай жүр,
Бу жашоодо мен көбүрөөк жабыгам.

Жакшы көрөм Теңирим менин кубатым,
Дайым таяп, колдоо берип турасың.
Жаратканым сен жашоодо бар үчүн,
Жандуулардын жүрөгүнө жакынсың.

Тагдырдагы менин баскан чыйыр жол,
Келме ооздо ар ишиме тирек бол.
Сенин берген илим менен келатам,
Аткарылып жакшы жолго тилек бол.

Батаа кылып Теңиримден суранам,
Ийгиликти коштоп турчу убарам.
Сен берген илим мага дем берген,
Пайдам тийип канча адамдан дуба алам.

## Жаштыгым

Жаштык кез кайда шашасың,
Бир кылчайчы артыңа.
Адымдап улам барасың,
Көнөйүнчү шартыңа.

Карылыкты кечиктир сен,
Жаштык кезим узарсын.
Күлмүңдөгөн гүлбурак,
Күмүштөнүп кубансын.

Көзүңдөн тамчы акпасын,
Кулпурган күлгүн жаштасың.
Ачкычы сенин колуңда,
Кулпусун алба башкасын.

Гүлдөй бажырайган жаштасың.
Жаштыгың сенден качпасын.
Жашың жүзгө жетсе да,
Жаштыкта болгун жапжакын.
Өмүрүң жүздөн ашса да,
Чачыңды бубак баспасын.

## Издеймин булуттардын арасынан

Кол сунам бир өзүңө жетпей келсем,
Ансайын мен өзүмөн алыстайсың.
Кээде бар, кээде жоксун таппай калам,
Неге сен менчелик камыкпайсың.

Бүтүнсүң, кээде жарты сен асманда,
Жылдызды бир өзүңө курчап алдың.
Түн күзөтүп, сен уктап жатканда,
Дирилдеген делебемди козгоп алдың.

Нур чайып кээде жоксун, сен бекинип,
Түнкү кечте караңгыны жиреп келип.
Булуттардын арасынан издеймин мен,
Буулугуп барат менин сезимдерим.

Сен толсоң, мен да толом  кубанып,
Таасириңден кереметтүү күч алып
Мен күткөн айымдан суранам,
Сени сүйөм мага  келчи  нур чалып.

## Жашоомо сепчи үрөндү

Жашоомо сепчи үрөндү,
Ал үрөн сен берген,
Бажырайган гүл болсун.
Өмүрлүккө бир келген.

Жашоомдогу нур болсун.
Гүлүмдү мен өстүрүп,
Көркко бөлөп өмүрдү,
Черин жазып көңүлдү,
Гүлдөтөйүн сезимди.

Жүрөккө септиң үрөндү,
Ал сенин тунук сүйүүңбү.
Сүйүү үрөнүн өндүрүп,
Тарадым мөлтүр суунду.

Ороңду гүл менен толтуруп,
Жети гүл сундуң өзүмө.
Ойлонуп мен олтуруп,
Жыттаттым гүлдү өзүңө.

Оронуң окшош өзүңө,
Ичинде толуп гүл турат.
Окшоп турат  көзүңө,
Ар бири гүлдөй кулпурат.

Оронун турган ичинде,
Балдарым тура өзүмдүн,
Кан жанымдан жаралган,
Окшошуп турат көзүмө.

## Жамгырды эстейм

Жамгырды эңсейм сепкенин,
Жааганда сени эстеймин.
Себелеп жааса жамгырым,
Бактымдай өзүм сезгенмин.

Тамчың тийсе жүзүңө,
Эргүү келет жүрөккө.
Жашарам  жамгырга,
Жааган сайын себелеп.

Махабат оту өчө элек,
Жамгырым жааса эртелеп.
Жаабаса жамгыр таарынам,
Жамгырда сүйүү бир келет.

Сени күтөм жамгырым,
Суусап турат тамырым.
Сен менен  бирге тагдырым
Жаагын менин жамгырым.

Жааганда жүрөгүм согуп,
Жүрөктө сезим ойгонот.
Жүрөгүм толкуп толгонуп,
Жамгырым жааса күч толот.

Себеле, себелегин жамгырым,
Эркелейт сага тамырым.
Күчүңдөн сенден гүл өнүп,
Ааламга гүлдөй жайылгын.

## Сүйүүмө күбө жамгырым

Денемди  жууп сыйпалап,
Жамгырым менин тамчылап.
Көөдөнүмдү тазалап,
Жамгырым жаайт сабалап.
Тургандай мага сезилет,
Музыка коштоп, ыр ырдап.
Жамгырым менин сырдашым,
Чөгүп турган көңүлдү,
Сооротосуң сен арбап.
Тамчыларың ургулап,
Сезимдерим буулугат.
Жамгыр жааса каттуулап,
Өчөшкөндөй сезилет,
Менин сүйгөн жарыма,

Сүйүүмдү жеткир камчылап.
Ошондо мен ыраазы,
Бакытым дайым барчылап.
Сүйгөнүмдүн көздөрү,
Тамчыдай тунук мөлтүрөп,
Жаагын менин жамгырым,
Ашыгымдын жүзүн,
Мен тургандай өпкүлөп.
Сүйүүмө күбө жамгырым,
Сүйүүмдү өзү билеттир,
Тамчың тийсе бетине,
Жаасаң мени эстейттир.

## Жазым

Жаз мезгил  менин майрамым,
Жаздай болуп жайнайын.
Гүлдөрүм  жайнап  ачылып,
Гүлгө оронот жаз айым.

Төрөлдүң жаз күнүндө,
Бөлөндүм жаз түрүнө.
Жыпар жытка оронуп,
Окшошуп жаздын өңүнө.

Майрам менин тагдырым,
Балбылдап жанды бакытым.
Сүйүүгө мен бөлөнүп,
Жаз менен кошо бараттым.

Жарымды жазым сүйөмүн,
Жарпымды жазып жүрөмүн.

Жазында мага үйлөндү,
Табышкан менин түгөйүм.

Гүлдөрүн сундуң түрлөрүн,
Дирилдеп менин жүрөгүм.
Кабынан учуп чыкчуудай,
Калтааарып мен жүрөмүн.
Сүйгөнүм жазда келчүүдөй,
Бакытым күтүп жүрөмүн.

## Сен түшүн

Жүрөктү өзүң билесиң,
Сүйгөнүмдү сезсеңчи.
Кирдетпечи көңүлүм,
Кылчайып мага келсеңчи.

Ыйлатып мени кыйнадың,
Сүйүүмдү өзүң сезбедиң.
Сүйбөгөнгө ыйладым,
Кантсе да сени кыйбадым.

Сүйүүдөн өзүм өрттөндүм,
Күнөөлүү кылат так сөзүң.
Кызганчак деп ат коюп,
Жүрөгүмдү козгодуң.

Сүйгөн адам кызганат,
Күйөт, жанат кызарат.
Тиктей албай көзүңө,
Жүздөрү бир нурданат.

Оттой жанып сен үчүн,
Ортодо болом мен бүгүн.
Алмашпайм сени башкага,
Ооруган жанды сен түшүн.

## Насаат айтам

Ойлонгун тирүү калбайсың,
Көргүн сен жашоо пайдасын.
Жаш агызып ыйласам,
Күнөөңдү өзүң байкагын.

Жаман болуп жашаба,
Жанчылып жаның турса да.
Сен бирөөнү алдаба,
Жаман ойдо турсаң да.

Бирөөгө кайгы  салбагын,
Көңүлүн оорутуп албагын.
Өзүңө бир күн келет дейт,
Запкы көрбөсүн балдарың.

Ооруганга дары бол,
Сүйүктүүңдүн жары бол.
Ачылсын сенин ак жолуң,
Көпчүлүктүн деми бол.

Туягың да, жарың да,
Аман болгун бактыңа.
Күнөөлүү болбо  таптакыр,
Таза иштеп калкыңа.

Жаныңда жакшы адамдын,
Ачык турат  бейиши.
Дүйнөгө бир жаралдың,
Болбосун эч кейиши.

Балалык кезде аман бол,
Наристе сезим таптаза.
Замана жашоо оңолор,
Бөбөлөп бала таптаса.

Элечек кийсең ийилген,
Сыйы болот элиңдин.
Кереги тийет кийимдин,
Умай эне  пириңдин.
Насатын ал билимдин.

Керегеңди тазала,
Үйүңө кирсин таза аба.
Кийимиңди күйгүзбө,
Дүнүйөңдү бүлгүзбө.

Мүйүзүң менен сүзбөгүн,
Көңүлү чөгүп калбасын,
Жашоодон үмүт үзбөгүн,
Эмгектен адам талбасын.

Тоютту жыйна күзүндө,
Жакшы адамдан үзүлбө.
Жардамы тийет өзүңө,
Жарды ыйлатып күйгүзбө.

Өзүңдү ондо, сен түздө,
Жүзүңдө кара күзгүгө.

Тазалангын үлгү бол,
Бирөөгө карап сен күлбө.

Арам жолдо сен жүрбө,
Акылын алгын карынын.
Пайдасын ал, үлгү ал,
Угуп кой акыл-насаатын.

Пайда алгын жарыктын,
Колдойт сени Жараткан.
Шайтан болуп сен күлбө,
Бирөө менен баратсаң.

Жалдыратпа, жаш тамбасын,
Болуп сен себепкер,
Жакшы адамдын башын албасын,
Эмгектенген, төгүп тер.

## Алладан сени тилеп жалынамын

Сен үчүн жаралганмын жарыкка,
Мен сүйүүмдү калтырамын тарыхта.
Сени сүйөм нур сымал жаркыра.
Сүйөм деген сөз угайын жаныңда.

Кадырың мен билемин, жанымда бол,
Көңүл бур, мен караймын дайыма бол.
Барктаймын кадырлаймын маңдайында,
Багамын мен караймын жагымда  бол.

Күйгүзбөй күйдүрбөймүн, бол жанымда,
Күзгү суук үшүттүрбөйм, мен жаныңда.

Саргайбай, санаа стартпай жабыкпайсың,
Күзгүдөй жаркыратып  мен турганда.

Кадырың мен билемин, сен ойлонбо,
Карылык башка келсе сен толгонбо.
Сен үчүн кыйналамын  өзүм гана
Тирүү турсам жаныңда мен болгондо.

Караймын, кадырлаймын, мен жанымды,
Берейин зарыл болсо өз канымды.
Экөөбүздүн каныбыздан жаралган,
Калкалайм караан болгон балдарымды

Каалабайм, сенин тамчы көздөрүңдү,
Мөлтүрөтүп көздөн жашың төккөнүңдү.
Көрбөйүн , кыйналуудан жабыр тартып,
Буулугуп, азаптанып чөккөнүңдү.

Тынч болсоң жашоом, тынч эс аламын,
Мыктынын мыктыларын мен дедиртип.
Бапестеп сени карап  олтурайын,
Сүйөөрүмдүн чын экенин сездиртип.

Жанымдын жарымысын, билип алгын,
Жүрөккө сен өзүңдү илип алдым.
Бакыттын күчүн сундум, кийип алгын,
Жанымда жароокерим менин жоодурагын.

Ааламга жаңырамын бакырасың,
Алладан сени тилеп жактырамын.
Жашоодо бир өзүңө багыныпмын,
Жанымсын, жанымда болгун дайым.

## Бала жыты

Жашоодо бала жытын сагынам,
Бала көрбөй мен жашоодо кагылам.
Теңирим неге ыраа көрбөдүң,
Жашоодо ай күнүмө жалынам.

Кемтигим бар, өзүм сындым катардан,
Балам болсо кучагыма батырам.
Апакелеген бала жытын берчи,- деп
Жаратканга миң мертебе жалынам.

Самай берем мен баламы жашоодо,
Карыганда жалгыз мени ким карайт

Башымды жууп, чачтарымы ким тарайт
Өмүр өтсө апаке, деп ким ыйлайт?!

Бук түшүп тилейм кудайдан,
Зарыктырба бала жытына,
Сүймөнчүгү жүрөктүн.
Ойносо үйдүн куту да.

## Манзура

Кадырым, балдарым айланамын,
Барктуумун балдарга мактанамын.
Тогузунун желеги желбиресе,
Баатыр энемин даңктанамын.

Сыймыктын ээсине аттанамын,
Балдарыма карай берип шаттанамын.

Бактыма аман жүрсүн кулундарым,
Алар менин жаркыраган күнү, айым.

Ишенем колдоп келген эр Манасым,
Күнүмдүн нуруна мен кактанамын.
Балдарым көктө жанган жылдыздарым.
Буюрса алар менен мактанамын.

Балдарым элдин уулу болушат го,
Энелик тарбиямды берип келсем.
Буюрса, элге кызмат кылышат го.
Энелик акылымды берип келсем.
Буюрса көтөрүп менин даңкымды,
Балдарым чыгарар дейм менин-
Манзура деген атам койгон атымды.

## Тарыхта биз калабыз

Түбөлүк себеп болду ушул жарык,
Сакталып кала берет биздин тарых.
Өмүрлүк жар болдуң сен өзүмө,
Тирүүлүк турмуш үчүн бир багыт.

Бийикке, жашоого салып кадам,
Катылып жакшы адамдын жүрөгүндө
Айтылып келе берет болуп тарых,
Кечээги секелек кыз карегинде.

Бүгүн болдук ата эне уул- кызга,
Жарык өчөт качандыр убакта,
Өмүр кыска, жакшы болгун жарыкта,
Көзүң өтсө атың өчпөйт тарыхта.

## Дары болот балдарым

Баалайт менин балдарым,
Кагып канаттарын.
Чырагымды жандырып,
Үйүмө чачып нурун.

Айдай жаркыраган
Шооласы үйгө чачыраган.
Балдарын жылдыздай жанып,
Үйүмдө бапыраган.

Жанып турса балдарым,
Жашоомду алга умтултуп.
Жанат шам чырагын.
Үйүмдү менин кулпуртуп.

Күлмүңдөп  турат балдарым,
Бир башкача карасам.
Дары болот балдарым.
Дартымдан мен кутулгам.

Бир болгула балдарым,
Силерсиңер жандарым.
Ар бириңди көргөндө,
Элестейт мага  жаш чагым.

Караса дейм бардарым,
Капа кылбай түбөлүк.
Өңдөрүнө карасам,
Тургандай болот гүл өнүп.

Аяп турса балдарым,
Ачык менин маанайым.
Таянарым канатым,
Таягымсын балдарым.

Тоо тирексиң силер дейм,
Кадырымды билер дейм .
Балдарым менин таалайым,
Бакыт үнүм силер дейм.

Чырагымды жандырып,
Жарык кылат балдарым.
Чыгармамды ырдашып,
Чыгаан чыгат балдарым.

Жылдызсыңар калкалайм,
Кыргызсыңар мактанам.
Жылдыз кылып өзүмдү,
Чыгарат мени балдарым.

Уктабастан таң атырам,
Силер менин тилегим.
Өмүр берсин Теңирден,
Өлкө үчүн жараган,
Намыстуу бол  деп тиледим.
Изим калсын артымда,
Силер менин жүрөгүм,
Балдарым асыл тилегим.

## Жетимдигим билинди

Жетимдигим билинди,
Жер төлөөгө киргизди.
Басып турдум тилимди,
Токтотуп турдум жинимди.
Караан болоор мага жок,
Башыма салат жаман док.
Өгөй ээлеп туурумду,
Душман болуп көрүндү.
Жанга такап мага ок,
Жарадар кылды жашоомдо.
Аңтарып койдуң тооңду,
Болтурбайт менин ойумду.
Өгөйлүккө күндү салбасын,
Өзөктү ээлеп азабы.
Өстүрбөстөн баланы,
Желитет кара таманды.
Жедирбестен тамакты,
Өгөй каалайт камакты.
Таянаар мага эне жок,
Таарынычты жазганга.
Кучагына салганга,
Балам деп мага айтканга,
Апаке деп барганга,
Зар болдум жардамга.
Жетимдигим билинди,
Көрүнгөнү тийишип.
Кул кылып мени иштетти,
Кара нанга зар болдум.
Ачка калам талаада,
Боор ооручу балага.

Апаке жүрөсүң сен каякта.
Жардамыңа муктажмын,
Балдар менен мушташтым,
Өнөрлүүмүн устамын.
Сагынып сага кусамын.
Таап алсам өзүңдү,
Кулуң болуп өтөйүн.
Колуңдан музду ууртаймын,
Айланайын апакем,
Жетимдиктен кыйналдым.
Жекирсе канча ыйладым,
Жеңилип өзүм жашоодо,
Жеңилип өзүм турамын.
Ооруганда сен кубат,
Дары болчу жаныма.
Көрүнгөн келип урунат,
Жан -дүйнөм агып куюлат,
Жүрөгүм ооруп буулугат.
Жетимдик атым угулат,
Ата-эне сага болбосо,
Тууганың да карабайт.
Жиркенишип өзүмөн,
Жардамы жок өкүнөм,
Ата-энеме таарынам,
Жетим болдум жашыман.
Жаш болуп жатка айландым,
Жетим болуп шайландым.
Жаман жолго тартылып,
Басаар жолдон адаштым.
Катып калган оокаттын,
Калдыгын кээде талаштым,
Тагдырым неге мындай деп.
Тар жолдо ыйлап бараттым..

## Талантка

Талантсың элиме күч бересиң,
Ырың менен нур төгөсүн.
Таанылгын Талант кыргызга,
Элиң сени нурга бөлөсүн.

Кыргыздын уулу Талант,
Уулу улар теңир сага канат.
Уулду улар колуна консо,
Сендей талант көкөлөп барат.

Атың сага жарашкан,
Сууну ачтың алышкан.
Элиңе өзүң бел болуп,
Көпүрө салдың капыстан.

Жардамың тийди элиме,
Пайданы көрүп өзүңдөн.
Паша болгун кааларым,
Кыргыз жерин коргогон.

Дем берсин сага жараткан,
Демөөрчүсүн калкыңа.
Ак батаа алып элиңен,
Дем күчтү топто өзүңө.

Депутаты бол калкыңдын,
Пейилиң жакшы адамга.
Перилер сага жол ачат,
Вазирлер коргоп жаныңда.

Президент болгун тарыхта,
Дүйнө кошо сен менен.
Дүнүйө ачтың канчага,
Кызмат жасап даңктана.

Далайларды байыттың,
Батаасын алдың карынын.
Колдодуң канча адамды,
Алкышын алып баарынын.

Сен болдуң, элдин адамы,
Ата-энеңе ырахмат.
Талантты сунду элиме,
Улуу кыргызга керек деп.

Талант уул бизге белек деп,
Кыргызым үчүн бар болгун.
Кааларым сага ак тилек,
Ачылсын сенин ак жолуң.

Кошулуп бийлеп, сен жакка,
Алкоодон берсин эл сообун.
Колдойбуз кыргыз сен менен,
Сунушум сага такты да.

Теңирим сени жактырды,
Аласың тынчтык бактыңды.
Элимде жактын көбүнө,
Талант деп сени көрүүгө.

Суктанттып канча энени,
Талашат сени өбүүгө
Такшалган жолуң өрүүгө,
Тамшантып өмүр өтүүдө.

Суктанышат канчасы,
Сыймыгы болуп элимдин.
Ишеничи бол кыргыздын
Талпынып сен өсө бер.

Чымырканып иштен баш тартпа,
Чыгааны болуп элимдин.
Жакшы доорду сүргүнүң
Даңктуусу бол жериңдин.

Даалай жакшы күн көрүп,
Кыргызстанды гүлдөтүп,
Ажарын сенин ачылсын,
Таазим этип канча эл,
Ажарың сенин көрүүгө,
Душманың да шашылсын.

Бийлик сага сунулуп,
Бактың да болот ийгилик.
Кыргызстанды курасын,
Кыргызыма куралсың.

Чыгаан болуп чыгаарсын,
Чындыкка өзүң турасың.
Бел болдуң кыргыз элиме,
Жакшылыктар куралсын.

Белеги болдуң сен жигит,
Жанашты сага ийгилик,
Көпүрө болдуң эл үчүн,
Көөдөнгө салдың сүйүнүч.

Көкөлөтүп элиңди,
Көтөрдүң Талант сен бүгүн.

Кырсыктан сактап элимди,
Калкан болдуң эл үчүн.
Дарман болуп жолуна,
Жол ачтың элдин торуна.

## Бир бол кыргыз деген жигиттер

Бир болуп, бириктиң кут болсун,
Жашоого ырыскы нур толсун.
Бир болгун, ажыроо болбосун,
Ынтымак, ырыскы бар болсун.

Колдоп турган калкың, журт болсун,
Кошулуп силерге күч консун.
Бир болуп гүлдөт жеримди,
Өстүргүн көбөйткүн элиңди.

Тукум ула көбөйө бер, кыргыз уулу,
Атак-даңкты улагын ээрчишип.
Кыргызтаным куралгын биригип,
Кыргыздарым бир болуп жашоодо.

Душманды тос, калкансын бир болуп,
Жеңилбесин жеңесин ишеним бар.
Бир болдуңар ынтымакта  биргелешип,
Кыргызымдын жигиттери чогулдуңар.

Жаша кыргыз өсө бергин бир болуп,
Кыргызым ишенээр пир болуп.
Курай турган жигиттерим силерсиңер,
Ала -Тоону гүлдөткөн нур толуп.

Доорду сүр жашай бергин биригип,
Элимдин өкүлү бол коргогон.
Ишенербиз даназаңар улуу го
Коргоп турат силерди Улуу -Тоо.

Барсыңар барс силерди коргосун,
Жамандык башыңарда болбосун.
Жаныбарды, жандууну да  сактаган,
Силерсиңер эли-журтту бактаган.

Жүрөккө күч салып, дем берип,
Сүйгөн калкыңар жаныңарда жыргасын,
Ырыскы аларды жылоолоп,
Күн  тийип, жаркырап нур жансын.

Сууларым силерге шаркырап,
Нур болуп  жүзүңө чачылсын.
Өчпөсүн алоолоп күйгөн от,
Күч берип, найзадай атылсын.
Жараткан жакшылык ыроолоп,
Жигиттер силерди эл колдоп,
Атыңды тарыхка калтырсын.

## Жолболду Алыбаевге

Жолболдуга жолболду.
Жаратканым кол койду.
Жагып элдин баарына,
Жазылды ырың тарыхта.
Таң болуп өзүң жарыкка,
Жыргасын элдин баарысы.
Чолпонуңду жактырып,

Жылдыз кылып тааныттың.
Ырдай бергин жарыкта,
Өнөрүңдү  эл угуп,
Ырларыңды тосуп утурлап.
Ырдап чыккын сахнага.
Элим сени куттуктайт,
Чолпонум деп эл ырдайт.
Чочутуп канча Чолпонду,
Чок салдың канча жүрөккө,
Жолболду ишин оң болду,
Чолпондорго той болду.
Жолболдуга кой сойду.
Тойуңду өзүң улантып,
Комузду колго сен алып,
Чолпонум деп ырдаган.
Дастан ырың келишкен,
Топ келип сонун илешкен.
Кирип келсең эшиктен,
Сүйүнүп  турат эл деген.
Сыймыктанат  өз элиң,
Сыйлайт сени өз тегиң,
Ырыскыны кочуштап,
Алла берсин тилегим.
Ыр менен душманды жеңип,
Ырларыңды элге арнап,
Кыргызыма керексиң.
Жолболду улуу талантсың,
Эл ичинде баркың бар,
Алакан чаап, эл тосот
Калк ичинде баркың ал.
Жүрөккө чокту саласың,
Жарыгы оттой жанасың.
Дастанды айтсаң муйутуп,
Элиңен алкоо аласың.

## Тагаларым

Тайэнеме, тайатама жалынам,
Таянып силерге мен мактанам.
Жашагыла, бар болгула бактыма,
Тайатам бар, улуу парзын аткарган.

Тагаларым бар болгула бактыма,
Бутак болуп тургулачы багымда.
Шагыма калкан болуп өзүңөр,
Жүргүлөчү жээниңердин жанында.

Калкансынар мактанам жарыма,
Силер менен сыймыктанам дайыма.
Сүйүнөр жашоо берет өзүмө,
Сүйүнүп мактанамын жарыма
Байыр алып ордо шаарын багымда.

Тайэжем бар пешенеде жакшына,
Термелемин керилемин жанында.
Теңселбеймин силер менен бир болсом
Төркүн болуп төбөм бийик жарыма.

Тууган болом мен бармын жашоодо,
Туу тутамын силерди мен дайыма.
Сыйлап өзүм өтөрмүн өмүрдө,
Аман болсом жаратканым колдосо.

## Кайын энеме

Кайын энениn сүрүнөн,
Карап туруп чочулайм.
Сүрдүгүп  мен сүрүнөн,
Араңдан зорго сөз улайм.

Кантсе да кайын энениn сүрү бар,
Чай ичкенде маңдайлаш олтурсам.
Өзүмчө мен  негедир корунам,
Сүйлөп турган сөзүмөн да адашып,

Көрсө бул кайын энениn сүрү тура.
Олтурабыз көңүл жаза сырдашып,
Капа эмесмин чын пейилден мен буга.
Калабыз кайнене-келин  акылдашып.
Амандык тилеймин ак көңүлдөн,
Жамандык билбедиң турмуштан,
Жиниң келсе тилдедиң сыртыңдан.

Мээнетиң чоң  балдарга,
Мээримиң бердиң   аларга.
Неберелер толуп, жүдөтчү,
Кетпей сенин жаныңда.

Капчыгыңды биз тоноп,
Имерчиктеп алабыз.
Авысындар талашып,
Урушабыз сен үчүн
Биздин асыл апабыз.

Бактыбызга бар болгун.
Аман жүргүн багыма.
Ыраазыбыз энеке,
Коркутсаң да дагы да.

Оорутасын дилиңди,
Эркелейсиң келинге.
Биз баарыбыз билебиз,
Сенин таза пейлиңди.
Канча кылсаң жарашат.
Угабыз дайым кебиңди.

Ыраазыбыз оо энеке,
Мээримиң чачып бөпөлөп.
Небере бактың жетелеп,
Насаатын айтып нуска сөз.
Баары эстен кетеэлек.

Тарбиячы сизсиз устабыз,
Басаар жолдо биргебиз.
Ал жеткенче сыйлайын,
Сүрүн салып келинге.
Сүйлөп кээде аласыз,
Унчукпай койсо энекем.
Сүйүнүп кээде алабыз,
Кайсы эне болот бактылуу.

Жашоодо өтсө баласыз,
Эне бар үчүн жашоодо.
Энеме сүйкүм балабыз,
Кайын эне пешин салбасаң.

Сагынып деле калабыз,
Алтындай жансың энеке,
Алпештеп багып небере,
Багымда жүрдүң жетелеп,

Небере жытын искедиң.
Бул сенин бактың энеке.
Кадырлап биз алабыз,
Сыйыбызды көрүп жүрө бер,
Асыл жансыз апабыз.

Каалаймын сизди жарыкта,
Мактап жазып алтырам,
Атыңызды тарыхта.
Мыкты менин кайын энем.
Өмүр бою ийилем,
Көз жашың да акпасын.
Жамандыкты тийгизбейм,
Билгендер сени мактасын.
Ал сенин сыйың мен билем.

## Мүйүздөрү кыргызымдын оймосу

Аркар кулжа кайберенди сыйлай жүр,
Сунду бизге саймаларды түрмө түр.
Тарых баскан издеринде да оймо бар.
Анын баары жомок болуп айтылаар.

Кайберенди оо адамдар ойлосун,
Мүйүздөрү кыргызымдын оймосу.
Тарых болуп бугу энем эмизген,
Билип жүргүн керегин- пайдасын.

Сунду бизге саймаларды түрмө түр,
Кооз кылып Ала Тоону суктантты.
Басылып шырдактарга мүйүзү.
Элестетти тирүүдөй жаныбарды,
Ошентип,  кереметти жараталы.

## Исхак

Ийгилик жеңиш күнүн сизге каалайм,
Дүйнөдө жакшылыктын баарын арнайм.
Оорубаң дайыма күлүп-жайнап,
Үй-бүлө, жарыңызга  жүрүң аман.

Атыңыз өзүңүзгө гана жарашат,
Сукталып баары сизге карашат.
Жараткан болсун сизге  чоң канат,
Сунулуп жеңиш күчү сизге барат.

Оор күндөрдө жеңилбеңиз эч качан,
Уттуңуз атаандашкан адамды,
Хандыкты башкага жеңдирбеңиз,
Ырайымдан күч бериң деп суранам.

Азаматы кыргыздын ата уулу Исхак,
Акыйкаттан ата уулун жолдоду.
Эл ичинде элим деген инсанын,
Элиң сүйдү, элин сени колдоду.

# КУРМАНЖАНЫМ

Курманжаным менин багым,
Мөмөлүү алтын шагым.
Нур сунган ай чырагым,
Өскүн сен гүлдөп дайым.

Тарыхта кал датка болуп,
Күчтүү теңир колдоп турсун.
Элиңе нуруң тийип,
Асманда айың күлсүн.

Сүйүүмдөн сени тапкам кызым,
Сүйүнүп сени баккам кызым.
Курманжан сындуу даңкың чыксын,
Көтөрүп туусун кыргыздын.
Ай-ааламга  тарасын,
Атагың менин ай кызым.

# Туулган жерим

Туулган жерим ата тегим,
Адыры кооз Ийри-Суум.
Көк шиберлүү дарысы бар,
Жерим сонун Ийри- Суум.
Жеңилбейсин алдыдасың.
Биринчисин дайыма,
Билем бекем, кызыл белес,
Ойногон күнүм көздө элес.
Түнөй берет жүрөктө,
Суулары таза булактарым.

Суусу алтын Ийри-Суум,
Сууңдан куй деп сураныштып,
Моокум канат чаңкасаң.
Кара колот айдоо колот,
Түшүмү мол Ийри-Суум,
Бейиштүү жерим, алтын элим.
Бел болгула жериме,
Ийри-Сууну гүлдөтүп.
Кут консун менин элиме.
Киндик кан тамган жеримде.
Дайыма болсун салтанат.
Өнүгүп-өсүп баратса,
Көргөндөр ага тамшанат.
Өркүндөп өссө Мекеним,
Акындар аны жар салат.

Асыл кымбат мен үчүн,
Көргүм келип Ийри-Сууму
Жүрөгүм менен сагынам.
Жери алтын, ата салтын,
Тийгизбеймин жаман сөздү,
Улуу тарых тааныган.
Айылыма мен жалынам,
Ордолуу жер бүт, айылды багынткан.
Балалыкты эстесем
Шарактап сууну бойлогом,
Сууларыңда чөмүлгөм.
Шиберлүү чөптү аралап,
Көпөлөктү кубалап, адырыңда ойногом.
Ошонун баары бир керемет  көрүнгөн.
Ири жолдор койнун ачат,
Ийилтип канча адамды,
Ийгиликке жеткен канча,

Касиетин көргөндөр,
Камбаралы Бутаяров.
Касымалы,  Бакасы бар,
Кыйындар бар арадан.
Айтып бүтө албадым,
Асылым туулган жеримди
Алладан жалгыз сураарым
Асыра кыргыз элимди.

## Айылым менин Ийри-Суу

Сендей айыл бул дүйнөдө бар бекен,
Көк шиберлуу адырларым керилет.
Сени менен эс аламын эркелеп ,
Берекесин элге арнап жер ийет.
Булактарым жан дүйнөмдү балкыткан,
Азыктандым сууларынан даам татып.

Кичинемден сени менен сырдашып,
Күн өткөрдүм жерим менен ырдашып.
Түшүмү мол жери алтын Ийри Суу,
Элиме кенен ачып кучагындан бердиң суу.
Ырыскылуу берекелүү жеримсин,
Сен бар үчүн элим жашайт ырыстуу.
Киндик каным тамган жерим асыл айылым,
Тоолорумду сууларымды сагындым.
Өскөн жерди унутпаймын сыйлаймын,
Өнүгө бер Ийри-Суум айылым.
Ыйык туткан берекелүү айылым,
Ырахаттуу эс аласын жайында.
Жашыл шибер ыргалган,
Гүлдөр жайнап, куштар сайрап багында.

Сырттан келген суктанган,
Жаралгансың Ийри-Суум багыма.
Уул-кыздарың билим алып өнүгүп,
Ыраазы болуп жашайт эне-атасы.
Чыгааны арбын, сулуусу жерим айылым
Тарбияланды сенден өсүп канчасы.
Ийри-Суу атыңды даназалап,
Сыймыктанат сени менен баарысы.
Даңкы менен көп айылды багынтып,
Ийри-Суум турат дале сагынтып.
Ордолуу асыл жерде жайгашкан,
Нечендеген кыйындар менен таймашкан
Айылым кубат-күчкө толо бер,
Касиет бар сенин өзүңдө,
Камбаралы бизге хан,
Аял эже Даткабыз.
Силер менен сыйлуубуз,
Аккыз эне өлбөгөн,
Даарыларың жүрөктө,
Дем берет эле күчтөрүм,
Касымалы доорунда
Жорголору колунда.
Көктөткүнүң жериңди,
Кереметтүү айылым.
Сырлуу кыз сенин колуңда.
Жериңди данктап көтөргүн,
Кыйындар дагы төрөлсүн,
Кереметти элге сун.
Береке даңктуу Ийри -Суум,
Сыйкырлуу сенин сууларың,
Касиети бар жериңдин,
Керемети бай элиңдин
Бар болсун менин Ийри-Суум.

## Досторум

Кыйынчылык башка келсе досторум,
Жөлөк болуп, сунат сага оң колун.
Ооруңду жерден алып көтөрүп,
Жеңилдетет жашоомду досторум.

Аман болгун айланайын досторум,
Жамандык башыңарда болбосун.
Бир туугандай биргебиз досторум,
Жараткан баарыбызды колдосун.

Достор менен турмуш алга уланып,
Чогуу болуп биз жүрөбүз кубанып.
Жардамын аябайм деп досторду,
Унут кылбай каттоо кылып туралык.

Демди берет алсыз болгон убакта,
Көз караштан байкап коюп заматта.
Сүйөнөмүн досторуп турат ызаттап,
Сен да баала досторуңду адамзат

Жашоомдо досторум мага канат,
Чогуу болсоң көңүл ачып чер жазат.
Тагдырымда достор арбын болсо дейм,
Жан дүйнөмдө эргүү ырым ыргалат.

## Каалоо

Кааларым сага амандык.
Көрбөгүн такыр жамандык.
Бактылуу өмүр сүрүүнү,
Көрүүнү биз жаралдык.

Бар болгун жаша жарыкта,
Мээнеттен чарчап талыкпа.
Мээримин сунсун Жараткан,
Турмуштан кейип зарыкпа.

Өмүрдү сунсун жакшысын,
Өстүргүн туяк бутагын.
Кайгыны башка салбасын,
Жаман күн сага барбасын.

Күлүп -жайнап жарыкта,
Күлүгүң менен жарыш да.
Ааламга келип жаралдын,
Жашоодо такыр адашпа.

Болбосун сенде арманың,
Аллахым сени коргосун.
Илимдин суусун уургагын,
Жакшылык болуп жолдошуң.

Улуу Теңир колдосун,
Уулду улаар туягың.
Улантып жашоо курагын,
Гүлдөсүн  сенин турагың.

## Сен булбулсуң,  мен торгой

Сен булбулсуң, мен торгой.
Сайрасаң, сен токтобой
Азгырасын канчаны,
Алсыз кылып жүрөктү
Агызасын мүрөктү,
Турасың сезим козгобой.

Анда булбул:
Торгой боздоп сайраган,
Өпкөсү жок, кайран дарт.
Алына  да карабай
Күндө учуп майрамдайт.
Туруктуу болбой сүйүүгө,
Көрүнгөнгө жармашат,
Сулууларды каалашат,
Сүйүүсүн күндө арнашат.
Гүлдү сүйүп талашат.
Булбул болом ырдаган,
Кооз токойдо жыргаган.
Сүйүп калсаң бирөөнү,
Жүрөгүм ага түнөлөт,
Ырымды арнап күнү түн,
Сайрап  чыгам ал үчүн.
Токтоталбай башка куш,
Оңдой албайт сулуу куш
Сайрап боздоп өтөмүн,
Бир адамды сүйөмүн.

Анда торгой:
Бир жаралып жарыкта,
Бирөө менен карыйсын.
Алсыз болуп ооруйсуң,

Кур сүйүүнү коруйсуң.
Жашоо жыргал өзүмдө,
Көрүнгөн менен жашаймын.
Көзүм учуп сулууга,
Улуу тоодо жыргаймын.
Сулууларга ырдаймын,
Сууда учуп жыргаймын.

Анда булбул:
Көрүнгөндүн мээнети бар,
Ар кыл мүнөз, пейли бар.
Убалы бар, сообу бар.
Чарчаганда кандырган,
Черди жазган жери бар.
Ачып эшик жаннатын,
Кереметтүү бейиши ал.

Анда торгой:
Мен торгой торго түшүп калбайын,
Жанып ушуп тозокко барбаймын.
Акыл бирөө айтпаса,
Жолго мени салбаса,
Торгоймун ушул  жашоомдо,
Биригип булбул сайраса,
Улуу тоодо биз  таңшып,
Жашоону чогуу улайлы.
Ажайып кооз турмушта,
Бир керемет жыргайлы.

## Ханыша кыз

Жомоктогу Ханышамы көрөмүн,
Жооругуна кылыгына бөлөнүп.
Ханышасың сен жашаган жомокто,
Сени менен жашоом өтөт жомоктой.

Сенин барың тынчтык берди элиме,
Мээнет кылып сен коооздодуң шаарымды.
Элиңе бер, касиетиңди, барыңды,
Элиң билет даңазалуу баркыңды.

Жомоктогу  каарманыңдын жарыгы,
Сен жашап ачтың китеп тарыхын.
Сыйкырлуу сырларыңды боолжодум
Эгер кетсең,  сени билет баарысы.

Жомок болуп эл оозунда айтылып,
Жашай берет, Ханыша кыз ааламда.
Бири сүйүп, бири ыйлап зар болуп,
Жаш жүрөктөр калган эле арманда.

Жомок менен сүйүп сени эстедим,
Ханыша кыз сырын бербей бирөөгө.
Аткарып бүлөлүк өз милдетин,
Таза жүрүп калган эмес күнөөгө.

Ак куусуң сен жашайсын жомокто,
Арзуу болуп жетпеген бар жомокто.
Арбап алып ооруу бердиң көбүнө,
Ханыша кыз жомок бойдон калат ко.
.

Өрөөнүңдүн  касиетине суктанып,
Өнөрүңө көп жигиттер шыктанып.
Ханыша кыз жүрөктөрдү ээлептир,
Өткөндөр бар сага жетпей ыкталып.

## Булак  суусу

Булакка суга барамын,
Ууртап даамдан сызамын.
Жүрөккө даары сууларың,
Даамына өзүм кумармын.

Булактан өмүр сурадым,
Сени менен сүйлөшүп,
Жүзүңдү өзүм сыладым,
Сырдаштым да, ыйладым.

Сууңдан ууртап алаксыйм,
Жүрөгүмдү тазарттым,
Тилек менен мен жашайм,
Жан-дүйнөмдү агарттым.

## Чолпон

Басканың сонун маралдай,
Өзүңө жетип баралбай.
Чолпонум мени арбады,
Жүрөгүмөн кармады.
Бийлесең бийиң жакшына,
Ийменип ийип адамга,
Жүрөктү каттуу соктуруп,
Чочутуп койдуң отуруп.

Жылдызысың бийчинин,
Чолпонум айдын жанында.
Ким болор экен падыша,
Пешенелүү бактыңа.
Жылдыздар кошо жаныңда,
Чолпонумду ээлеген,
Жылмайганың жакшына,
Жүрөгүмдү ээлеген.
Көркүңө чочуйт жүрөгүм,
Келет сага сүйлөгүм.
Жагат күлкү үндөрүң,
Чолпонум ишен сүйүпмүн.
Атыңдын нурун сен алып,
Жылдыздар кошо сен менен,
Асманымда сен калкып,
Ак куунун  өзү сен экен
Жылдызга атың сакталсын,
Чолпон атың мактален.
Датка эне бол, каалаймын
Баркын бил  адам ардайым.
Эстей берип  кыйналып,
Эс учумдан мен тандым.
Эзилип өтөт окшоймун,
Жетпей калсам коркомун.
Күйүттө өтөм Чолпонум.
Мойундарың койкойгон,
Болоюн сага жарашып,
Суктанып сага карашып,
Көргөндө жүрөк туйлаткан.
Сезимди кыйнап ыйлаткан,
Сүйүүнүн табы чыдатпай,
Жан-дүйнөмдү жыргаткан.

# Депутат

Акылың жардам берди өзүңө,
Атактуу болдуң сен депутат.
Арзууларың ишке ашып өзүңө,
Насип этти, элдин уулу депутат.

Иштегин  Кыргызстанды  көтөргүн,
Ишенген элдин уулу болуп көгөргүн.
Калктын ишин, эл кызматын аткарып,
Тийсин журтка сенин мыкты көмөгүң.

Мандатыңа сен адашпа эр жигит,
Кызматыңды турсун эми эл билип.
Элдин жүгүн, эл ишенимин аркалап,
Иштегенде эл кадырлап, барк алат.

Аткарылсын элге берген убадаң,
Депутат бол, өз сөзүңдө туралган.
Милдеттүүсүн,  айтканың бар:
«Өнүккөн өлкөнү мен кура алам».

Гүлдөттүң Кыргызстанды өркүндөгөн,
Кандай кооз, Кыргызстаным алтын мекен.
Аткарылсын, айткан элге убадаң,
Иштей бер, депутат деген  атың менен.

## Балалыкка кайрылуу

Булакта ойноп, сууларды кечип,
Гүлдөрдү терип, эжемди ээрчип.
Жүрчү элек биз  секирик атып,
Каткырып күлүп, жээкти  бойлоп.

Жүрчү элек чогуу, сырдашып бирге,
Адырда ойноп, биз секелек элек.
Кызгалдак терип, энеме берип,
Кызыктуу күндөр, байчечек терип.

Бүлдүркөн терип, бутакка желип,
Өткөн күндөрүм гүл экен анда.
Өкүнбөй өстүм ырахат  алып,
Өмүрүм жыргалым, артымда калып.

## Аллага  жүрөм сыйынып

Жараткан өзүң барсын сыйынам,
Сен барктуусун  баарынан улуудан.
Сен бар үчүн адам жашайт жарыкта,
Сен улуусуң  айтыласың тарыхта.

Оо кудай, жараттың сен ааламды,
Ала-Тоону, жер шаарын, асманды.
Өзүң коргоо, тынчтык бергин заманга,
Күнөө кылса, кечирип кой адамды.

Асманымсын, Айгүлүмсүн Аллахым,
Адам үчүн сен дарысын жашоодо.
Кайгы бербей, адамдарды оңдогун,
Тилегеним, кабыл алып колдогун.

Теңирим сен  улуусун боорукер,
Кечиримдүү, кайрымдуусуң жароокер.
Сен көтөрүп, жакшы, жаман баарысын,
Бир да зат жок, сендей затка тең келген.

Ааламды өзүң сактап, жараттың,
Согуш бербе, кайгы-муңга салбагын.
Адамдын пейлин оңдо, сактагын.
Жүрөгүнө ыйман  отун жандыргын.
Оо Жараткан, кереметтүү аллахым.

Аккан суулар деңиздерим сен менен,
Өзүң гана  бир  элиме дем берген.
Бороондоруң, шамалдарын сестенбесин,
Тынч алдыргын, оо улуу Жаратканым.

Адамды сен жараттын улуу зат,
Адаштырбай, оңдогунуң жараткан.
Азгырылып шайтан жолго баратса,
Сен тийгизбей периште сал адамга.

Теңелбес сага эч бир улуу зат,
Касиеттүү күч  бергенсиң адамга.
Улуу кылып пайгамбарды жаратып,
Ислам динин бүт дүйнөгө тараттың.

Биз жашайбыз, бир өзүңө жалынып,
Өзүң кургөн,бул ааламды жасагын.

Колдоп турар, эгемсин бир өзүң,
Жандууларды түз жолго баштагын.

Ааламдын Ээси жаратканыма жалынам,
Жакшы күндү насип этчи адамга.
Ийгилик ар бир адам максаты,
Ачык жол бер, ар бир баскан кадамга.

## Ыссык-Көл

Керемет касиеттүү Ыссык-Көлүм,
Көзүл ачар касиетиңди элге бердиң.
Кучагыңа канча адамды тартасын,
Ыссык-Көлүм касиеттүү сенин демиң.

Даңазалуу Ыссык-Көлүм доор сүрүп,
Ала-Тоом сени менен жашап келет.
Кыргызстан көлүм менен таанылып,
Керемет бир ажайып көрктү берет.

Хан баскан адам кетти сени эстеп,
Сууларыңа, туздарыңа багынып.
Суусагандар жүрөт сага жетишпей,
Көлүм сүйүп канчалары сагынып.

Кыргызстанга көрк берет кереметиң,
Кандай кооз асыл таш берметтериң.
Калкып сүзүп балык болуп сени менен,
Койнуңдан чыкпай сүзгүм келет менин.

Улуттарда улууларды сыйынып,
Сууң алтын, күнүң алтын, жылуусун.

Келгендер көркүңө тамшанган,
Ыссык-Көлүм кереметтүү сулуусун.

Сен сүйдүрүп канчаларды өзүңө,
Багынтасын Ыссык-Көлүм жылуусун.
Баш ийип таазим кылам көлүмө,
Сенсиң ыйык, сен баарынан улуусуң.

Өлкө эли  баары сага кызыгат,
Көл толкуну тармал чачтай туюлат.
Суктанып канчалары талашат,
Көл добушу музыкадай угулат.

Көлүм турат, канчаларды жылытып.
Ырыстуу жер, ыр бермети Ыссык-Көлүм.
Суктанып жетпегендер канчасын,
Көз артып суктанганын көргөнүм бар.

Сат деп талашкандар арада,
Киндик каным, Кыргызстаным сатылбайт.
Ыссык-Көлүм кереметиң башкача,
Эс алдырып, жан дүйнөңдү дарылайт.

Китептерде сенин атың жазылып,
Тарыхтарда калат сенин бардыгын.
Айтылып уламыштан түбөлүк,
Ыссык-Көлүм жашай бергин гүл өнүп.

Пайгамбарлар денелери чөмүлгөн,
Баатырлардын денелерин тазарткан.
Улуулардын сырын алып өзүнө,
Ысык-Көлүм канчаларын жашарткан.
Ысык-Көлүм касиетиң башкача,
Атың бийик, ааламдарга тараткан.

# Жаз айым

Жазында жайылып гүлдөр өсөт,
Жасалат кооз жеримдин келбети.
Жазылып жүрөктөргө сүйүү берет,
Төгүлгөндөй жаз айымдын бермети.

Жүрөккө сүйүүлөрдү тартуулап,
Гүл сунасың сүйүүлөргө  ар убак.
Ачыласың сулуулантып жер бетин,
Көрктөндүрүп сулуу жаздын келбетин.

Жытың менен адамды багындырып,
Кучагыңа тартасын жалындырып.
Куса болом узап менден алыстасаң,
Кыш келгенде сен кыйнап сагындырып.

Сени менен шамалдарың бийлеп келет,
Дарактарың жалбырагы көрк берип.
Буркураган сенин дары чөптөрүң,
Кумарланткан учурларын көп көрдүм.

Байлык сенде, болсун жазың бар болгон,
Тойундуруп канча адамды бай кылдың.
Чачып жерге ырыскыңа  топтолгон,
Көңүлдөрүн адамдардын шай кылдың.

Күүнү чертип ыр ырдайсын жаз айым,
Түрдүү добуш үндөрүңө арбалдым.
Кулпурасың, ыргаласың жаз айым,
Кеталбай чимирилип, кармалдым.

## Көлүм

Койнуңа кирип, сууңа мен арбалдым,
Көпкө чейин мокумуңа канбадым.
Табериктей сүйүүлөрүм тартуулап,
Ысык-Көлүм бир өзүңө арбалдым.

Денемди колдоруңа карматып,
Сезим бердиң жүрөгүмө күч салып.
Көлүм кымбат көңүлүмдөн жай алдың,
Сүйүүлөрдүн кучагына курчалып.

Сууңа барып дем аламын, ыйыгым,
Сулуусуң, эс аламын өзүңөн.
Сени менен өтөт менин ар жылым,
Айланайын менин кымбат көлүмөн.

Толкундарың жүрөгүмдү  толкутуп,
Кучагыңа денелерим тартылат.
Жээгиңде кыялданып олтурсам
Толкундарың мени карай чарпылат.

## Ош

Кереметтүү, сулуу менин Ош шаарым,
Сени сүйүп сыймыктанып, ыр жаздым.
Сулууларды суктандырган Ош шаарым,
Өттүү сенде менин жаштык жылдарым.

Сулайман Тоом сыйкырдуу бир кереметиң,
Табият тартуулаган күчтү бердиң.

Ошумдун ишенген ыйык Тоосун,
Көргөнү коноктор келе бергин.

Ошту сүйүп чыккым келбейт жаныңан,
Ак буурасы жүрөктөрдү азгырган.
Кереметтүү шаарга көбү ашыгып,
Ошту сүйүп, эс алуучу жай кылган.

Кереметтүү менин ыйык Ош пирим,
Опколжутат жүрөк ооруйт бүт денем.
Биз сыйлайлы, Ош пиримди урматтап,
Тазартайлы, тазалайлы жууп, кирин.

Ошум сулуу мажүрүм тал баш ийген,
Көркүн көрүп, көңүл оту жибиген.
Түштүк элдин борборусуң Ош пирим,
Барктагыла, деймин мен дилимен.

Ош пирим кооз керемет,
Шурудай бермет нур берет.
Сыйкырлуу шамал жел сунуп,
Кучтөрүң жанып термелтет.

Керемет кооз тоолоруң,
Ош  пирим сага жол сунуп.
Сулайман атам колдосун,
Сүйдүрүп жүрөк толгойсуң.

Сүйдүрүп өзгө тартасын,
Көркөмүң  көзгө жагасын.
Адамды арбап  өзүңө,
Жүрөктө дайым каласың.

## Жеңелер

Босогодо күзөтчү,
Менин женем болсочу.
Боздотпочу жеңеке.
Гүлүң сунуп койсоңчу.

Бозойдун сырын чечмелеп,
Бото көз женем кызматта.
Кызыке деген сыйың бар,
Дастаркон жайып бирпаста.

Тоюң бүгүн башталды,
Баары сизге тамшанды.
Кызганыч болду жеңеке,
Агама айтам келгенде.

Пайдаңыз тийсин көрөйүн,
Сиздин кызматыңыз жеңеке.
Сырдашың болуп жүрөйүн,
Ырдатып сизди жеңеке.

Жеңелик доорун сүрүңүз,
Жеңелер эсен жүрүңүз.
Жар күтчү менин тойумда,
Ырдап- ойноп күлүңүз.

## Алтын жеңекем

Апамын ордун басар алтын жеңем,
Болуңузчу катарда менин энем.
Бир туугандай эркелетип чоңойттуңуз,
Кайним деп көтөрүп ойноттуңуз.

Энеден кийинки жеңем ыйык,
Бар болуңуз жеңеке өзүң сыймык.
Ишенер, таянар асыл  жеңем,
Мен үчүн жеңе деген атың улук.

Жашыңызга жаш кошулсун сизге барып,
Жылдыздар өчпөй дайым, болсун жарык.
Пешенемде бар болуң, жеңем жанып.
Сиз менен сүйүчтө турам балкып.

Көргүм келет жеңемди күндө шашып,
Бактылуу агамдын сүйгөн жары.
Негедир кызганамын карасаңыз,
Жакшы көрөм  кайниңизди бааласаңыз.

## Айылым алтын бешигим

Айылым алтын бешигим,
Сагындым алтын эшигим.
Айылдын суусун сагынып,
Ичким келди кешигин.

Бешигиңде термелдим.
Селкинчегим эсимде.

Ойноп алган күндөрүм,
Кызык эле бала кезимде.

Сыймыктанам айылым,
Кабарың жок дайының.
Сагынам, алыс айылым,
Куса болдум, кайылмын.

Аман бол алтын айылым,
Көгөрүп өсүп жайылган.
Күнөстүү алтын айылым,
Эстеген сайын сагынам.

Алма-өрүк бышкан кезинде,
Сагындым үзүп жегенди.
Адырдан бийик четинде,
Сагындым гүлүн тергенди.

Айылымдын сууларын,
Кечкенге мен кусамын.
Чабак уруп үстүндө,
Сүзгөнгө мен кумармын.

Чогулуп терип бүлдүркөн,
Тикендер бизди чочуткан.
Аймалып биздин денебиз,
Балдар менен урушкам.

Бүлдүркөндү талашып,
Ойнойбуз чогуу келгин, деп.
Ойнодук кайра жарашып.
Досторум менен жанашып.

Жарышып ойноп жүгүргөн,
Ойноок мүнөз балалык.
Алдейлеп  бешик термелткен,
Айылымдан tарадык.

Апа болуп өзгөрдүм,
Балалык сыры катылган.
Ойноок бала күндөрүм,
Жүрөгүмө батыргам.

## Каталык кылып албагын

Сулуулук кетти сүрүлүп,
Кайгыртып жүздү ал буруп.
Суранып токто десем да,
Мээнетке барды булкунуп.

Кайран кез өттү өмүрдө,
Жакшы сөз керек көңүлгө.
Бал тилин болсо өзүңдө,
Жагасын сен да көбүнө.

Жеңбейсин адам заманды,
Адалдап баскын кадамды.
Булгабай жакшы катарды,
Уятка салба сен атаңды.

Өстүрүп өзүң балаңды,
Катардан кетир жаманды.
Бүркөлтпө ачык асманды,
Каталык кылып албагын,
Күнөөлөп ушул заманды.

## Эне тилин сүйөбүз

Эне тилин сүйөбүз,
Дилибиз деп жүрөбүз.
Жүрөккө тилди түйөбүз,
Сыймыктанып жүрөбүз.

Таза тили, эне тил.
Аны дайым өзүң бил.
Барктап алгын барыңда,
Жетпегендер канчасы.

Тилин саткан канчалар,
Дилин саткан канчалар.
Андайлар бизде жок.
Тилин барктап адамдар.

Дүйнө элин кыдырып,
Сатылбагын башкага.
Өз тилиңди сүйгүнүң,
Өз тилиңде сүйлөп таптаза.

Кыргызым элге күзгүсүн,
Кыргыз тилин өркүндөт.
Тилиңди барктаар өзүңсүн,
Кыргыз тилдин кадырын,
Бүт ааламга таркаткын.

## Бир бол партиясына

Бир болуп түзүлдүң сен партия,
Түзгүн сен күчтүү партия.
Коргоп сен душмандан элиңди,
Колдогун эгемен жериңди.

Бир бол, бекем бол, сен алга,
Кадам сал умтулгун алдыга.
Бөлүнгөндү бириктирип бир бол,
Каaларым сага бекем ак жол!

Жол бербе душманыңа башкага,
Жол бербе сен жериңди сатканга.
Жароокер жоокер бол дайыма,
Жолотпо жырткычты жаныңа.

Бир бол, бай бол, бар бол,
Кыргызым өнүккөн элден бол.
Бир бирине душман болбойт кыргыздар,
Болбогула чет өлкөгө карыздар.

Түшпөсүн дейм бөлөк элден карыздар,
Бай болсун, болбосун такыр жакырлар.
Төрөлсүн эр Манастай баатырлар,
Бар болгула,бай болгула баарыңар.

Жакшы болсун өлбөйт, өчпөйт атыңар,
Дүйнөгө таандык улансын тамырлар.
Бирболгун, кыргызда төрөлсүнбаатырлар,
Жоголгун душман,кыргызым чыксын даңкыңар.

Биригип элим ынтымак чакыр,
Бир бол, бек бол, бар бол.
Каалarым сага амандык,
Келбесин башка жамандык.

Колдой жүр кыргыз жергесин,
Көтөрүп кыргыз желегин.
Душманын сени жеңбесин,
Гүлдөткүн кыргыз жериңди,

Үйрөткүн баатыр элиңди,
Окшосун сага эр жигит.
Оодарып келип душманды,
Жашасын  кыргыз бакубат.

Байыткын кыргыз жергесин,
Арыстан жолборстой алга.
Күчтүү бол, бекем бол дайыма,
Жол ачкын жакшы адамга

Бир болуп жолдон  адашпа,
Жанында жүрсүн ар убак,
Курманжандай Ханыша,
Жан жоокердей колдосун,
Бел болуп сени дайыма.

Жанашып бир бол жарыкта,
Атыңар калсын тарыхта.
Күн менен бирге жаркыра,
Биригип жылдыз жанында.

Нурларын чачып ааламга,
Жылдыздар коштоп дайыма.
Курчасын алар силерди,
Колдогон бир бол партия.

## Манасым колдо «Бир болду»

Желегин бийик көтөрүп,
Эл үчүн жайган канатын.
Урааны намыс кыргыз деп,
Колдосун ыйык Манасым.

Эгемен элдин алдында,
«Бир бол» чыкты аталып.
Сөз берип жигит антына,
Биригип «Бир Бол» партия.

Кайратың тоону тиреген,
Айбаты тоону ширеген.
Кыргыздын асыл тукуму,
Ынтымак элге тилеген.

Кыргыздеп жүрөгү соккон,
Кыйындар чыккан жашоодо.
Бир болуп биз да алардай,
Коргойлу кыргыз жергесин.

Бөлүнбөй элим бир болсун,
Жаштардын берип тилегин.
Кайраттуу, намыстуу болгон,
Элим деп соккон жүрөгү.

Эгемен элдин тилеги,
Ынтымак болсун ыр болсун.
Бабалар баскан улуу жол,
Урпагы Манас бир болсун.

Урааным бабам Манас деп,
Пейили айкөл чалкыган.

Байыртан тилек бир болуп,
Баатырлар чыккан калкымдан.

Эгемен элдин алдында,
Ай нуру шооласын чачат.
Күн нуру гүлдөрүн ачат,
Бир болуп кыргызым жашайт.

Эл үчүн алга сүрүлүп,
Жигиттер чыкты алдыга.
Ала-Тоо ыйык мекен! — деп,
Урааны «Бир  Бол партия».

Айкөл Манас коштогон,
Кырк чилтен жигит коркпогон.
Душманга жүрөгүн тоскон,
Биригип кыргыз коргогон.

Калкым деп кадам карытты,
Бийик тутуп намысты.
Ала-Тоо жергеси үчүн,
Ынтымак жолун ачышты.

Кыргызым ырыстуу эл келишкен,
Ынтымак болуп ээрчишкен.
Манастын күчү аларда,
Душманды жеңип эңишкен.

Барс турат жырткычты тосуп,
Ала-Тоо жергесин коргоп.
Короодон душманды тосуп,
Тукумун сактап коргогон.

## Бир бол кыргыз деген жигиттер

Бир болуп бириктиң кут болсун,
Жашоого ырыскы нур толсун.
Бир болгун ажыроо болбосун,
Ынтымак ырыскы бар болсун.

Колдоп турган калкың журт болсун,
Кошулуп силерге күч консун.
Бир болуп гүлдөт жеримди,
Өстүргүн көбөйткүн элиңди,

Тукум ула, көбөйө бер кыргыз уулу,
Атак-даңкты улагын ээрчишип.
Ыйыктыгы бул жашоонун тирүүлүгү,
Кыргыздарым куралгын биригишип,

Душманды тос калкансың, бир болуп,
Жеңилбесин жеңесин ишеним бар.
Бир болдуңар ынтымакта чогулуп,
Даңкың менен тарыхта жазылып кал.

Жаша кыргыз өсө бергин бир болуп,
Кыргызым ишенээр пир болуп.
Курай турган жигиттерим силерде,
Өнүп-өскүн кылымдарга бүт толук.

Доорду сүр жашай бергин биригип,
Элимдин өкүлү бол коргогон,
Ишенербиз даңазаңар улуу го,
Коргоп турат силерди Улуу Тоо.

Барсыңар барс силерди коргосун,
Жамандык башыңарда болбосун.

Жаныбарды, жандууну да коргогон,
Силерсиңер бир болгон партия.

Сүйгөн калкың жаныңарда жыргасын,
Жүрөгүңөргө күч салып, дем берсин.
Ырыскы баарыңды жылоолоп,
Күн нуру жаркылдаган нур чачсын.

Сууларым силерге шаркырап,
Өчпөсүн алоолоп күйгөн от.
Колдосун жараткан жалпылап,
Ар убак бир болгула, бир бол,
Эл колдосун алакан чапкылап.

## Бул жашоодо сыйлашалы

Тирүүлүккө сүйүнөлү Ала Тоого,
Теңирим колдойт бизди бул ордодо.
Жараткан берген бизге табияттын байлыгын,
Алтын, күмүш, жаратылыш кендерин.
Эң башкысы көк тиреген тоолорун,
Ала-Тоону, элибиздин сыймыгын.
Ишенем буйруду бул насипти
Ийгилик бизде болот узун жолдо.

Бул ырыскы, бул насиби Жараткандын,
Жакшылыкта ийгилик коштогон
Бул мезгил жашоосу жаратмандын,
Бир болсок жеңишке жетебиз көптөгөн.

Ыраазы болуп Теңирге, бир жашайлы,
Ортобузда ынтымак, сабыр болсун.

Жаратканга жалынып сыйыналы,
Жамандыктар экөөбүздөн алыс консун.
Капалыкты жүрөктөн алыстатып,
Тирүүлүктө бир бирибизди сыйлашалы.

## Баев Талант

Талантсың элдин күч-кубаты,
Өз жериңе таанылган.
Тамшандыргын кыргызды,
Эл үчүн иштеп абыдан.

Кыргыздын уулу Талант деп.
Улуу Теңир колдосун.
Калкың сага, Канат бел,
Ийгилик болсун жолдошуң.

Кыргыздын туусун көтөрүп,
Өнүп-өскүн көгөрүп,
Эмгегиңди эл билип,
Калкыңды өзүң көтөрүп.
Атың сага жарашкан,
Суу апкелдиң алыстан.
Элиме  кызмат кылсын деп,
Көпүрө салдың бекемдеп.
Жардамы тийди элиме,
Пайданы көрүп өзүңөн.
Көкөлөгүң бийикте,

Демөөрчү болдуң элиңе,
Жол салып өскөн жериңе.
Айтпай журттан бата алдың,
Кызмат кылып көбүнө.

Аздектеп Кызыл- Сууңду,
Айланттың бейиш төрүнө.
Даалайын сактап өмүрдө.
Чындыкка чыйыр салдырдың,
Өткөрбөй өмүр бекерге.

Өчпөс эмгек калтырдың,
Үмүттүн уучун узартып.
Жаштарга сен канатсың,
Мүрүңө оор жүк артып.

Үлгү алсын сендей Таланттан,
Артыңда жаштар келаткан.
Батаасын сообун ала бер,
Үзүрүн берсин жараткан.
Үстүңө үйбөй байлыгың,
Бергениң элге жарашкан.

Пейли жакшы адамга,
Перилер өзү жол ачат.
Вазирлер колдоп жаныңда.
Президент болгун тарыхта.

Дүйнө кошо сен менен,
Дүнүйө ачтың канчага.
Далайларды байыттың,
Көпчүлүк жүрөт тамшана.

Батасын алдың карынын,
Колдодуң канча адамды.
Жаштарга тийип жарыгың,
Сен болдун элдин адамы.

Ата - энеңе ырахмат,
Сендей уулду өстүргөн.
Элдин уулу сен Талант,
Ачылсын дагы  ак жолуң,
Зоболоң өсүп бийиктеп,
Элдин уулу Талантбек,
Элиңди дайым колдогун.

Элдин тийип батаасы,
Отургун сен тактыда.
Теңирим сени жактырды,
Бул да сенин  бактың да.

Жакшы доорду сүргүнүң,
Жакшылык сага жанашып.
Кыргызстанды гүлдөтүп,
Суктанышып карашсын.

Таазим этет, калың эл,
Душманың да сага ийилет.
Кызматка жетсең калыс бол,
Көачүлүк сага ийигет.

Кыргызстанды курасың,
Кыргызыма куралсын.
Чыгаан болуп чыгаарсың,
Чындыкка өзүң турарсын.

Бел болдуң кыргыз элиме,
Белеги болдуң сен жигит.
Сунулсун сага жакшылык,
Маанайыңды шат кылып.
Сыйлуусун сага ийгилик

Көпүрө куруп эл үчүн,
Көөдөнгө салдың сүйүнүч.
Көкөлөтүп элиңди,
Көтөрдүн Талант жериңди.

Кырсыктан сактап элиңди,
Калкан болдуң жолуна.
Кулпуртуп өз жериңди,
Нурдантып бүгүн койдуң да.

Элим колдо элдин жигитин,
Көкөлөткүн бийикке,
Майнабын чыгарып көп иштин,
Сермесмең аны белеске.

Дем берип өз элине,
Демилгечи болгон жеринде,
Депутат болсун сендейлер,
Пайдасы тиет көбүнө.

Ишкер уулуң  чыкканда,
Алакан чаап колдогун.
Келечек муун үлгү алып,
Таланттын жолун жолдосун.

Элимде жактың көбүнө,
Талант деп сени көрүүгө.
Суктанган канча энени,
Суктанткын сен күнүгө.

Сукtанышат канчасы,
Сыймыгы болгун элимдин.
Жакшы жигит пайдасы,
Жылдызы болот жеримдин.

Ишеничи бол кыргыздын.
Чымыркаnып иштен баш тартпа,
Асманда бийик турган,
Нуру тийсин жылдыздын.

Чыгааны болуп элимдин,
Ишеничин сен актай бер,
Талыкпай иштеп баш тартпай,
Намысты коргоп сактай бер.

Энеңе таазим этебиз,
Сендей уулду төрөгөн.
Көбү чыксын дейбиз биз,
Элдин жүгүн көтөргөн.

Ырыскы түшөт төбөңө,
Ишкерлер чыксын сен өңдүү
Көтөрүлүп зоболо,
Гүлдөсүн өлкөм күнөстүү.

Ар дайым элдин ишинде,
Жүрө бер кызыр жылоолоп.
Аксакал бери ак бата,
Коштосун бакыт ыроолоп.

# Балдайсыңар балдарым

Балдай ширин менин балдарым,
Сүйүүмдөн силерди тапканмын.
Сүйүнөм силер канатым,
Таттуусуңар силер балдарым

Кайгырганда кабак ачтырган,
Күлкү сунуп мени азгырган.
Сыйкырымсын силер  балдарым,
Суусасам моокум кандырган.

Ооруганда көрсөм айыгам,
Эркелигиң абдан сагынам.
Эрмексиңер менин жашоомо
Бактыңарды тилеп жалынам.

Байлыгымда, бакытым силер,
Бар болгула, Теңирден  тилегим.
Сүйүнүч тартуулап келерсиңер,
Силер менен жашап жүрөмүн.

Ачылган гүлдөй балдарым,
Силер менен үйүм шаңданат.
Жытыңарга дайым кумармын.
Силер бар үйүм нурданат.

## Коозсуӊ кыргыз жергеси

Коозсуӊ кыргыз жергеси,
Көзгө укмуш көрүнөт,
Кулпуруп турган келбети,
Бермети жанып төгүлөт.

Мактансам аздык кылчуудай,
Сөз менен айтып бере албайм,
Көркөмү кооз жергемди,
Көрбөгүн сен деп албайм.

Тарыхтын узак барагын,
Сыдырып көзүм карасам,
Баатырлар турат катарын,
Акындар көп санасам.

Каны таза урпагыӊ,
Манас чыккан кезинде.
Уучуӊ сенин кур эмес,
Жазылган тарых бетинде.

Жери сулуу, суусу дары,
Жемиши бар, байлыгы кенен.
Кенге бай, жеринин баары,
Жараткандын бейиши белем.

Көз карегиндей сактасак биз,
Кыргыз жери кулпурат да.
Конокторго сатпасак биз,
Көрктөнүп нурданат да,
Бапестеп бапктасак да,
Көргөндөр бизди суктанат да.

# Бала деп эне жашайбыз

Бала  деп эне жашайбыз,
Бактыбыз болот биз үчүн,
Ыссык суукка карабай.
Уйкусуз өтүп күнү түн.

Элиңди коргоп башкарган,
Датка энелер төрөлсүн.
Каныкейдей асыл жар,
Баатырларды төрөшсүн.

Кыргыз элин көтөргөн,
Энелер уулду төрөсүн.
Кыргызстан деген мекенден,
Чыгаан балдар көбөйсүн.

Өлкөбүз өсүп өркүндөп,
Кыргыздын атын чыгарган.
Арадан чыксын жакшылар,
Бала бар, үйүң күлкү шаар,
Бала бар үчүн бактың бар.

Энелерибиз биздин акылман,
Чыгаан кыздар төрөшсүн,
Кылымга атын чыгарган,
Уул-кызды көбөйтсүн.
Балага эне жөлөксүң.

## Кыргыз жери

Сен дегенде кагыламын, күйөмүн,
Кыргыз жери мекенимсин сүйөмүн.
Дарагыңдын бутагын да сындырбай,
Асыл жерим, коргоймун деп жүрөмүн.

Уя жасап бутагыңда жашаймын,
Чоңоюшат менин да балдарым.
Кыргыз жери мекенимсин турагым,
Сени сактап, сени коргоп турамын.

Тамырларым сени менен туташкан.
Жаным бирге дүйнөнү да кыдырсам.
Азык алам, жемишиңден мөмөңдөн,
Кыргыз жери карааныңдан кагылам.

Жашоомдо бир өзүңсүн  тирегим,
Тийсе деймин менин сага керегим.
Зарыл кезде кызматыңа жараган,
Таянаарым өзүңсүн кыргыз жерим.

Ишенер тоом, керемети өзүңсүн.
Тээ бийиктен туруп мен карасам.
Сулуулугуң, бир ажайып көрүпмүн,
Кыргыз жери, көрктөнүп, өнүккүн.

Бир башкача сезилет шамалың,
Денеме күч бергендей сезилет,
Кулпурган кыз сыяктуу жамалың,
Нурданып тургандай көрүнөт.

Карасам, дем алгандай туямын,
Сүйдүрөсүң жүрөгүмдү алдейлеп.
Көңүлүмдү сени карай бурамын,
Кыргыз жери өзүң менин турагым.

Тоолорум кооз, багынтасын канчасын,
Токойлоруң, эс алуучу бакчасың.
Суктандырып арбап алып адамды,
Тамшандырып, бир өзүңө тартасың.

Сыймыктанат сени менен  бул аалам,
Барктайт, сыйлайт ар бир адам ар качан.
Кыргыз жери сулууланып баратасың,
Сагынамын, аралап мен баспасам.

Күн нурданып, теребелге төгүлөт,
Бир башкача ажайып көрүнөт.
Кыргыз жери кулпуруп баратасың,
Кыялымда кооз ойлор  өрүлөт,
Өз жерим бир укмуш көрүнөт.

## Жол карадым жоксун балалык

Айылыма барам,
Сени күтүп алам.
Бирге куурчак ойногон,
Досумду табам.

Бакта күтүп алам,
Балалыгым кайдасың.
Бакытка тунам.
Тапсам мен айласын.

Күнүм чыкчы,
Айылымдан жаркырап,
Издейм мен,
Мөлтүрөгөн бала чак.

Күттүм сени,
Алтындай балалык.
Сүйдүм сени,
Сүйкүмдүү балалык.

Жол карадым,
Жоксуң балалык.
Сагынып самадым,
Кайрылгыс балалык.
Өткөн  кезди,
Кайдан биз табалык.

## Кыргызстан

Кыргызстандын желеги желбиресин асманга,
Жеңилбеген кыргызым айтып бүткүс дастан да.
Басып өткөн улуу жолу кең тараган ааламга,
Өлкөм өсүп, дагы кетсин, даңкы даалайга.

Тил менен чыгаан сен, эгемен эл болуп,
Өнөр менен атың  кетсин кылымдарга,
Жергебизге  уюткулуу кут конуп,
Көкөлөгүн көкккө карай жылдыздарга.

Ырыскылуу  эл болгун, даңазасы тараган,
Кошуна өлкө өскөнүңө тамшана караган.

Эне тилиң кылымдарды карытып,
Элден чыксын эл керегине жараган,
Манас өңдүү баатырларыбыз арадан.

## Кыргызымдын камчысы

Камчы сапты бекем кармап,
Ат жалында ойногон.
Бет алдынан душман келсе,
Камчы менен коргогон.

Баатыр жигит камчы менен,
Ат жалында чоңойгон.
Каруусуна илип алып,
Беттегенге бет келген.

Кыргызымдын камчысы,
Эр жигитке төп келген.
Караңгыда душманга,
Камчы менен бет келген.

Кыргызымдын камчысы,
Аталардан апкелген.
Кылымдардан куралып,
Камчы ыйык сакталган.

Манас кармап камчыны,
Кырк жигитти башкарган.
Саякбай кармап камчыны,
Манас айтып күүлөнткөн.

Сагынбай ата манасчы,
Сөз атасын сүйлөткөн,
Манас айтып жатканда,
Канча күндү түнөткөн.
Бакайдай бабалар,
Камчыны кармап үйрөткөн.

Кыргызымдын камчысы,
Алмустактан келаткан.
Аталар колдон түшүрбөй,
Кылымдарды карыткан.

Кыргызымдын буюму,
Камчы адамга эм болгон.
Ооруларды сабалап
Канча жанга дем болгон.

Кыргызымдын камчысы,
Касиети күч болгон,
Керемети чоң болгон.
Бабалар өткөн заманда,

Камчы менен эл корголгон.
Кыргызымдын камчысы,
Үй төрүндө илинип,
Элибизде сый болгон.

## Апакем

Убакыттын өткөнүн байкабай,
Жүргөн экем, мээнетиңди баалабай.
Кадырыңды билбептирмин апакем,
Эне болуп билдим эми арман ай.

Наасат айтсаң, укпаптырмын жаш болуп,
Жаштыгымдын күнүнө мен мас болуп.
Сенин сөзүң балдарыма айтылды,
Эстегенде олтурамын бук болуп.

Мен да каарып баратамын өзүңдөй,
Ыраазымын эне  сенин өзүңө.
Жаш агызып, рахматымды айткандай,
Ыр жазамын апаке сен жөнүндө.

Жол алдымда аска, бийик зоо турат,
Ашып сага жете албадым апаке,
Тагдырымды күнөөлөп мен олтурам,
Таалайыма бар бол, асыл   апаке.

## Ынтымагы жок бир тууган

Биз чыгып алтын уядан,
Чоңойдук эр  жетип,
Ойнодук  гүл  терип,
Көпөлөк кууп кыядан.

Жүрөктөн чыкты  муздак  тер,
Булкунуп  кетти  кара  жер.

Буралып келип келиндер,
Буруп салды тууганды.

Ынтымак кетти бүлөөдөн,
Чыркырап келды ата-энем.
Ырыскы жок бүлөөдө,
Бир тууган калды күнөөгө.

Жатарга төшөк жайым жок,
Туугандар душман бирине.
Тебиштин тууган белине,
Таң калдым жашоо бул эмне.

Таянар жообуз ата-эне,
Тага-жээнди бөлүшүп,
Баланды жаман көрүшүп,
Мынчалык алар кас беле.

Урукту бузуп булгайсың,
Ата-энеңди неге урасың?!
Душман болуп жатынга,
Болушасың катынга.

Катып алып наныңды,
Булгадың сен каныңды.
Даамды сунбай тууганга,
Кантип колуң барды урганга.

Көздөн кетти ата-энең,
Жаны соолуп деминен.
Бекчейип ал-белинен,
Уядан чыккан балдарың.

Шоордуу болуп куурадың
Бир бириңди урбагын.
Уяң болуп мен турам,
Сүтүңдү ойло суранам.

Уят болдуң туугандар,
Карылык башка келгенде.
Кеч болот кийин түшүнсөң,
Кеч болот кийин пешене,

Кайтар дүйнө билип ал,
Тууганыңды сыйлап ал.
Көкүрөк сүттү беремин,
Көңүлүңө түйүп ал.

Тарбия сунуп келгенмин,
Түпкүрүнөн бала ээси жок,
Сүйлөсө жакшы кеби жок,
Намыстанып куурадым.

Уялбастан тайбадым,
Жаман болдум каралдым,
Ынтымак жок бир тууган,
Күчүм кетип карыдым.

Балдарымдан айрылдым,
Жыттарына зар болуп.
Келиндер бузуп balаңды,
Жаман жолго арбады.

Жүрөгүм ооруп кармады,
Бир боорунан айрылып.
Байлыкка ооп алданды,
Башкаларга суктанып.

Суугун салды арманбы,
Баары эзилип бир тууган.
Наасат айтам сен уксаң,
Наалат келди бактыма.

Түйшүк тийди башыма,
Карылык келди жашыма.
Кабак тийип кашыма,
Абак келди жаныма.

## Трактор

Сүйүндүрүп жеримди,
Ажарын  ачкан трактор.
Боз топурак майдалап,
Чыйыр  салган трактор.

Байытып канча адамды,
Жерге үрөн септирдиң.
Чыныгы сен жардамчы,
Жерине эгин эктирдиң.

Күчсүздөргө  күч  кошуп,
Тоюнтурдуң адамды.
Жазды биринчи сен тосуп,
Гүлдөттүң жашыл таланы.

Теңирим темир берип колдоду,
Трактор адамдын оң колу.
Ырыскы коштоп темирди,
Багынтын берди ак жолду.

Илимдүү өнүп ааламда,
Ишкерлер арбын талааңда.
Темирден берип канатты,
Техника укмуш жаратты.

## Сен кыргыздын уулусуң

Жеңилбегин жигит күрөштөн,
Анткени, кыргыздын уулусуң.
Күчүн сура, атам бабам Манастан,
Арбагы колдойт сени жүрөктөн.
Таанылгын кыргыз элине,
Анткени, сен элдин баласы,
Колдойт Раатбек жаңыңда,
Каны таза кыргыздын,
Күчү бар сенде сакталган.
Жеңилбегин күрөштөн,
Атың чыксын даңкталган.
Курманбек деген шер өткөн,
Эрдиги азыр сакталган.
Датка энең Курманжан,
Кезинде эл башкарган.
Мына ушулар баарысы,
Сага күчтүү дем берген.
Алакан жайып кош колдоп,
Сага бата эл берген.
Жеңгин желек желбирейт,
Кыргызстанды көтөргөн,
Кыргыз жигит сен болгун.
Аалам сага эркелейт,
Калкыңа сен деп болгун.
Касиети берешен,

Бишкек баатыр жеңишкен,
Күчү менен эңишкен.
Барсбек баатыр жанында.
Жайыл баатыр каны бар
Жайнатпай айда душманды,
Тайманбаган күчүңөн,
Душманың сенден сүрдөсүн.
Бут алдыңда чөгөлөп,
Өлкөңө душман кирбесин.
Акылың менен тилди ал
Ар улуттун дилин үйрөнгүн.
Атакебай элчидей,
Данакер болгун элиңе.
Ырыскы сун жериме.
Балбай баатыр да өткөн,
Баатырлар өткөн,
Көп өткөн.
Калкыңды корго душмандан,
Жериңе сенин көз арткан.
Байтик баатыр төрөлгөн,
Ал да журтун көтөргөн.
Баатырлар кетти өмүрдөн,
Куралын кармап эл үчүн,
Байтиктей бол сен бүгүн.
Амантай күйүп эл үчүн,
Тайбаган Тайлак күчүнөн.
Эл үчүн баатыр күрөшкөн,
Кыргыздын атын чыгарган.
Баатыр болбойт ар адам.
Кожомкул ташты көтөргөн
Баатырлар кетти арадан.
Төрөлсө деп мен самап,
Баатырлар чыгып катардан.

Атагың калат тарыхта,
Баатырым силер берекем.
Баатырлар сактап жериңди
Душмандар бизден жеңилди.
Улуу кыргыз эл экен.
Кыргыздын атын көтөргүн
Намысты колдон чыгарбай,
Баатырлар кыргыз көбөйсүн,
Бой керип өскөн чынардай.
Чыгааны арбын кыргыздын,
Көк жалдык бар пейилде,
Буюруп Алла колдосо,
Көп чыгат баатыр элимде
Элиңдин жүгүн көтөрүп,
Тушалган жерде жеңилбе.
Кайратың каарып серпилген,
Кол ойноп, комуз чертилген.
Тарыхта опол оорду бар,
Катылган душман мертинген.
Буюрса көп кыргызда,
Кайраты бар көптөгөн.
Кырыздын туусун көтөрүп,
Ааламга атын бараткан,
Көктү карай көкөлөп,
Улуу жол менен бараткан.
Сен кыргыздын уулусуң,
Кудайым колдоп жараткан.

# Ак мөөр

Мөңгүнү дагы ыйлаткан,
Ак мөөр деп сүйүү сыр каткан.
Мөөр басып жүрөк кыйнаган,
Ак мөөрү киши ыйлаткан.

Ак булут сага жарашып,
Ак кууларым көлгө жарашып,
Улуулардан калган чоң санат
Ак мөөр, деп Болот жар салат.

Мөөр кылып сени жараткан,
Мээримин сунган Жараткан.
Ак куусун кийим кулпуруп,
Ааламда сени талашкан.

Көп кыздын ичинен тандап бир,
Сулууну Жантай чал алган.
Көз жашын Мөөр көлдөтүп,
Аргасыз чалга бараткан.

Боздогон көл перисин,
Көргөндө көздөн жаш аккан.
Эки жаштын арзуусун,
Кино кылып тараткан.

Ай күн да, сени талашып,
Сулуу жан сүйүү жаратып.
Кыргыздын болдуң жылдызы,
Кылымга атың таратып.

Кыргызга доорду сен басып,
Кылымга тарых из калып.
Тарыхта калдын аталып,
Мөөр болуп атың сакталып.

Жаралсын дейм сендей жан,
Тилеймин сени Алладан.
Күтөмүн сени ааламдан,
Төрөлсүн Мөөрүм кайрадан.

## Чынгыз Айтматовго

Көктө жылдыз күлмүңдөп, жарык берсе,
Жерде Чынгыз жаркырап нурун төккөн.
Чыгармасы дүйнө  тарап, калып эсте,
Калкын Чынгыз ай ааламга  көкөлөткөн.

Чырагы элең Чынгыз кыргыздын,
Өчпөс болгон чыгармаларды жараткан.
Кылымдарга урагыс устун тургуздуң.
Калкыңды дүйнөгө  узак тараткан.

Кыргызды кыргыз кылдың Чынгызым,
Окшосо экен  дал өзүңө тун кызым.
Чынгыздай төрөлсө дейт калкың.
Көбөйсүн Чынгызымдай кыргызым.

Сен тирүүсүң жүрөктөрдө жашайсын,
Түнү таза асмандагы айдасың.
Кылымдарга Чынгыз  улуу атың бар,
Кыргыз көрдү,Чынгызымдын пайдасын.

## Досторум

Досторум мени колдодуң,
Далай күндү өткөрүп.
Доор сүрдүк биз ойнодук,
Досторум жанды койбодуң.

Тагдыр оор, бирге болбодук,
Таарынып кээде толгондук.
Жолугууну биз күтүп
Жолубузду болжодук.

Досторум болсун, бар болуп,
Жолугуу такыр болбоду.
Татаал жолдор туш келип,
Жолугууга жолду койбоду.

## Сагындым өскөн айылды

Сагындым өскөн айылды,
Самаймын жүргөн багымды.
Алмасын үзүп жечү элем,
Сындырбай бутак шагыңды.

Өстүргөн гүлдөр багымды,
Эңсеймин адыр жайымды.
Сагынам тоолор өткөргөн,
Жалындуу жаштык чагымды.

Багынам өскөн жериме,
Көбөйүп турган элиме.

Агызып келем теримди,
Эмгекти арнап  жериме.

Арам окат аш  алба,
Бирөөлөргө таш урба.
Жамандык кылсаң касыңа,
Сенин да келет башыңа.

Таш урганга, аш бергин.
Шайтанды тос жолунан.
Жакшы адамга күч бергин,
Суурулуп чыксын тобунан.

Мейманга кабак салба,
Үйүңдө конок турса.
Ийилип айткан кебин,
Кунт коюп өзүң тыңша.

Ажо турат маңдайда,
Анын баркын сыйлагын.
Тирүүңдө адам абайла,
Сен жамандык кылбагын.

Кабаттан үйүң болсо да,
Оо дүйнө алып кетпейсиң,
Күргүштөп дүйнө жыйнасаң,
Оо дүйнөдө жетпейсиң,
.
Ылгайт сени тараза,
Тозогу бар, оту бар.
Ачылат сага дарбаза,
Жакшыга тургун жанаша.

Күнөөңдү жууп, тазаргын,
Бир күн бүтөт базарың
Жат адамдын жарына,
Кызыгып сен караба.

Сени күтөт жакшылык,
Жаман жүрүп калбагын.
Жарың да күтөт жактырып,
Башына мүшкүл салбагын.

Уласын ушул жашоодо,
Жакшы жашап балдарың.
Батаа болсун алганың,
Адал иштеп талбагын.

Туягыңды тазала,
Жаман жолго барбасын.
Буулукпасын таза аба,

Кейибегин тагдырга,
Бешенеге салганы.
Таза жашап, ак жүрсө,
Болбойт анын арманы.

Байлыгың менен жыргаба,
Бай-кедейди ылгаба.
Өзүңдү кара сындаба,
Кур бекерге жыргаба.

Жашагын сен жыргалда,
Шашпасаң да, карыйсың.
Чапкан аттай күн озот,
Күнөөлөбө баарысын.

Адал, арамды ылгагын,
Кесири сага тийбесин.
Өлүмдү өзүңө сунбагын,
Ичиңе жамандык кирбесин.

Бу дүйнөдө коноксуң,
Жакшы жашасаң жомоксуң.
Дүйнөнү ойлоп термелгин
Болбойт  сен кайра келмегиң.

Чечилет бир күн чепкениң,
Күнөөңду жуу желкеңдин.
Кадырын бил элиңдин,
Күч кетет бир күн белиңдин.

Эленесиң электен,
Чыгасын бир күн керектен.
Тиленгиниң теңирден,
Күнөөңдү жуу жеңилден.

Кетесиң бир күн сен дагы,
Илгертен кеткен кыйындар.
Падыша өткөн, хан өткөн,
Өтүп бүткөн жыйындар.

Дүйнөдө жарык айланды,
Атактууну жер алды.
Согуш салды, чуу салды,
Кейиттирип көп жанды.

Канча доорду өткөргөн,
Атан баатыр көп болгон.
Жазындагы көктөмдөн,
Кыйындардын көз өткөн.

Жүрөгү жарты жашоонун,
Кайгысы да көп болгон.
Бир күн ажал чакырса,
Байлыгың калат топтолгон.
Бай-кедейге баары бир,
Кези келгенде жоктолгон.

Тирүүңдө адам оңолгун,
Жооп бересиң  кезинде.
Тирөөч болгон эч ким жок,
Ааламда жер бетинде.
Күнөөңдү жуу коркпогун,
Кечирүү бар Теңирде.
Сага берген тирүүлүк,
Болсун сенин эсиңде.
Устун болгон эч ким жок,
Баары өткөн кезинде.

## Ала- Тоом

Аска зоолуу, ак мөңгүлүү тоолорум,
Кыргызстан мекендеген жерим сен,
Сен жөнүндө дайым жакшы ойдомун,
Көзүмө бир ажайып көрүнсөң.

Кереметтүү кыргызстан  сен боорум.
Бөлүнбөсүн кыргыз элиң бүт толук.
Менин жашоом, касиеттүү Кыргызстан,
Өркүндөгүн  башкаларга тең болуп.

Шаркыратма сууларың оргуштаган,
Токоюңда мөмө-жемиш бары бар.

Элиң тынч, бир калыпта өсүп жатсаң,
Санам жок, өркүндөй бер Кыргызстан.

Кыргызстан чеп болосуң  борборум,
Баскым келет сенин сонун жолдоруң.
Барган сайын кулпуруп келатасың.
Сен бар жашайм, жашоом менин эң сонун.

Жүрөгүмдү алтын жерим козгодуң.
Даамын татып, дары сууңду шимирип,
Ден соолугум оңолгондой окшодум.
Кыргызстаным гүлдөгөн турмуш кечирип,
Эркин турмуш, сергек жашоо коштодуң.

## Улуу жердин касиети бааланган

Улуу жердин касиетин баалаган,
Алмуздактан кыргыз жашап келатат.
Эли-жерин чет душманга сатпаган,
Кыргыз эли канат  кагып  баратат.

Жер кезип  айланамды карап турам,
Улуулар жеримди сатпагын,
Жан кетет туяка жер палачы,
Каны таза кыргызымдын баласы.

Манас баатыр кыргыз жерди сактаган,
Душмандар жер талашып батпаган.
Касташкан жоо маңдайында турса да,
Эли-жерин көз карегиндей бархтаган.

Кереметтүү кыргыз жерин карачы,
Суусу тунук, таптаза сонун абасы.

Мээнетиңден айланага гүл өнүп,
Гүлдөткүн Кыргызстандын баласы.

Бейиштүү Кыргызстаным, алтын жер,
Берекеңди төгүп, кыргыз элиме бер.
Даары чөптөр, асыл ташы, баары бар,
Эмгегиңден гүл бакчага айланар.

Тукуму көбөйсүн канаттуунун,
Көктө кайкып  учуп көкөлөгөн.
Көбөйсүн азамат жигиттериң,
Ала-Тоосу кучагында бөпөлөгөн.

Боорукер болсун  байлары да,
Курушуп завод фабриканы.
Жумушчулар көп болсун,
Үн санап катарынан өсүп саны.

Элиңди  рух кайыптар колдосун,
Ар бир үйдө кут, береке орносун.
Кыдыр Ата, Умай эне жакшылык,
Берсин сага, кылган ишиң оң болсун.

Чакаларда күргүштөгөн май толсун,
Байбичелер көңүлдөрү жай болсун.
Карыялар өз үйүнүн төрүндө,
Бак-дөөлөттүү жайкалышып олтурсун.

Пешенеге жакшы өсүп уулуңар,
Сыйды көрсүн, балдарынан улуулар.
Көктү карай желбиресин ар дайым,
Бийик турган чоктой кызыл тууңар.

Кан болбосун агылбасын жашыңар,
Душманга алынбасын балаңар.
Дүйнөнү кызыктырган жериңдин,
Берекеси, кут төгүлгөн баары бар.

Каныңда кан Манастын каны бар,
Журт башчынын куттуу тагы бар.
Ала-Тоону көкөлөтүп көтөргөн,
Дүйнө билген улуу Чынгыз дагы бар.

Энелер эл ишенген уул берсин,
Энелерге улуу даража сый берсин.
Жамы журт, Ала-Тоо жерине,
Көктөн түшкөн кереметтүү кут келсин.
Кубандырып жакшылыктар баарысы,
Катарынан кубалашып жуп келсин.

## Кыргыз жери жаннат жер

Аска-Тоомо кызыккандар көп чыгат,
Берекеси төгүлгөн касиеттүү бир жаннат.
Тынчтык болсун жаратканга сен аманат
Колдосо эл кан Манастар жаралат.

Ала-Тоомго суктангандын көбү бар.
Алар бизге сырттан келген адамдар.
Берексин, сулуулугун көрүшүп,
Тамшанышат, алууга алар кызыкдар.

Кыргыз жери эч кимге берилбейт,
Ала-Тоом жамы журт, элдики.
Ата-бабам мекендегеним жерим бул,
Уулдарыбыз көз артканга жедирбейт.

Каны таза, билектерде күчү бар,
Эр азамат кыргыздарда жаралган.
Душмандар кырса да кырылбаган.
Улуу кыргыз бүт дүйнөгө таралган.

Кыргызстан гүлдөсүн кулпуруп,
Дүйнө эли кудуретибизди билишсин.
Тээ бийикте көктөн карап олтуруп,
Кыргыздарым айга желек илишсин.

## Кереметтүү Ысык-Көлүм

Кереметтүү Ысык-Көлүм,
Көрктөнүп турасың сен.
Жан дүйнөсүн тазалатып,
Көңүлүңдө бурасың сен.

Келген адам көптөгөн,
Кудуретиңден тазарды,
Өзүңө сен багынтып,
Дагы канчасы жашарды.

Шыпаа берип оорудан,
Азабынан куткардың.
Көпчүлүккө сен жагып,
Өзүңө сен арбадың.

Көлүм сага жалынып,
Канчалары келишкен,
Кучагыңа малынып,
Толкунуңда ээришкен.

Жээкке карай атырылып,
Толкундарың шарпылдаган.
Тамчылары жапырылып,
Карегимден карайм улам.

Дал ушинтип турганда сен,
Ажайып бир көрүнөсүң,
Сезимдерди буркуратып,
Сүйүү болуп төгүлөсүң.

Теңир колдоп жаралгансың,
Ысык-Көл деп таралгансың.
Толкуй бергин Ысык Көлүм,
Жүрөк козгоп толкундарың.

Бир карасам кубуласың,
Бир карасам тыйыласың,
Касиетиңди ырга айлантып,
Жүрөгүмдөн айтканым чын.

Тирүүлүккө келген өмүрдө
Күндү бекер сен өткөрбө,
Ысык-Көлгө атайлап келип кет,
Ушул сөз турсун көңүлдө.

Кайгырып эч убакта бөксөрбө
Кетесиң бир күн көктөмгө,
Көлдү гүлгө айланткын,
Теңир берген көлдү сен көп көрбө.

Жараткандын бизге белеги,
Биз суктанган касиеттүү Ысык-Көл
Колдобосо кудай өзү береби,
Биз баарыбыз Көлдү сактап келели.

Ыраазы болсун Ысык Көл,
Пайдасын кыргыз өзү көр.
Кереметине суктанган,
Бейиштей болгон Ысык Көл.

Дүйнөгө дагы таанылткан,
Канча улутту багынткан.
Көргөнү келген көп эл бар,
Ат арытып атайын алыстан.
Суктантып жүрөк жалынткан,
Денеңди кармап балкыткан.
Көрбөй калсаң бир азга,
Кайра эле өзүн сагынткан.

Көлүм жыттуу атырдай,
Элим сүйүп жактырган.
Боло албайт эч ким акындай,
Ырларына батырган.

## Ысык-Көлүм

Жайнатып жер бетине сууну бердиң,
Жайнаган шаркылдаган Ысык-Көлүм.
Ажайып бир башкача кулпурасың,
Караганда тойбой турам өзүм.

Канча адамды багындырып сен.
Өзүңө арбап касиеттүү Ысык Көлүм.
Кочуштап колуң менен бата бердиң,
Сүйүүнтүп адамдарды бөлүп көңүл.

Көлүм менен табышты сүйүшкөндөр,
Көңүл менен жагынып бир бирине.
Таарынышып, Көлүмдө табышкан бар,
Сыйы бар, сыйкыры бар, ар жеринде.

Кыргызымдын Ысык Көлү касиеттүү,
Кылымдардан жашап келген берекелүү.
Суунун шары  комуз кылы сыяктуу,
Добуш салат толкундары  кереметтүү.

Сулуулугуң суук  көздөн сактасын,
Дарылыгың дарман берди канчага.
Касиетиңден эч бир адам качпасын,
Алмаштырбайм Ысык-Көлүм башкага.

Ак куу ойноп көркүң ачып калкысын,
Көзүм тойбойт, ажайып бир чалкыйсын.
Ысык-Көлүм кучагыңда термелем,
Мени менен сен да кошо балкыйсың.

Ысык-Көлүм касиеттүү даарысың,
Чын дилимден айткандыгым баары чын.
Сүйүүмдү кучагыңдан издедим,
Сүйүнтүп Ысык- Көлү өзүм келдим.

Тумар кылып Көлүмө мен багынам,
Көрбөсөм сага негедир таарынам.
Кыз сүйүп күткөн жигит сыяктуу,
Келбетиңе миң мертебе жалынам.

Ырдагым келет  толкуп турам абыдан,
Көл жээгинде акын ырын жазгандай.
Суктандырдын бир өзүңө Ысык-Көл,
Караңгыда жарык берген ак таңдай.

Сууларың менен суктандырып  элдерди,
Ысык-Көлүм көпчүлүккө дем бердиң.
Ачсак эгер улуу тарых барагын,
Жазылып ушул күнгө өчпөй сен келдиң.

Баатырлар өтүптүр Көлүм  сен менен,
Кылымда чогуу жүрүп бир келген.
Ырчылар байыр алып сени мекендеп,
Ырлары көл үстүндө ак куудай сермелген.
Ысык-Көлүм ар бир жайда сени менен,
Кучагыңда толкун менен термелем.

## Адамдар

Бүгүнкү күн неге бүркөк,
Ойлоп келсем денем үркөт.
Кайгысы бар адам жүдөп,
Турат жолдо ал кайырчы.
Бай кедейди карабайт,
Байлык көздү арбайт.
Күнөөлүү ишти жасап,
Коркпой сөздөн кайтпайт.
Бирөө өзүн коргобойт,
Баймын деп адам кордойт.
Жаман жолдо ал ойлойт,
Замана деп шылтабагын,
Жашоо турат кылдасың,
Жакшы болуп жыргагын,
Жакшы ырдан ырдагын,
Кудайым бар сынбагын.
Кураныңды билип ал,
Карылык курак келетко

Куралына ишенбе,
Курарына ишенбе,
Турарына ишенбе,
Алакан жайып жер турат,
Жем болуп ага барасың,
Дүнүйө бербейт сага өмүр,
Ата-энени кул кылып,
Кыйнайсын бала сен уруп,
Сөз айтып ачуу келтирип,
Кыйнайсын баккан энеңди.
Ыйлатып сүтүн бергенди,
Башын баштап этекти байка.
Шайтанды кууп ооз байла,
Кызыкпагын сен байлыкка.
Тозокту ойло адам аста- аста,
Акыры бар жашоодон,
Кетериңди ойлогун,
Азабын тартаар тагдырда.

## Атаке неге таштадың

Артыңда калды балдарың.
Атаке неге таштадың,
Көз жашым төгүп буркурап,
Түгөнбөйт менин арманым.

Өстүргөн өзүң балдарың,
Чырпыктан чынар жетилип.
Өсүп келаткан артыңдан,
Кучагыңа сен аалбадың.

Көрбөй кеттиң атаке,
Өскөндө сенин балдарың.

Жараган кезде керекке,
Туурабы ата кылганың.

Коштошпой кетип алыска,
Атаке бизди күйдүрдүң.
Мөмө берген багыңа,
Мөмөсүн бизге үздүрдүң.

Гүл ачканда өрүгүң,
Гүлдөрүн сен көрбөдүң.
Даамынан өзүң татып сен,
Бакыт эле арабызда жүргөнүң.

Капысынан узап  өмүрдөн,
Өрүгүң кошо ыйлады,
Тамырынан доо кетип,
Турганынан кыйрады.

Өзүңсүз өрүкзардын көркү жок,
Үйүң турат, сен олтурган ордуң бош.
Куту кетип, сен олтурган төрүңдүн,
Балдарыңдын ичи жалын, күйүп чок.

Атаке, буулуктуруп демибизди,
Сен таштаган ошондогу күнүбүздү,
Боздоп ыйлап, унута албай койдук деги.
Кайсыл адам  эркелетет эми бизди.
Мунун баары биздин түш болуп калсын,
Атаке өңүбүздө үйүңүзгө келиңизчи.

# Тартыламын

Кандай кооз, карачы тоолорумду,
Кубат болуп, дем берет алда канча.
Көз кумарын кандырат  арчалары,
Араласаң унуттурат чарчаганды.

Баскан сайын абасында жеңилдейсиң,
Жүрөк козгоп, сезимдерге күч берет.
Тоолорум жан жыргатып, кемибегин,
Тоолорум сулуулукка бап келет.

Сагынып мен сага тартыламын,
Өзүңөн көпкө чейин алыстасам.
Көрүүгө сага карай ашыгамын,
Сен да мени көрүүгө камыкпасаң.

Магдыраткан сууларыңа бутум салып,
Денемдеги дирилдекти туюп турам.
Сүзүп жүргөн ак кууларга көзүм кадап,
Кудум эле бейишиңдей көрүп турам.

Багынтып адамды, канчаларды,
Көргөндү кучагыңа тартып алдың.
Байыр алган нечен бир жаныбарды,
Бооруңа кетирбей сактап алдың.
Тоолорум табияттын бейиши сен,
Сагынып мен сага тартыламын.

## Тоолорум

Тоолорум, менин тоолорум,
Табият берген сулуулук,
Ажары сенде турбайбы.
Өзүңдө болгон улуулук,
Баары сенде  турбайбы.
Бооруңда куш уялап,
Үйү сенде турбайбы.
Сыйкырыңа бөлөнгөн,
Сүйүү сенде турбайбы.
Тоолорум менин кубаттуу,
Сыры сенде турбайбы.
Таштан ташка секирген,
Улары сенде турбайбы.
Жан кышкысын козгогон,
Күүсү сенде турбайбы,
Комуздун күүсү дирилдеп,
Кылы сенде турбайбы,
Бүркүтү учуп шаңшыган,
Кушу сенде турбайбы,
Жат бирөө бара албаган,
Күчү сенде турбайбы.
Көккө жетип турсаң да,

Журтума сен бел болгун,
Тагдырына тагдыраш,
Элиме  сен чеп болгун.
Бекем болгун тоолорум,
Үстүңө душман чыкпасын.
Тоолорум менин кайраттуу,
Тоолорум менин айбаттуу,

Үстүңдө куш көкөлөп,
Канат кагып ойносун,
Астыңда шылдырап,
Туптунук суу аксын.
Бооруңда мөл булак,
Добуш салып, үн каксын.
Алмустактан келаткан
Тоолорум элим жердеген,
Тоолорум өмүр булагым,
Тоолордо өттү курагы,
Абалтан ата бабанын.
Келечек муун уласын
Уучубуз дагы узарсын,
Улантып ата бабанын.

## Эр Манас

Өзүңө атың жарашып,
Сүр, күчүн бар жаныңда.
Душмандар сен деп адашып,
Калканын жар жанында.
Эл үчүн чыгып сен Манас,
Журтуңа күчүң аябас .
Коргоп касиеттүү Таласты,
Чыгарды атыңды баатыр деп Манас.
Душмандан коркпой Эр Манас,
Жанын дагы аябас.
Жырткычтан алды  кыраандык,
Таласты Талас кылган Манас
Кебети  өзүңө жарашкан,
Сүрүн көрүп алдастап,
Менмин деген «баатыр» адашкан.

Көздөрү сүрдүү Манастын,
Көргөндөр таңдана карашкан.
Найза, калкан колго алып,
Коргоп келди, эл багып,
Ураалап Манас чыкканда,
Удургуп душман качышкан.
Баатырдын чочуп сүрүнөн,
Тайсалдап коркуп качышкан.
Туулган жерин оңдогон,
Кол салып душман оңбогон.
Ат жалында айбаттуу,
Элди Манас коргогон.
Асылганды койбогон,
Азыткыдан коргогон,
Акылы менен ойлонгон,
Айкөл Манас бар болгон.
Таанытып Манас кыргызды,
Туусун көккө тургузду.
Сактап Манас кыргызды,
Бүгүнкүгө жеткирди.
«Ураалап» Манас чакырып.
Туу көтөрүп кырмызы,
Дүйнөгө өзүн таанытты.
Көктөгү жылдыздай,
Жерде кыргыз көбөйсүн,
Ураалап «Манас» чакырып,
Манастайлар төрөлсүн.

# Элиме рахмат

Кадырымды билген элге таазим этем,
Канат болдуң калкаладың бооруңа.
Ырыскылуу элиме  кызмат өтөйм,
Бөпөлөгөн катып мени  боюна.

Бапестедиң, көтөрүп мени моюнга,
Гүлүн тердим жашыл тулаң арасынан.
Тойбой мен моокум кана оюнга,
Дем алдым,  жутуп мен  абасынан.

Элим бар, жашоого умтулткан,
Кызматың кылып берейин,
Кастарлап мени кулпурткан,
Кадырыңа мен жетейин.

Ийгилик сундуң баркым бар,
Аткарган кызмат даңкым бар.
Мээнетиң алып өтөйүн,
Колдогон мени Теңир бар.

Элиме өзүм чөгөлөйм,
Силер бар, шаттык өмүр бар.
Калкыма кызмат кылайын,
Рахмат айтаар жөнүм бар.

## Жаштардын шаары Жалал-Абад

Жаштардын шаары көркөмү кооз, Жалал-Абад,
Улам жашарып, жагалданып, көрктөнүп барат.
Кооздугуна суктанышып келгендер,
Бир башкача тамшанып турат карап.

Канчасы бар Жалал-Абадка жете албай,
Алар тамшанган Жалал-Абаддан айланам.
Кереметтүү ыйык суулары бар кайнаган,
Мактанганга жигит-кызы жайнаган.

Жалал-Абадда мыктылары бар мактаган,
Ыйыктыгын, сулуулугун жар салам.
Бар байлыгы талашканга берилбейт,
Биздин шаар, конок болуп келгин дейт.

Каарыңды салба шаарыма, кесири көпкө тийбесин,
Каргышы урат өзүңдү, жат бирөө аны билбесин.
Жерим ыйык топурак, пайгамбарым кезген жай,
Тизе бүгүп баркына сыйынаарың сен бүгүн,
Өнүп-өссүн өркүндөп, күмүш шамы жаркылдай,
Жаштардын шаары жашарып барсын Жалал-Абад,
Аты улуу, даңкы бийик, көтөрүлсүн баркы ай.

# Жаратканым жамандыктан сактагын

Эх кудай жараттың сен баарысын,
Жансызга да, жандуугa да даарысын.
Күчүң жетет, өзүң коргоо аларды,
Касиетиң, улуулугуң баары чын.

Душмандарды адам кылып койгунуң,
Кыяматты болтурбагын жойгунун.
Бизге жакшы пашаларды  туш кылгын,
Эл оңолсун, жер оңолсун болгунун.

Керемeттүү  айланайын жараткан,
Касиетим түнүм менен таң аткан.
Сенин жытың кооз гүлүңө чачылган,
Сенин демин аба менен катылган.

Аллах деп сенин атың айтылган,
Сени сүйүп адамзаты батырган.
Калканыбыз сен болосуң жашоого,
Болбосун жамандыктар катылган.

Бербегин сен адамдарга муң-кайгы,
Адашканды кечир өзүң Аллахым.
Оңдогунуң жамандарды катардан.
Тынчтык бергин бул жарыкта коргогун.

Өзүң  турган жандуу, анан жансызды-
Жаратканым мекенимди сактагын.
Кудуреттүү касиетиңден айланам,
Сен аркылуу менин дайым сак жаным.

## Жашыңа кара адамзат

Теңимди эмне таппай кыйналдым,
Алдадың, бирок сени кыйбадым.
Элестеймин жатып койнуңда,
Жаш жигит  деп менин оюмда.

Атама кээде окшотом өзүңдү,
Карайсың сен көзүмдү.
Ишенип сени сыйлаймын,
Тыңдапп бир  сенин  сөзүңдү.

Сүйөмүн ортодомун жазганамын.
Балдарым бар сага буйруп ээ кылган.
Жашоомдо жүрөгүмдү   сайгылаган,
Кыйноо менен өмүр кечип келем улам.

Катарга кошулбаймын тууганга,
Жансызмын мен алым жок  турганга.
Өксүп кетем жаралганга аттиң деп,
Бул жашоодо капалыкта калганга.

Мага бардыр теңим чыгар бир күн,
Кучагыңда жатармын мен бир түн.
Буйругандыр пешенеме жаш жигит,
Мен кыйналган жашоону унуттуруп.

Чоң болсоң да мен  үчүн сен жакшысың,
Аттиң өзүң менден мурун карыйсың.
Жаш-карыны ылгабаган жашоодо,
Бакыт үчүн азап тарттым кыйноодо.

Күнөөлүүмүн жаштыгыман адаштым,
Сынып калды уча турган канатым.
Басаар жолумда тешилип таманым,
Бакыт мени басып алды талаштым.

Чоң адам даамыма тамшанып,
Тартып алды бактымды талашып.
Пешенедир күнөөмдү мен көрө албай,
Калдым мен орто жолдо адашып.

Алдандым эки кызым жаш кылып,
Бакытка, жашоого мас кылып.
Көргөн менен туугандарды кас кылып,
Кала бердим ушул турмуш азгырып.

## Жетимдиктен жададым

Көрбөй калдым, ата энемди жашыман,
Нелер өттү жапжаш менин башыман.
Токтободу көздөрүмдөн жаш агып,
Күнөөсүз жүздөрүмдү жууп улам-улам.

Сүйүнөөрүм эркелерим барбы деп,
Күтүп келем ата-энемди жашоодо.
Көрсөм эгер аларды арманым жок,
Термелмекмин мемиреп кучагында.

Жетимсинтип канча балдар арада,
Кордук көрдүм, жашыман мен баламын.
Чокту салып, көөдөөнүмө жара да,
Качандыр бир ата- энемди табамын.

Ooруганда кайгы түшсө башыма,
Мен энеме  аябай таарынам.
Жалгыздыктан жададымго энеке,
Сенсиз мен аябай жабыгам.

Калкан болоор атаң болсо канаке,
Коргойт эле жаман балдар арадан,
Кордук көрдүм жетимдиктен аябай,
Ата кеттиң, уулуңду сен карабай.

Куса болом жакын тууганга,
Капамын келгенге ааламга.
Боор батырып алмакмын,
Тууганымды  мен тапканда.

Күйөөрүм мага бар бекен,
Оорчулук башка түшкөндө.
Үмүт кылам туугандан,
Өксүгүм бар толо ичимде.

Ооруганда мен ыйлайм,
Ата, апаке келчи деп,
Көзүмөн жашым агып улам,
Укквум келет жылуу кеп.

Тирүүлүктө мен болуп,
Ата-энеми жыттасам.
Азап менен доор сүрүп,,
Жетим деген сөздү укпасам.

Тамакка мен зар болом,
Ата - энем келчи, бар болсоң.
Мээримиң төгүп алпештеп,
Бул азапка койбосоң.

Кыйналган кезде барынан,
Тагдырыма таарынам.
Эстейби мени ата- энем,
Мээримиңди сагынам.

## Карылар үйү

Үмүт менен чоңойттум баламды,
Карыганда жалгыз болуп каламбы.
Карылар үйүнө сен жөнөтүп,
Сөз таппайм айтсам санаамды.
Мындайды миен күтпөгөм,
Карылыкта түртүлүп каламбы,
Мен чоңойттум бала кылып өзүңдү,
Карегимдей сактап балам көзүңдү.
Эркелетип энемин деп сүйүндүм,
Карыганда укпай калдың сөзүмдү.
Каалабаймын дале сага жамандык,
Пешенемде болсун сага амандык.
Кечиремин дале келсең алдыма,
Кадырым барбы эч болбосо саламдык,
Анткени, ак сүтүмдү эмген баламсын,
Буйурбады өз үйүмдөн ыссык чай,
Каалар элем мен барганды Меккеге,
Буйруду асыраган башка жай.
Балам элең  жан отуман жаралган,
Болсо дагы ыраа көрбөйм жамандык,
Кесир сөздү, жаман кепти айтпаймын,
Башкаларга каалабаймын жашоому.
Ата-эненин кадырын билсе дейм,
Балдарыңа насаат берип азыртан,
Кыйналасың баштабасаң карысаң.

Балам менен сырдашууну каалар элем,
Эңсегенде көкүрөгүм сыздап алат,
Толукшуп, маодырап бүткүл денем,
Эсегенде көзүмдөн жаштар тамат.
Жалгыздыктпан тарттым азап,
Мындайды каалабайт турат болчум.
Баламдын күлкүсүнг сагындым мен,
Бир убакта эркелетип дайым турчум.

Анда ал мотурайган кирсиз таза кези эле,
«Апалап» ак сүтүмдөн сооруп турчу.
Азыр да «апалап» турган сымал,
Добушу кулагымда угулат.
Эстесем анын баары ушул кезде,
Түшүмдөгү бир элестей туюлат.
Таппай калам мен бир заматта,
Чочуп бир уйкудан турганымда.
Башым зыркырай  түшкөн эле,
Унуталбайм балам мени урганында.
Баарынын  акыры  кези болот.
Жашооңду азыртадан түптөгүн сен,
Каарыларды колдон келсе сыйлап алгын,
Мындай жорук кыргызымда болбосун эч.
Каарыларын оор коруп таштаган кез.
Кагылайын мындай күндү салбасын,
Ыйманды бер, карысына, жашына,
Карыларыбыз  кароосуз калбасын.

## Жигиттер

Бекем болуп бел болгун,
Жигиттерче эр болгун.
Басканыңар жер болсун,
Убадаңар бек болсун.

Коргоп  кутман элиңди
Башкалар көз артпасын.
Бейиштей болгон жериңди,
Жараткан Теңир сактасын.

Баатырлардын бири бол,
Айткан сөзгө бек турган.
Жигиттердин шери бол,
Урагыс бекем чеп курган.

Журтума сен тирек бол,
Кудайым өзү сактасын,
Орундалып оюңар,
Журтум сени мактасын.

## Чубак Сатаев

Кайсыл жерде жүрсөм да сени менен,
Биргебиз, бирге болот менин денем.
Сыдырым соккон шамал менен,
Сага карай абайлап жортуп келем.

Сагынычтан жан дүйнөм дирилдеген.
Шамал согот жалбырактар бириндеген.

Шамалдай сылап барам илебиңди.
Этияттап болор-болбос билинбеген.

Сүйлөп турсаң сөздөрүң, майиндиги,
Болгондой турчу мени сыйкырлаган.
Шамалга желбиреген желегиңди,
Алыстап баратканын көрүп турам.

Айланып сага качандыр бир кетермин,
А бүгүн менин бир канатым сыныптыр.
Жол алып дагы бир күн жетермин,
Ойгонсом мен  карегимде турупсун.

Күйүттүү ырлар жаздым  обологон,
Даңкымды балдарым билсе деймин.
Добушу  тээ көктү көздөй зобологон.
Ырларым ырдалып жүрсө деймин.

## Кайрылчы атаке

Оо эркектер, аягыла  аялды,
Ал энеси сен тапкан балдардын.
Ойлоп сен утурумдук кумардын,
Кор кылбагын үйүңдөгү аялды.

Атакем деп сагынат кыздарың,
Укканда жүрөк ооруп сыздадым.
Уулдарың бойго жетти өзүңдөй,
Карап туруп сенден көңүл муздады.

Унуттуң го сен жарыңа көрүнбөй,
Түн ичинде мен жалгыз жатамын.

Жазылыптыр чачтарым да өрүлбөй,
Жоругуңа жүрөк ооруп капамын.

Намыстанып уулум жолдо басалбай,
Атам жок, деп досторуна айталбай,
Муңайыңкы, баягыдай күлкү жок,
Кусалыкты  жүрөгүңө каталбай.

Атам жок деп тоюм кантип өтөт, деп
Кызым турат өксүп ыйлап буркурап.
Жүзүндөгү капалыкты көргөндө,
Турамын мен эки эмчегим зыркырап.

Өтсө мейли, жолу башка өмүрдө,
Тирүү туруп, кайгы салдың көңүлгө.
Сен карадың жат адамдын баласын,
Бүлүк салып, көөдөндөгү сезимге.

Агызып сен апанын көз жашын,
Буулуктуруп, ыйлатып буркураттың,
Өз каныңдан жаралган балдарыңды,
Атакеси, неге мынча чыркыраттың.

Ал да, башка эненин баласы,
Кор кылбагын сен күнөөсүз аялды.
Мотурайган  жүздөрүн карачы,
Зарыктырба өзүң сүйгөн балдарды.

Калтырдың уул-кызыңды уятка,
Биз болобуз сенден ата жаралган.
Билбей калдык басаарыбызды каяка,
Жоругуң сен бүт айылга таралган.

Эне эле эмес, балдарың кошо ооруду,
Жакпай калып, эссиз ата жоругу.
Жакшы түш көрсө түн ичинде ойгонуп,
Атакем бүгүн келер деп жакшылыкка жоруду.
Түш эмес, өңү болсочу,
Акылсыз ата толгонуп,
Өз тууруна консочу.

## Чубак Сатаев

Эстегенде  мен сени сагынамын,
Эсен болгун жете албай алыстамын.
Экөөбүз өмүрлүккө бирге болбой,
Жабыгып канатымдан айрылганмын.

Бактылуу бол сен бирөөнүн гүлүсүң,
Жетпесем да жытыңан эс алам мендеги.
Сен ачылган жүрөгүмдүн нурусуң,
Алсам гана таасириңден сендеги.

Көрктөндү кулпуруп турган жериң,
Жаркырады сенин таасириңден.
Кең жайылып тереңдеги тамырларың,
Бекемделди сенин мээнет териңден.

## Классташтарга

Он жыл бою чогуу окуп бир жүрүп,
Классташтар жүргөн элек, бир кулүп.
Азыр мында ата-энебиз баарыбыз,
Бүлө күтүп, өзүбүзчө шаар куруп.

Бала кезим бал кыялдуу татына,
Ак бантиктер жарашыктуу чачыма.
Классташтар, эже-агайлар кусалуу,
Жолугууга келдик мектеп алдына.

Таазим кылам эже-агай силерге,
Билим кенин таптап берген биздерге.
Тирүүлүктүн түйшүгүнөн бошонуп,
Чер жазалы тээ балалык кездерге.

Ошол куса доска боюм жетпеген,
Ошол бештер куса кылып эстеткен.
Балалыгым сенде калган мектебим,
Жыйырма жыл  такыр эстен кетпеген.

Акыл сунуп турмуш үчүн жол салып,
Алтын уям сенден алган билимден.
Табылгыс күндөр болду биз үчүн,
Жолугушуу күндөр келди сүйүнгөн.

Ата Мекен тилибизди биз сүйүп,
Билим алган алтын уям күнүгө.
Жыйырма жыл балалыкты сагынткан,
Жолугууга мына келдик сүйүнө.

Салам айтам кирген эже-агайга,
Тарбия алдык биз алардан.
Таазим кылып ийилип түбөлүк,
Ыраазыбыз билим берген эже-агайга.

Бирге окуган ойноп күлгөн кездерим,
Ар дайым ошол күндү эстеймин.
Бакыт эле мектептеги  балалык,
Сагындым классташтык күндөрүм.

Он жыл бою чогуу окуп бир жүрүп,
Болдук биз мектепте бир туугандай.
Эстегенде сагынамын туралбай,
Кайдасыңар асыл, алтын  классташтар.

Ырдайт элек, бийлейт элек тажабай,
Сонун күндөр өттү күндөр арман ай.
Жаш экенбиз таарынышып карабай,
Урушчу элек кыйын экен кыздар ай.

Урматтаймын классташтар силерди,
Улуу мектеп бир туугандай бир кылды.
Ураа! Ураа! Жолуктурду кайрадан,
Жыйырма жыл өтсө дагы арадан.

Канча күндөр өтсө дагы арадан,
Жүрөктөргө сүйүнүчтүү күчтөр толду.
Тагдыр бизди бириктирип кайрадан,
Кыздар, балдар, чогулуучу күн болду.

Ак бантикти тагып алып чачыма,
Барчуу элем мектебиме дайыма.
Беш деген бааны алып мектепте,
Мактанчу элем сүйүнчүмүн сабакта.

Жакшы окуп эже-агайдын алдында,
Билим алдым мен алардан тарбия.
Ыраазымын миң мертебе эже-агайга,
Таазим этем өмүр бою аларга.

Билим алып жашоо менен күрөшүп,
Мектебиме барар элем дайыма.
Чогуу окуган балдар, кыздар бир болуп,
Олтурчу элек билим алып партада.

Ошол доска жазсак боюм жетпеген,
Балалыгым кусалыкта эстеген.
Классташтар бирге өскөн асылдар,
Ойнок кезим силер ойдон кетпеган.

## Эже-агай мугалимдерге

«А» деп айт деп «А» тамганы үйрөтүп,
Тамгаларды такалбай так сүйлөтүп.
Адам кылып аруулукту тараткан,
Ыраазыбыз мезгил өтүп, күн өтүп.

Эжекейим «А» деп арип тааныткан,
Жаңы дүйнө жашоо үчүн жаңырткан.
Сизден эмгек жашоо ордун үйрөндүм,
Ырым сизге белек болсун жазылган.

Таазим этип баш ийебиз эже-агай,
Күндөр өтүп жылга айланды бир далай.
Окуп бүтүп ушул асыл уядан,
Жолун таптык өз, турмуштан бак таалай.

Ыраазыбыз баш ийебиз эже-агайга,
Биз үчүн ата-эне болосуңар.
Балаңардай көрүп бизди тарбиялап,
Келечекке жакшы жолду ачып сиздер.

Алтын уя жасап бизге башынан,
Билим алдым эже-агайдан жашымдан.
Алиппеден А тамганы тааныгам,
Арзууларым ал уяда катылган.

Эркеледик эже-агайга жаш болуп,
Тарбиялап билим берип өстүрдүң.
Туягынан бутак кылып бапестеп,
Жакшыга да жаманга да көндүрдүң.

## Кыздарга

Балдардан да өткүр эле, шок эле,
Анда такыр жамандык ой жок эле.
Гүлгө себип калемпирди жыттаткан,
Биздин кыздар өзгөчө өрт, шок эле.

Сүрдөп турчу кыялына кыздардын,
Азыр мына баарың эне болдуңар.
Жолугууга келгенде бир эстешели,
Ошол кезди эске салып койдуңар.

## Классташ балдарга

Бир класста бир партада олтурган,
Классташтар бир класста окуган.
Мына бүгүн жолугууга келгенбиз,
Сүйүнүчтөн жүрөк туйлап толкуган.

Жолугууга болбой калды кыйладан,
Жоругуңа кээде кыздар ыйлаган.
Сагындырып турса керек ойунда,
Балалык кез шоктугуңду тыйбаган.

Бир кезекте кызды сүйүп жандаган,
Ойго батып кесибиңди тандаган.
Азыр мына ата болдуң баарыңар,
Үй-бүлөнү камкор сүйүп шаңдаган.

## Саткын эжекеге

Суктантып эжеке жүрүшүңүз,
Ууртуңуздан жылмаюңуз эсте калды.
Ыр жазган мезгилимде сизди эстейм,
Сулуу түйгөн чачтарыңызды эске салды.

Туюлчу эжекем ааламдын баарын билгендей,
Толкундап түшүндүргөн кыргыз тилден.
Окуучуңмун адам болдум, мен ийменбей,
Окуучуңмун таазим менен башты ийем.

## Нуралы агайга

Окуткан Ньютондун закондорун,
Коркчу элек агайдын сүрүн көрүп.
Китепти ачып туруп мээңе куйган,
Турчу эле окуучуга мээрим төгүп.

Сыпааты агайдын өзгөчө,
Эмгектен жолду салыпсыз.
Татыктуу эмгек сиз үчүн,
Директор болуп калыпсыз.

## Заркөкүл эжекеге

Англисчени таптак сүйлөтпөй,
Үйрөнбөй калдык мейли эми.
Андагы эмгегиңи ойлосом,
Англисче сизди Iloveyou.

Мээнетиң билем эжекем,
Мектепке келчү этектеп.
Энедей бизди жетелеп,
Классты жүргөн жетектеп.

## Сапар агай

Кошуу, алуу Пифогорду үйрөтүп,
Косинус, синус адамдардай сүйлөтүп.
Шоктук кайда класста тынч отуруп,
Биз агайдай болсок дешип суктанткан,
Келечекте аруу ойду бийлетип.

## Нимат агай

Куйкум сүйлөп куудулдугу бар эле,
Эстеп алып күлүп калам дагы эле.
Биз кызыгып сабагыңды күтчүбүз,
Сабак бизде кызыктуу эле шаң эле.

Окуп туруп образын берчү эле,
Ошол кыял көз алдыма келчү эле.
Образын Жамийла деп, Толгонай,
Дүйшөнкулду күйүп айтып берчү эле.

## Токтосун агай

Я деген сөз ким? деген,
Орус тил эле биз билген.
Кто  десе жооп бербесең,
Орусчалап тилдеген.

## Абдурасул агай

Сабак өтүп тарыхыңды бил, деген
Билесиңби Дыйкан казы ким? деген.
Таазим агай өмүр берсин кудайым,
Мекен сүйүп кыргыз изин издеген.

## Турсуналы агай

Африка, Америка деп чектеген,
География эмне экенин үйрөттүң.
Укасканы шилтей сүйлөп мына деп,
Жер атынан жер кыртышын сүйлөттүң.

Катуу айтып калтырбаган көңүлдү,
Агай-эже каалап кетем өмүрдү.
Окуткансыз климаттык шарттарды,
Мына азыр бышпай казган көмүрдү.

## Курманбек агай

На право, на лево,-деп ышкырып,
Бой бойунан катарынан тургузган.
Ракетти катуу кылса агай балким,
Белгилүү футболчу болмок кыргыздан.

## Өсөр агайга

Өсөр агай  директор сиз элеңиз,
Бизге жакшы ырайымдуу элеңиз.
Эмгегиңиз бир мектепти терметип,
Кадыр-барктуу бизге өрнөк элеңиз.

## Жусупбек агайга

Кана айтчы кайсы чөптүн тамыры,
Кээде коюп жалбырактын жарымы.
Билип алгын жаратылыш багат деп,
Бир мага эмес билим бердиң баарына.

## Сыйлуу болуп өтөлү

Күндөр өтөт санагандай арада,
Сонун күндөр өттү аттиң арт жакта.
Мээнет кылдык биз талыкпай балдарга,
Баркын билсе ата- эненин алар да.

Сулуу жүздү өңдү алат кайгыртып,
Мезгил шашат карылыкка батырып.
Күчтөн алат, шайыңды алат оодарып,
Жебе мээлеп жүрөгүңө сайылып.

Сыйлуу болуп олтуралы төрүбүздө,
Эми биз балдардын көркүбүз да.
Сыйлашалы беш күнчөлүк өмүрдө,
Жаман кепти тийгизбейли көңүлүбүзгө.

Жакшы сөз,  каалоолорду биз айтып,
Кубанталы өзүбүздү жашоодо.
Өткөн жылдар артка кетпейт кайтып,
Калбасын  капалыктар көңүлдө.
Жылдар кетет тизгининен карматпай,
Кадырлашып өтөлүчү өмүрдө.

## Нуруң багындырат

Ай чыкканда балбылдап,
Маңдайымда турасың сен жаркырап.
Жүрөгүмдү сүйүнүчкө арбаган,
Жытың менин маанайымды шат кылат.

Нурлуу жүзүң көзүмдү уялтып,
Бир өзүңө мени багындырат.
Элесиң карегимди тунартып,
Көрбөй калсам сагындырат,

Жүрөгүм сага берилип,
Айың болуп өзүм жансам.
Бапестеп баркым билип,
Күнүм болуп таңдан атсаң.

Нурларыңа мен батып,
Сулуулантып түндү өзүң.
Жылдыз болуп сага барып,
Түшүп калды сага көзүм.

## Бул жашоодо сыйлашалы

Жарыкта сүйүнөлү Ала Тоого,
Жараткан колдойт бизди ишенемин.
Алланын бизге берген ырыскысы,
Көрөлү дагы башка ийгилигин.

Ааламга бизди  берди жашоодо,
Касиет кереметти кошо сунуп.
Колдонолу ыйгарган сырлуу күчтү,
Бирге болуп бактылуу  өмүр сүрүп.

Шүгүр кылып ыраазы болуп  жашап биз,
Аллахтын кереметине  сыйыналы.
Жаман ойду жүрөктөн арылтып биз,
Убакыт бул  жашоодо сыйлашалы.

## Жанымда жүрсөң чоң бакыт

Жанымда болсоң чоң бакыт,
Жашоомун сенсин ачкычы.
Өмүрдө бирге жол улап,
Ширелсин таалай бактысы.

Өзүң деп азап тартсам да,
Турмушта тунуп жыргайын.
Балдардын сыйлуу төрүндө
Эсен бол менин сыйларым.

Бактыбыз турсун нур чачып,
Эсендик өзү чоң бакыт.

Элимде болсун бейкуттук,
Жараткан турсун жол ачып.

## Махабаттын нуруна мен малынып

Махабаттын нуруна мен малынып,
Акактай сүйүүң менен алышам.
Бир керемет башкача күч алып,
Мен сага сүйүү болуп баратам.

Махабаттын жашоосунда кулпуруп,
Үмүттөргө, тилектерге жетемин.
Үшкүрүктү жан дүйнөмөн жок кылып,
Жүрөгүңө сезим таштап кетемин.

Махабатым сага бакыт сундурат,
Сүйүнүчтү алдейлетип жүрөктө.
Кубанычтан көздөрүмөн жаш агат,
Аппак сүйүү көөдөнүмдө түнөктө.

## Убакыт

Убакыт тез улам өткөн сайын,
Өмүрдү мынча алып баратасын.
Жебеңди аста-секин айландырчы,
Алаксытып татаал жолду жаратасын.

Өмүр жолду узарткын сен убакыт,
Өтүнөмүн, жакшы жолго жетелегин.
Жанаша биз менен жүрсүн бакыт,
Мезгилдер кайрыгында термелемин.

Убакыттын шашмалыгын кээде сезип,
Оо дүйнө кетерибизди билебиз биз.
Убакыт токтой тургун азыраак деп,
Алаксыткан ойлорго термелебиз.

Убакыттын  узарышын суранабыз,
Балалыктын изи калып, улутунуп.
Умтултуп жашоого  өмүрдө биз,
Өткөн кез кала берет унутулуп.

Туздабагын өмүрлөрдү тагдыр да,
Теңирим убакытты аябасын.
Жакшылыктар күтүп турсун алдыда,
Капалыкты убакыттар дарыласын.

Күнүмдүк турмуш менен арууланып,
Адашып карылыкка баратабыз.
Турмуштун агымында жаңыланып,
Аттиң ай кайдадыр кыр  ашабыз.

Сен убакыт жарыкка жетелегин,
Караңгылык каптабасын өмүрлөрдү,
Убакыттын кымбаттына ишенемин,
Турмушта өксүтпөгүн көңүлдөрдү.

Ааламдын кооздугуна суктанамын,
Убакыт ирмелбей шашкан сайын.
Баркына жетпей кээде баратамын,
Өтүп барат убакыт күндө дайым.

Убакыттын баркын билбеген бар,
Өткөн өмүр кайрылып келчүүдөй.
Күлүктөй зымыраган убакыт ал,
Сезбейбиз, каалаганды берчүүдөй.

Бардык нерсенин аягы бар,
Турмуштун да таягы бар.
Сүйүнүчтүн кайгысы бар,
Таттуунун да жаманы бар.

Кызматыңа чиренип кыйын болбо,
Пайдаланып байкушту кордобогун.
Убакыт таразалайт, болсун ойдо,
Даңкым бар деп түбөлүк болжобогун.

## Эне мээримине зар бала

Апам кетип алыска акча ойлоп,
Баланын да бакытын унутканбы.
Жүдөп турам апама куса болуп,
Басылбады жүрөктүн буулукканы.

Апаке деп жытына мен зар болуп,
Жүдөтүп кыш келди кар конуп.
Апам жок ички туйгум жүдөгөн,
Буулугам карaанына зар болуп.

Өзү апа тирүүсүңбү,  кайдасың,
Кабарыңды билдирчи бачым тез.
Жүрөгүң ушунчалык таш беле,
Күдөр үзбөй күтөмүн пайдасыз.

Эркелээр мээримиңди сагынып,
Түркүн-түркүн ойго батамын.
Сенден эне акчалар келсе дагы,
Апаке жытыңа мен кусамын.

Өзүм издеп кабарыңды мен билдим
Сүйүнүч жүрөгүмдү өзүң тилдиң.
Апамсыз да, дагы да  башым ийип,
Эмизип чоңойтконсуз, мен кечирдим.

Турмуш куруп кетипсиз мени кечип,
Кайгыга салып койдуң жүрөк эзип.
Туулган жер,топурагын унутупсун,
Мээримиңди, жүрөгүңдү жатка берип.

Алым жетпейт, жете албай сен алыста,
Көрүшпөй калабызбы биз жарыкта.
Тагдыр бизди эки жакка бөлдү эми,
Таарынсак да, жарашсак да эми башка.

## Аял-эне

Бакыт үчүн сыноосу күч турмуш куруп,
Бала жытын искеген эне болуп.
Түйшүк кыйнап, азабына салса дагы,
Бактым дейбиз баарына кайыл болуп.

Тоңсок да, күйсөк да биз чыдайбыз,
Турмуштун оордугуна кайыл болуп.
Термелип бешик ырын ырдайбыз.
Таптаттуу бала жытына балкып-толуп.

Мээнети ак энелердин бала үчүн,
Күнөө кылса энелерге таарынбагын.
Бапестеп эмизип берип сүтүн,
Билесин энекеңдин жалынганын.

Колдон келсе сыйлагыла жарыкта,
Бала үчүн кайыл болгон баарына.
Эненин эмгенин унутпагын,
Бала үчүн төшүн тосот жалынга.

Жылуу сөз сурайт эне жүрөгүнө,
Сыйлагын колдон келсе өмүрүңдө.
Эне ыйык, урматтагын  ар убак,
Кир жугузбай апакеңдин көңүлүнө.

Эне болсун пешенеге төрүбүздө,
Энелер мээрим чачат баарыбызга.
Бала аман, ар убак эне аман,
Энелер бар болсун багыбызга.

Эне кымбат, уул- кызды тапкан,
Бапестеп багып, таңды атырган.
Бар болсун, бизге ыйык энелер,
Жүрөгүнө мээримин батырган.

## Ден соолук

Ооруганда ден соолукту тиледик,
Бирок барктап алалбаган адамбыз.
Бул өмүргө бир жаралып келсек да,
Сыйды билбес биз адамдар жаманбыз.

Кеч болгондо барын билген не пайда,
Ойлонуп азыр билгин жашыңда.
Аябагын байлыгыңды жаныңдан.
Шартың болсо, күчүң болсо башыңда,

Кайран таза ден соолукту кыйнайсың,
Пайдасыз нерселерге  баш уруп.
Ооруп калсаң бардыгына кайылсың,
Кадырла ден соолуктун аты улук.

## Тил

Көңдөйдөн бүткөн кызыл тил,
Тарта айтпасаң сөөгү жок.
Эне тилин билбесең,
Улуттун наркы, өңү жок.

Ырыскы берген бизге тил,
Эне тилин сүйө бил.
Жакшы менен жаманды
Элдештирген кызыл тил.
Жай алдырып көңүлдү,
Сүйүнткөн да кызыл тил.

Дилиңди сатпа башкага,
Намысың болсун алдыңда.
Ойлонуп сүйлө тил менен,
Күлкү болбой душманга.

## Кадыр билген жан

Жакшы адамды жакшы дейсиң,
Бир күн тийет зыяны.
Жаманды да жаман дебе,
Бир күн тийет пайдасы.

Капалыгын болсо эгер,
Таамай бетке айта бил.
Бактың үчүн күрөш бүгүн.
Азабын да тарта бил.

Баалай билгин кадырын,
Сага күйгөн жар кымбат.
Кадыр билген жан болсо,
Ыраазысың ар убак.

## Шүгүр кеп

Барга баатыр берешен,
Айта жүргүн шүгүр кеп.
Ыраазы кылган адамга,
Жакшылыгын кайтар сен.

Шүгүр кылгын жашооңо,
Тирүүлүктүн  баркын бил.
Кайгырып өзүң бошонбо,
Жаркып тиер көктө күн.

Тирүүңдө  тообо келтиргин,
Качалбайсын ажалдан.
Качандыр бир кетээриң,
Көңүлдө болсун ар качан.

## Неге

Неге сен ак сүйүүмдү билбедиң,
Түшүнбөстөн сен өзүңдү тилдедиң.
Суранам көңүл бурчу сүйүүмө,
Билбептирмин жүрөгүмдүн кирдээрин.

Неге неге ойготтуң жүрөгүмдү,
Тамырларың жумшаар бир күн.
Барам сага үзбөй күдөрүмдү,
Күчүм калбай baратат сен үчүн.

Көз ирмебей келемин күнү-түнү,
Жаш токтобой жамгырдай  ыйлаймын.
Үзгүм келбейт мен сенден үмүтүмү,
Башкага таптакыр мен кыйбаймын.

Байкабастан басып кеттиң сүйүүмдү,
Балким менин кыйналганым билбедиң.
Азгырылган сага деген сезимди,
Айталбаган өз эркимди тилдедим.

## Турмуш жолу

Ачуу, анан таттуу болуп  аруулап,
Жамандыкты максат койду дарылап.
Бирде капа, бирде куунак сүйүнүп,
Куруп келет кут төгүлгөн ширеп бак.

Сүйүндүрүп турмуш жолду ачасың,
Шекериңди, тузуңду да чачасың.

Сүйүндүрүп сүйүү берип адамга,
Аттиң турмуш бакыт бербей качасын.

Сүйүнтүп жалынтасын сен турмуш,
Бороондой саласын кээде уруш.
Арабасын тартсак да закымдаган,
Ар кыл ой, кыйын тура адам болуш.

## Үмүтүм бар

Кыска беле сүйүүн аттиң билбепмин,
Сүйүүм күчтүү аны  сен да сезбепсин.
Биз таанышкан күндү жаным эстесең,
Азгырыкты сүйүүң менен жеңмексин.

Караңгылык жүрөгүмдү каптады,
Сүйүүң бүтүп салдың мага арманды.
Сүйбөйсүң деп көздөрүмө жаш алдым,
Сездиң бекен өзүң салган азапты.

Бир жаралып бир кетебиз өмүрдө,
Кайгы салдың көнүлүмө, өзүмө.
Үмүтүм бар, биздин сүйүү келеттир,
Аллахым бар сүйүүбүзгө себептир.

## Көргүм келет

Сагынып көргүм  келет, сен кайдасын,
Сүйүүмдүн көрөйүн пайдасын.
Гүлүңдөн жыттагым келет менин,
Чырагым жаркыган кайсыл жайдасын.

Караңгы болуп  турат, өзүң жоксуң,
Жаркытып турган нуруң кайда?
Сенсиз мага жашоо кызыксыз,
Шооланды чачкын таңында.

Бактым жарык жалгыз гана өзүң менен,
Баары түгөл, сени  менен бактым тунук.
Желбиреп жел ургандай учуп барам,
Ааламда болбоочудай  сайран  куруп.

Жыпарың эс  алдырат күчтү сунуп,
Кубат алам сенин ысык демиңден.
Берилип жүрөгүңө  барган сайын,
Күчтөнөм сендеги жылуу сезимден.

# Ааламдын көркү кыз болот

Кыздарай сүйөт ай гүлдөрдү,
Жылуу сөз каалайт дилдеги.
Жактырып калса эй жигитти,
Жүрөктөр ооруйт сездиңби.

Кыз жүрөгү назик билгенге,
Таттууну каалайт көңүлдө.
Аяп бир койгон бар бекен,
Түшүнчү жигит өмүрдө.

Кыз менен гүлдөр эй бир болот,
Коздугуна эй ким тойот.
Таарынтуу кызды болбойт го,
Ааламдын көркү эй кыз болот.

Көркүн ачып бир үйдүн,
Кыз болот үйдүн чырагы.
Көркү ал жашоо өмүрдүн,
Нурдансын дайым жамалы.

# Инсандарга кайрылуу

(Монолог)

Жер бул глобус экен. Атак-даңктуулар, жакшылар да, жамандар да келип кетүүчү мейман бул жарык дүйнөгө. Атактуулар, даңктуулар унутулбайт аны билели. Ал эми эч нерсе жасабагандар—өнөрү жоктор, китеп жазбагандар, иши жоктор да унутулбайт, алар да капа болушпасын… анткени аларды балдары, урук-туугандары, дос-саналаштары эскерип эстешет.

Адам баласы өскөн гүл, дарак сыяктуу болот экенбиз да… анан жерди жарып чыккан булактын суусу сыяктуу тамыр жайып агып көбөйүп, жайылып, шаркырап дайра болуп агып олтуруп мезгилдерди ашып, анан убакыттын өтүшү менен учуру келгенде кайра соолуйбуз. Ошондуктан, оо адамдар келгиле, бири-бирибизди өз убагында урматтап сыйлайлы, кадырлайлы, ардактап, бапестейли.

Чыгармачыл атактуу ойчул адамдар силерге үлгү болсун деп жаныбарлар, өсүмдүктөр, адамдар жөнүндө китеп бетине жазып калтырып кетишкен.

Бирок силер байлык мансап деп талашып, урушуп согуш чыгарбагыла.

Анткени тиги чын дүйнөдө мансап менен байлыктын кереги жок…, пайдасы да тийбейт, пайдалана да албайсын!

Оо адамдар, жарык дүйнөгө жаралып келип, аруулук менен тазалыкты, ар-намысты, оо дүйнөнү унутуп, эмнеге байлык менен мансап талашасынар? Анчалык неге ачкөздөнөсүңөр… ал байлык менен бийлик мансапты тиги дүйнөгө көтөрүп алып кетчүдөй. Качан каниет кылып шүгүр кыласыңар.

Аллах силердин алты саныңарды аман кылып жаратты-

го… баарыңарга шүгүр деп каниет кылып жашабайсыңарбы. Өзүңөрдү майып адамдар менен салыштыргыла… амандыгыңарга тирүүлүгүңөргө шүгүр кылгыла. Анткени жалган дүйнөгө түбөлүктүү түркүк болуп туруп калалбайсыңар. Түбөлүктүү урабай тура турган нерсе, тирүү кала турган жан жок. Жандуусу да, жансызы да баары тең убакыттын өтүшү менен чирип өлүп жок болот. Муну билгиле, түшүнгүлө. Байлыгыңар ашып ташкан мол болсо бири-бириңер менен душман болуп касташпагыла, киши жалдап адам өлтүртпөгүлө байлык бийлик талашып.

Андан көрө оорукчан оорулуу бейтап инсандарга жардам бергиле. Алардын оор операцияларына жардам иретинде акча которуп, оорулуу бейтап адамдардын муктаждыгына жардам иретинде томография, гемодиализ сыяктуу медициналык аппараттарын алып бергиле.

Оо адамдар табиятка зыян келтирбегиле, адам болуп жаралдыкпы ошол адамдык сапаттарыбызды жоготпойлу. Белгилүү жазуучу Чынгыз Айтматовдун «Акбаранын коз жашы» чыгармасында жырткыч айбан карышкыр болсо да ардактап, бапестеп баккан өз бөлтүрүктөрүн сүйүп коргоп, адам баласы мыкаачылык менен кыйнап өлтүргөндө бөрү болсо да жүрөгү элжиреп, кансырап каңырыгы түтөп көз жашын көлдөтүп төккөн. Жапайы жырткыч бөрү болсо да эне Акбара, ата Ташчайнар экөө бөлтүрүктөрүнүн азабынан күйүт тартышат. Өз балдарынын азасын өлүмү үчүн акыры адамдардан өчүн алуу үчүн алардын перзентин уурдап ала качып, аскадан кулайт. Демек бул кайтар дүйнө экенин унутпашыбыз керек.

«Эмнени жерге эксең, ошону аласың»,-демекчи жашоодо бирөөгө жамандык кылбагыла. Табиятка зыян келтирбегиле, жан-жаныбарларды атып, токойдогу бак-дарактарды, карагайларды кыйып жок кылбагыла. Жаратылыш Аллахтын бизге берген аманат байлыгы болуп саналат. Андыктан өлкөбүздөгү алтын кен байлыктары жалгыз гана Аллахтыкы.

Аллахым алтын кенин адамдарга өз кызыкчылыгыңды ойлоп, жок кылуу, же жеке капчыкты көбөйтүү үчүн эмес, кыргыз элибиздин жашоо турмушун жакшыртуу, өлкөбүздүн келечегин жаркындатуу, экономикабызды өнүктүрүү максатында берген аманат байлык болуп саналат. Ошондуктан асыл байлыкты ченем менен акыл калчап мекенибиз менен элибиздин кызыкчылыгы үчүн жумшайлы. Кыргызстан өлкөбүздү жаркын нурлуу өнүккөн бай жергеге айландыралы. Жаш муун келечекте биздин ажолорубузду, бийликте кызмат өтөп жаткан атка минерлерди жакшылык менен эскерип эстей турган, сыймыктана турган болсун. Тарыхка кара тамга менен жазылып караланып калбагыла. Артыңардан жакшы сөз, жакшы өрнөк калтыргыла. Кийинчераак силерди балдарыңар, урпактар кубануу менен сыймыктанып эскергидей болушсун. Арка-алдыңарды ойлоп иш жасагыла. Аллахтын алдында жооп берериңерди унутпагыла. Бул дүйнө инсандарга сыноо үчүн берилген.

Адам баласын айбан болсо да Бугу эне боору ооруп мээримин төгүп чоңойтуп, тукумун улап көбөйткөнго… ал эми адам баласы мынчалык мыкаачы болбосо, адам болуп туруп адам баласы адамга эмне үчүн жамандык кыласын?. Качан мындай дене үшүткөн суук орой мүнөз адатыңды жок кыласын?.

Суукка чыксаң денең ушуйт, турабы? Анан үшүбөс үчүн жылуу кийим кийесин. Ошол дене сыяктуу адамдын да жан дүйнөсү үшүйт. Ошол үчүн жакшы сүйлөп көңүлүн алып жылуу жумшак мамиледе бололу.

Жаралган курт-кумурска, баары жарык жашоого жаралган. Чөптүн тамыры деле акыры куурап топуракка сиңип жок болот. Биз да кайсыл бир күнү акыры тирүүлүктөн көз жумуп топурак жамынып, топурака айланабыз. Ушаланган топурак жуурулушуп жамгыр суусуна аралашып агып олтуруп акыры билинер-билинбес из салып калтыргандай эле биздин өмүр

да канча убараланып өтсөк да, изибиз дал ошол жамгыр изиндей гана каларын түшүнөлүк… билелик.

Аруулуктан жаралып жылаңач келген өмүргө абийир жаап, кийим кийип, тирүүлүктүн түйшүгүн тартып короор күнүңдүн насиби бүткөнчө эмне кылганыбызды билбей, ар ишке кол урабыз. Дилиңди таза кылып, максатыңды бийик коюп, өз өмүрүңдүн акыбетин күтпөстөн жаратканга шүгүр кылуунун ордуна арамдыкка, таш боордукка кол урабыз.

Эсибизге келели: тилибизге, жерибизге күйбөсөк «кыргыз» деген улуу калктын өчпөс, опол тоодой ордун сыйлайлы! Менин аманатым силерге жетээрин гана тилейм.

## *Жомоктор*

# Көзү ачык кыз

Илгери, илгери өткөн заманда падышачылыкты башкарып бир хан жашаган экен. Ал хандын эки аялы болуптур. Хандын экинчи аялы Асылзат ак көңүл, жароокер, аруу жакшы инсан болот. Теңирден чын көңүлү, жүрөгү менен дуба кылып, суранып, тиленип жатып кудайдын буйругу менен боюна перзент бүтөт. Асылзаттын боюнда бар экенин билген хандын биринчи аялы Саткынай күндөшүн уулап өлтүргөнгө аракет кылат, бирок оңунан болбой жасаган аракети текке кетет. Асылзатка зыян келтире албастыгын билип, ичи күйүп жалгандан «менин да боюмда бар»,- деп Саткынай ханды ишендирет. Асылзат уулдуу болсо хандыктагы баардык байлык, бийлик анын колуна өтүп мен кур кол каламбы деп ойлоп, башка бир боюнда бар, кул кызматкер кызды көз астына алып, анын болочокто төрөлө турган перзентин тартып алууну максат кылып, өзү ичине жастык байлап жүрөт. Күндөр зымырап айга айланып, айлар өтүп, кудайдын куттуу күнү Асылзат кыз перзент төрөйт. Наристе төрөлгөндө эле өзгөчө касиеттерге ээ болуп жарыкка келет. Наристесинин келечекте жаратылыштын кубулуштары болгон суу, шамал, от, булуттарды башкара алган сыйкырчы көзү ачык кыз болорун сезген Асылзат кызынын атын Ай деп коет. Ал эми хандын биринчи аялы Саткынай болсо колунда кызмат кылган боюнда бар кул кыз көзү жарган мезгилде төрөткөн аялды акчага жалдап, анын баласын өздүк кылганга максат коет. Андан эркек бала төрөлөт. Байлык менен бийликти жанындай жакшы көргөн Саткынай кул кызды тымызын өлтүртүп, анын уул перзентин тартып алып, анан «Мен уул, мураскор төрөдүм»,- деп ханга жар салат.

Асылзаттын кызы Ай болсо жаштайынан эле айдай сулуу, өтө жагымдуу жароокер, акылы зирек, жан-жаныбарлар, жыландар, жөргөмүштөр менен баарлашып, сүйлөшө жана аларды коркпой кармай алган, өзгөчө касиетке ээ сыйкырчы, адамдарды рентген сыяктуу ачык көрө алган, көзү ачык кыз болуп чоңойо баштайт. Кичинекей Айдын көзүнө рухтар менен периштелер көрүнчү жана алар менен сүйлөшүп, келечекти көрө алчу. Кичинекей Ай көзү ачык кыз болгондуктан өгөй энеси Саткынайдын кара ниет жаман адам экенин сезип, атасы Ханды олтуруну максат кылып, учурун күтүп жүргөнүн байкап, атасы Ханга айтат. Бирок хан кызына ишенбейт, жаш бала эмнени билмек эле деп оюна да алып койбойт.

Ал эми кызынын өзгөчө сапаттарын байкап билген Асылзат эне кызы Айга өз сапаттарын жашырууну айтып, сездирип билдирип койбо деп катуу дайындайт жана өзү да эч кимге айтпай, жаап жашырат. Хандын кызына болгон таттуу мамилесин байкап, көрө албай, ичи күйгөн өгөй эне Саткынай болсо өзүнүн жалган сыры ачылып калышынан коркуп, хандык такты менен байлыктардан кур калышын ойлоп, ханды уулап өлтүрүүнү чечет жана кеңештеги аксакалдар вазирлер менен тымызын тил бириктирип өзүнө караштуу нөөкөрлөрү менен ханды уулап өлтүрөт. Хандын өлүмүнөн кийин улуу аялы жана уул мураскордун энеси катары хандык тактыга отуруп өгөй эне Саткынай өзүн ханыша деп жарыялайт. Көзү ачык Ай кызды караңгы түнт токойго алып барып, өлтүрүүнү буйурат нөөкөр башчысына. Бирок нөөкөр башчы күнөөсүз наристе кызды өлтүрүүгө колу барбай, жүрөгү түтпөй Ай кызды караңгы токойдо өзүн жалгыз калтырып, таштап кетип калат.

Асылзат эне болсо кызынан ажырап калганына күйүт тартып, эт-жүрөгү эзилип, азаптанат. Ай нурлуу кызынан ажыратканы аз келгенсип күндөшү ханыша Саткынай нөөкөрлөрүнө аябай кордотуп, башына иттин күнүн салып, ур-

дуртуп, токмоктотот жана хандыктагы эң жаман оор иштерди кылууга мажбурлап, анысы аз келгенсип, мыкаачылык менен кыйнап, кордоп, жарым жан, оорулуу абалында зынданга камап коет.

Көзү ачык Ай кызды токойдон бир абышка таап алат. Ал абышка болсо табияттын сырларын билген табып, олуя даанышман киши болот. Абышка Ай кызга чоң ата болуп, өз кызындай жакшы көрүп, өзү билгендердин баарын үйрөтүп тарбиялап, чоңойтот. Ай кыз олуя даанышман чоң атадан жаратылыштын, өсүмдүктөр менен жыландардын ууларынан дары жасап оорукчан адамдарды дабалаганды, ошондой эле табыптыктын сырларын үйрөнөт.

Хандыкта хандын маалында калкы бай жашаган болсо, хандын өлүмүнөн кийин ханыша болгон өгөй эне Саткынай калкка кулак угуп, көз көргүс салыктарды төлөөгө мажбур кылат. Натыйжада элдин жашоо шарты улам начарлап, жакырланат.

Ал эми кул кыздан төрөлгөндүгүн билбеген бакма перзент ханзада — Илим бой жетип акылдуу жигит болуп жетилет. Ханышадан айырмаланып өзгөлөргө кайрымдуу, акыйкатчыл, бардык нерселерге адилеттик менен караган ханзада болот. Эр жеткен ханзада токойдо аңчылык кылып жүрүп Ай кызды көрүп, жактырып калат. Ханзада Илим бир күнү токойго, атайын жалгыз келип, Ай кыз менен таанышат жана экөө бири-бирин жактырышып, сүйүшүп калышат. Илим ханзада экенин айтпай жашырып, жөнөкөй адам болуп токойго келип, кыз менен учурашып сүйлөшүп жүрө берет.

Ай ааламга атагы чыккан сыйкырчы, келечекти көрө алган жана боло турган окуяларды адамдарга айткан көзү ачык, оорулуу адамдарды шыпаа таптырып айыктырган табып, жардамга муктаж адамдардын мүшкүлүн жеңилдетип, жардам берген дабаагер даанышман кыз болот. Хандыктагы инсандардын баары: кары-жашы да, аял-эркеги да Ай кызды

даңктап, сыйлап,урматтаган жана анын баардык адамдарга жасаган жагымдуу жумшак мамилесин айтып, макташып, алкыш айтышчуу эле.

Күндөрдүн биринде ханыша өгөй эне Саткынай оор илдетке чалдыгып, ооруп калат. Ханышаны хан сарайдагы баардык дарыгерлер текшерип көрүшүп, илдетине дабаа таба алышпайт. Көзү ачык Ай кыздын даңкын эл оозунан уккан вазирлер ханышага айтышат. Ханыша жөнөткөн элчилер менен вазирлер суранып, акыры Ай кызды көндүрүшүп, хан сарайга алып кетишет. Хан сарайга келип, ат арабадан түшүп жатып, Ай кыз конокторду тосуп алчу жерден сүйүктүү жигитинин турганын көрүп, таң калат. Вазирлер менен элчилер Илимге ханзада деп кайрылып, сый-урмат көрсөтүп жаткандарын көрүп, Ай кыз сүйүктүүсү Илим өгөй эне Саткынай ханышанын кул кыздан төрөлгөн бакма бала экенин түшүнөт жана ханзада Илимге сыр бербейт. Вазирлер менен элчилер Ай кызды ханышанын жаткан бөлмөсүнө алып барышат. Көзү ачык Ай кыз ханышаны көрүп, дабаалап оорусунан айыктырат.

Ханыша оор илдеттен айыктырганы үчүн Ай кызга ыраазы болуп жана уулу ханзаданын Ай кызды жактырып, сүйгөнүн билип, Айды багып чоңойткон даанышман абышкага жуучу жөнөтөт. Абышканын ыраазылыгын алган соң, хандыкка дүңгүрөтүп ханзада Илим менен Ай кыздын тоюн өткөрөт. Тойдон көп убакыт өтпөй Ай кыз өз энеси Асылзаттын көп жылдардан бери зынданда кордук көрүп жатканын угуп, зээни, кейип акыры чыдабай жолдошу ханзада Илимге болгон ачуу чындыкты баштан аяк айтып берет. Ханзада ишенип, ишенбей акыры иликтеп көрүп, ошол окуядан кабардар адамдарды издеп таап, акыйкаттын түбүнө жеткенден кийин өгөй энеси ханыша Саткынайды өз энесин убагында өлтүрткөндүгү үчүн кечире албай өлтүрөт.

Ал эми Ай кыз энеси Асылзатты зындандан бошоттуруп

алып, оорусунан дабаалап, айыктырат жана мурунку кадыр-баркын кайтарып берет. Ханышанын өлүмүнөн кийин Илим жаман окуяга катыштыгы бар, жан жоокер нөөкөрлөрдү жана вазирлерди жок кылып, хандыкта бейпилчиликти орнотуп хан болуп шайланат.

Ошентип Асылзат эне кызы Ай жана хан күйөө баласы Илим менен бактылуу болуп, ынтымакта жашап калышат.

Демек жашоодо баары бир караңгылык менен жамандыкты жана ичи таардык менен көрө албастыкты акыры жарыктык менен жакшылык, аруулук, адамкерчилик жана адилеттик жеңип чыгат.

# Энени кечирген бала

Турмуш зомбулугу жанга батты. Мектепте окуган күндөрүн ойлоп, кор болгон тагдырына ыза болгон бала азыркы турмушта арманда өтөт. Жокчулук жогуна тартып, ата-энени баланы ажыратат тура, акыры кыйынчылык менен жокчулук ызасына чыдабай адам баласы эмнелерге гана барбайт жана кылбайт. Бир убакта Россиядан келген курбусун жолуктуруп калып ошол курбусу алып кеткенге азгырат. Ал акылдуу аял болот, бирок балдары үчүн кетүүнү чечет. Анткени жокчулук менен кыйынчылык башка келгенде акыры адамды да акылдан азгырат тура. Ал аял Россияга барат, ал эми ишенген курбусу алып барып, кул катары сатып жиберет. Аял ач калып, кордук көрүп, аябай кыйналат жана өзүнө оору ашырып алат. Нечендеген кыйынчылыктарды, запкыларды башынан өткөрүп жүрүп, акыры өз мекени Кыргызстанка кайтат, бирок жолдошу менен баласына көрүүдөн уялып, барбайт.

Арадан зымырап, күндөр өтөт, баласы чоңойуп мектепке барат. Мектепте баласын окуучулар кошпой бөлүшүп, «сени апаң таштап кеткен», деп шылдыңдашып, кордошот. Байкуш бала ар дайым мектепке эски бут кийим менен жыртык кийимдерди кийип келчү. Үйүндөгү атасынын туугандары да жада калса жакшы көңүл буруп, карашчу эмес балага. Өксүк бала ошондо апасын эстеп, неге башка балдардай менин жашоом жэакшы эмес, деп зар какшап, ыйлачу. Бала атасынын туугандарынан түрткү жеп кыйналса, апасы ооруп, оорунун айынан дарыканаларда жатып чыккандан кийин ар кимдин үйүндө иштеп жүрөт. Ошентип бала менен эне экөө эки жакта кордук көрүшөт.  Бирок, бала зээндүү. Акылдуу болуп эс тарта баштайт.

Атасы үйлөнгөндөн кийин өгөй эненин колунда кыйналып, запкы жеп жүрөт байкуш бала. Убакыт өтүп өгөй эне

төрөп, бир туугандуу болот. Ал эми өгөй эне өз баласына карап өгөй баласына карабай кордоп, кыйнай берет. Бала байкуш күн санап, кыйынчылыкта өсүп, бой жетип, чоңойот. Өз келечегин куруу үчүн шаарга жогорку окуу жайга окуганы жөнөп кетет.

Шаарда окуп, окусун бүтүрүп, иштеп жүрүп бир күнү жолдо кетип жатып апасына окшош аялды көрөт, бирок аял баласын тааныбайт. Бала апасына окшоштуруп, аялга жардам берип жүрөт. Бирок, апасын катуу сагынып кабарын билуу үчүн ушул убакка чейин издөө салып жүргөн болот. Күндөрдүн биринде баягы апасына окшош аялды үйүнө узатып бара жатканда кокустан аял ээси ооп, өзүн жоготуп, баланын колуна жыгылат, бул Россияда жүрүп ашырган оорусунун натыйжасы эле. Бала дарысын издеп аялдын сумкасын карап жатып, паспортун көрүп калат жана ошол аял издеп жүргөн апасы экенин түшүнөт. Апасын тапканына сүйүнүп дарыгерге көрсөтүп, бүтүндөй сакайып айыгуусуна күчүн жумшайт. Апасы ооруканадан дарыланып, айыгып чыгат.

Ал арада болсо өгөй эне атасынын мал-мүлкүн, бар байлыгын алдап жүрүп, баласына каттатып, атасын кыйнап, кордоп үйдөн чыгарып таштайт. Атасы бара турган жери жок карылар үйүнө келет. Муну уккан бала акыры атасын издеп таап, апасы экөөнү табыштырып, өзү иштеп салган чоң үйдө бактылуу өмүр сүрүп жашап калышат.

# Кайберендин арманы

Илгертен аска-зоо, токой мекендеп байыр алып, ата тугын жана атадан тукумга уулаган мергенчи болгон экен. Ал үч аял алганы менен балалуу болбойт. Акырында төртүнчү аялынан уулдуу болот, бирок алтымыш жашында аялы баласы жарыкчылыкка келгенден кийин эле узакка барбай көз жумат. Мергенчи уулуна Жарганат деп ат коет. Баласын күчтүү болсун деп жан-жаныбарларга жакын өстүрүп, жаштайынан мергенчиликке, баатырлыкка үйрөтөт. Бала да эч бир жаныбардан коркпогон эр жигит болуп жетилет. Жада калса шыбырт эткен курт-кумурскалардын, жер сойлогон жаныбарлардын ички туюмун сезе билген эр азамат болуп бой жетет. Жарганат бүтүндөй айылды ач калтырбай мергенчилик менен багат. Мергенчилик кылып жүрүп ошол токойдо аңчылык кылып жүргөн бир байдын сулуу кызын сүйүп калат. Бай баланы аябай сынап көрөт. Зоого чыгарып, аңчылык жасатып, жаныбарлар менен күрөштүрүп көрөт. Бала баары менен кармашып жеңип чыгат. Сынына толгон жигитке бай кызын берет. Кыздын аты Жаныл болот. Жарганат экөө баш кошкондон кийин жыл айланып, эгиз уулдуу болушат. Аларга Канат жана Жаннат деп ысып коюлат. Жарганат үй-бүлөсүнөн дагы атадан балага мурас кылып, аздектеп келген кесиби-мергенчиликти өтө сүйгөн адам эле. Кээде аялы менен балдарын ыйлатып түн болсо түн, күн болсо күн аңчылыкка чыгып кете берчү экен. Анын күлүк аттары, малдары аябай көп болгон жана үй бүлөсү менен тоодо кыштап кала берчү. Жарганат мергенчи эрте жазда март айында аңчылыка чыгып, бир убакта шар аккан шаркыратма суунун жогору жагынан бүркүттүн балдарын көрөт да ылдыйдан жогору карай жылып олтуруп, ылдыйды карасаң баш айлангандай бийик кырга жеткенде бүркүттүн балдарына кол узата

бергенде буту тайып кетип, бийик жардан ылдый көздөй кулайт. Ылдый аккан суунун катуу шары аны агызып, бир заматта көздөн жаздым кылат. Арадан үч күн өтөт, мергенчи үйүнө кайтпайт, төртүнчү күнү да дареги билинбейт. Үйдө суу жок калып, чакасын көтөрүп суугa барса суунун жээгинде жаткан күйөөсүн көрүп, тарткыласа кыймылдабайт, денеси эчак эле муздап калган болот. Мына ошондо көз жашын мончоктотуп төгүп, буркурап, кошуп ыйлайт.

Армандуу дүйнө кантемин эми,
Кайгымды мен кайда катам.
Токтоочудай жүрөктүн деми,
Жоготуудан сыздап бир жатам.
Шеригиң туяк экиден эле,
Туягын болоор эгизден эле.
Жалгыз болсоң шериктер эле,
Жар канатым жабыктым не.
Жараткан алдың жан биргемди,
Таянар канатым жанчылдыбы,
Саамаган жарым дүйнө кезди.
Жардан ылдый куладың не,
Кеткениң алыс, жашоонун ырасыбы.
Азапты салып башыма,
Канатым менин оо дүйнө узадыбы.
Кубатымдан айрылып мен,
Боздобой кантип тураалам.
Жан дүйнөм менин жабыгып,
Күйүттө туруп сыздагам,
Канатымдан айрылып,
Какшабай кантип туралам,
Сапарлашым мени ала кет,

Сенсиз, кунарсыз мага бул аалам.
Оо дүйнө бирге жүрөлүк,
Ала кет мени кубатым,
Бар эле сенин, өмүрлүккө.
Биргебиз деген убадаң.
Оо, кубатым, жан биргем,
Канатымдан айрылдымбы,
Томсоруп орто-солдо,
Жанчылгандай бардык денем,
Билбей калып жан биргемди,
Шум ажалга алдырдыңбы.
Оо дүйнө кездиңби сен,
Тирүүлүктүн барына кайыл болуп.
Ал дүйнөнүн бейишинде,
Аппак көйнөк кийип жүргүн,
Эми биздин дилибизде,
Бар экениңди билип жүргүн,
Бейиштин аппак гүлүн,
Ажайып аралагын,
Жаткан жериң жайлуу болсун,
Жүзүнө жан биргемдин,
Бейиштин нуру консун.
Күтө тургун азыраак,
Жаныңа мен да барайын,
Тосуп алгын жан биргем,
Кучагымды жаяйын.
Катарлашып оо дүйнө,
Ааламында жашайын.
Мына сага баратам,
Күтө тургун жан биргем,
Сенсиз кантип турайын,
Жалган дүйнө  өмүрдө,

Сенсиз кантип чыдайын.
Шерик кылып жараткан,
Экөөбүздү кудайым.

Тагдырда жаңылып, Жаныл да бу дүйнө менен кош айтышат. Кайран шордуу эгиз балдарды кошунасы багып алат. Эгиз уулдар да эс тартып чоңоюп, атасындай улуу мергенчи болуп чыгарын ким билди дейсин. Бири бирине куюп койгондой окшош болушат. Канат кичинесинен эле бугу менен тең чоноюп, аябай жакшы көрчү жана карачу эле. Бугу да Канат менен ээрчишип, ойноп жүрө берет. Жылдар өтүп бугу да чоңоюп, Канат да эр жетет. Экөөнүн кичинесиндегидей эле кыйышпас достордой ортолорундагы мамилелери аруу таза бойдон кала берет. Бугу Жаннаты такыр көрбөгөн жана анын бардыгын билчу да  эмес. Эгиздер эр жетип, атасы сыяктуу көзгө атар мергенчи болуп чыга келишт. Канат жаныбарларды ажырата билген жакшыларына тийбеген, бейсебеп бир дагы жаныбарга ашыкча зыянын тийгизбеген акылман мергенчи болот. Ал эми Жаннат болсо тескерисинче жаныбарларды аябаган баардыгын чекеден атып өлтүргөндү жакшы көргөн таш боор мергенчи эле. Жаннатын мүнөзү аябай курч, эч кимди аябаган катуу болот. Күндөрдүн биринде токойду аралап жүрүп Жаннат бугунун балдарын көрүп калып, аларды атып, арабасына салып алып кетет жана аларды Канат атты деп элге сөз таркатат. Бугу балдарынын канынын артынан келсе Жаннат аткан болот. Бул кабарды уккан Канат укканына ишенип ишенбей жүгүрүп, бугу досунун балдарын сактап калайын деп келсе, аны көргөн ачууланган бугу жини менен Канатты сүзүп зоодон кулап Канат дүйнө менен кош айтышат.

Бугу аябай ыйлап жаман болот…

# Кайберендин кошогу

Күндүн ысыгынан ыроолоп коргой,
Көлөккө болчу элем экөөңөргө.
Мүйүздөрүм дарак эле калкан болуп,
Айбаттуу көрүнчү бөтөн көзгө.
Коргоочу элем силерди күн нурунан,
Жаныма ээрчитип эгиздерди,
Аярлап бастырчумун таштуу тегиз жерди.
Айрыбай бир биринен шериктерин,
Чогуу басып жүрчү эле эликтерим.
Чымынды кондурбай денеңерге,
Мүйүзүм шамалдатып желпичү эле,
Жырткычтарга ыраа көрбөй ажалды,
Кастыгынан айбанат да тажады.
Бир келген өмүрдө тийиишпе деп,
Душмандан да коргонуп чарчады.
Тийбегиле, пайдасы эмне силерге,
Ырыскына теңир сунат билгиле.
Эне-бала мээримин сезгиле,
Кайтар дүйнө келерин билгиле.
Кеткен пенде кайра келбейт кайрылып,
Бу тирүүлүк утурумдук билгиле.
Дүйнө да пайда бербейт кетерде,
Далай жандуу өткөн бул жарыкта.
Аттуу-баштуулар да  бир убакта,
Өчөт экен ойлоп көрсөк тарыхта.
Кыямат күн күтүп турат качандыр,
Ыйык сүтүм эмизип мен чоңойттум,
Алтындын үстүнө жарткырчумун,
Адам көрүп баспаган үңкүрлөрдө.
Анын баары артта гана калаттыр.
Жараткандан сыйынып тилечү элем,

Балдарымдын дайым аман жүрүшүн.
Алтын тамыр чөптөрдү таап берип,
Жегизчүмүн, бапестеп күнү, түн.
Ыйык сууга чөмүлтүм, мен аларды,
Касиеттүү жерлерди бастырчумун.
Бөпөлөп өстүргөн  менин балдарым,
Тирегим, кубатым менин үмүтүм.
Балдарымдын катарында элимди,
Тынч болсун деп Теңирден тилечүмүн,
Айрыбасын энеден балдарды,
Жүрөгүм канга толду, арманбы?!
Туягыма тийбегиле адамдар,
Айбанат да,жаныбар да, баарысы,
Жүрөгү бар, боорукер да  адамдай.
Жараткандын бизге берген буйругу,
Бири кетмек, бири келмек, жаралмай.

Бугу кайгырып жүргөн учурда Жаннат тушунан чыгат. Бугуну коргон Жаннат аны атамын деп кубалайт. Бугу качып олтуруп, акыры Канаттын өлгөн жерине барып токтойт. Ошол жерде жаткан Канаттын өлүгүн көрүп Жаннат өзүн өзү күнөөлөп, бугулардын балдарын атканын элестетип өзүн өзү атып алат, бирок өлбөй калып, кансырап алдан тайып эс-учун жоготуп, жатып калат. Муну көргөн бугу  ар түркүн чөптөрдү терип келип, Жаннаттын жаратына коюп, өмүрүн сактап калат.

Ошондон тарта бугунун туягы көбөйөт. Жаннат андан кийин жаныбарларды атпай аңчылыктан баш тартат.  Үй-бүлө күтөт. Бирок, өмүр бою ичинде эзилип ыйлап, эгизинин кайгысы менен жашайт жана өз балдарына «ар дайым жаныбарларга тийбегиле, аларга зыян келтирбегиле» деп каттуу насаат айтып жүрүп өтөт.

# Кайберендин арманы

Илгери атам заманда,
Кайберен сүтүн эмизген.
Урпак улап көбөйсүн деп адамды,
Багып келген өз энеңдей, эсиңдеби?
Эс алып, аска зоодо турганымда,
«Тарс» дейт мылтык үнү кулагыма,
Селт  этемин, секирем жардам сурап,
Жалооруган көзүм менен.
Адам экен өздөрүндөй көрүшпөдү,
Мылтык мээлеп атып келди көрүнгөндү.
Жал-жал карап жалооруп, өтүнөмүн,
Тийбе жанга адамзаты өлтүрбөчү.
Адам сымал биз да коргоп балдарды,
Эзилебиз кан-жаныбыздан жаралган.
Канча аракет кылсам да колдон келбейт,
Сүйлөй турган тилибиз жок  көөдөндөгү-
Айтууга таптаза үмүттөрдү.
Кайберендин тилеги-жүрөгү козголбосо.
«Тарс» дегенде жүрөк ыйлайт, дирилдетип,
Адам сымал көөдөндөрдү бириндетип.
Капысынан жүздөшүп калсам эгер,
Мэргенчинин таамайлаган огуна,
Бир заматта кыйнап кетет кара тер.
Маңдайыма өлүм келип тургандай.
Тынчын алды мергенчилер жаныбардын,
Убал сообу кимге тийет билбейсиңер.
Жетпей калсаң үйүңө эмне болот?
Элестетчи оо мергенчи, өз балаңды.
Дүрбөлөң салып биздин бешенеге,
Таштан-ташка секирип, куунап келгем,

Рахат алат тоо жытына менин денем.
Ушул тапта бийик аска боорунда,
Көктү карап турат азыр
Ыраазы болуп демди алып кайберен.
Аска-зоону курчап алат өзү менен,
Үн салып, катуу шамал,
Ал да курчайт өзү менен теребелди.
Секирик атып кайберен өзү куунак,
Шаркыратма сууларын кенен ууртап,
Сырлуудай Ала-Тоону көрүп турат.
Капалыгын шамал менен чечишип,
Мууңун айтат адамдарга берилип.
Кайберендин муңу аз беле,
Ансыз да душмандары жырткычтар,
Кол салганы капысынан жетишет.
Кайберен деп армандуу боор эзишип
Билип туруп адамдар да кейитет.
Ууга чыгып кайберенге ок мээлеп,
Канчасын кыйратышты тебелеп.
Жаратылыш коздугун, көркүн бузган,
Касиеттүү булактын суусун жуткан,
Кереметүү бак-даракка отту жаккан,
Жан-жаныбар дүйнөсүнө окту аткан,
Күтпөгөнгө ажал турат адам үчүн.
Теңир колдоп, кайберендин муңун билип,
Адамдарга ыйман берип, жүрсө эгер,
Кайберендин көз жашы тыйылмак.
Бийикте турат азыр кайберен,
Көздөрүндө тээ тереңде ой турат.
«Чыккым келет мен тоолордун чокусуна,
Көркүнө куштармын мен алардын.
Жолугушуп улуу тоолор менен
Оюмду айтып,тоолор менен сырдашамын.

Чаарчыктарым  секирик атып,
Ойноочу эле тоолордун башында.
Тээ чокудан мылтык үнү бир угулса,
Капысынан жаш жүрөгү дирилдеген.
Кала берсе тоо дүңгүрөйт, билинбеген.
Мергенчиге ачуулана кайберендин,
Буттары ташка тийип, зирилдейт.
Атып алса мергенчи жаныбарды,
Айткылачы убал сообу кимге калды?
Барбай калса ал жаныбар үңкүрүнө,
Жайдан бөлөк неси калат өмүрүндө.
Көрк берет аска-зоого кайберендер,
Эгер ал тынч жашоодо өмүр кечсе.
Сайма болуп жол көрсөтөт мүйүздөрү,
Кайберендин көңүлү кирдебесин.
Кайберен ыйык дешкен эл оозунда,
Тукум көбөйөөр деген үмүттөмүн.
Артыман мергенчи жүргөн сымал,
Шырт-шырт эткен шыбырты угулат,
Кудум мага кезеген мылтык огун,
Көөдөнүмө такалгандай туюлат.
Коркуу келип басканыман  адашам,
Көлөкөмөн өзүм чочуп  жыгылчуудай.
Таңды, түндү билбей калдым алсызданам.
Таш кулап үндөр чыгат, угуп турсам.
Кайберен кайгылуу бир муунга баткан.
Аркамда калар бекен туягым деп,
Кайберендин көздөрүнөн жашы аккан.
Туягымды кырып силер барган сайын,
Жааны мээлеп бир боoрума атасыңар.
Кайгыруудан көз ирмебей таңдар аткан,
Адамдын бирине да зыян кылбай,
Биз келебиз күн-түн бир катарда,

Оңдоор бекен адашкан, катаасын да,
Жолугуп жакшылардын катарына
Билген адам коргоп келсе жеримди,
Сактап менин туягымды тегимди.
Оо адамдар, уккулачы кебимди,
Душманга ок аттырбай келесиңби,
Аска-зоонун күңгүрөгөн үнүн угуп,
Зырп дейт жүрөгүм мынча неге?
Жата албай жылуу жумшак түнөгүмдө,
Кайгылуу азап берет жүрөгүмө.
Угулса заңылдаган мылтык үнү,
Унутам жашоомду да, өмүрүмдү,
Турмуштун ыссык суук шамалында,
Кыйнадыңар мергендер бизди неге?
Кайберенди атканда кызыгы не?
Убалы бар, андан көрө койуңду же.
Тынч алдырбай жайыма силер бизди,
Тукумумду  улам кырып келесиңер,
Кайберендин изин кууп өч алгандай,
Оо адамдар, бизге азап бересиңер.
Душман белек силерге азамзаты,
Жандыкты оңдон, солго кыйнайсыңар,
Убалы бар, көз жаш төгүп ыйлайсыңар.
Айткан сөзгө кулак салбай, оо адамзат,
Курал менен табиятты булгайсыңар,
Арманы бар кайберен эзилип,
Мууңун айтат адамдарга берилип.
Душманыбыз жырткыч деле жетишет,
Ага кошо адамдар да тузактап,
Ууга чыгып кайберенге ок мээлеп.
Жанды алды канчалары тебелеп.
Адам экен күчтүү бул жарыкта,

Нелер калган адам үчүн тарыхта.
Чыңгыздын чыгармасы бекер эмес,
Кожожаштын баянын жазгандары,
Жаныбарды ыйык кылып айткандары.
Жаныбарды өтө күчтүү барктаган,
Жаныбарга тийбегин артка кадам.
Кайберенди адамдар карачы бир,
Мүйүздөрү кыргызымдын оймолору.
Аркар, кулжа, кайберенди сыйлап жүр
Тарыхтагы бугу эненин эмгегин.
Билип жүргүн пайдасын да, керегин.
Айтылып кайберендин жомогу.
Баалап аны ыйык туткун жогору,
«Тарс» этип мылтык үнү угулганда,
Сезбейсиңер жүрөктүн буулукканын.
Каалаймын урпактардын туулганын,
Каалаймын эненин уулуганын.
Бир күн сен мергенчинин колундасын,
Кайберен жашоо үчүн чогулайын.
Келсе эгер мергенчиси муңканамын,
Учук ташка бекинемин үңкүйөмүн,
Жаман ойго келе түшөт дүнүйөм.
Тарсылдаган мылтык үнү угулса,
«Болк» дей түшүп жүрөгүм түйүлгөн.
Жаныман бир заматта түңүлөм.
Акыл менен күчтү берсин эр жигитке,
Жан дилинен сыйласа экен кайберенди.
Көбөйүп көрк берем Ала-Тоого,
Ар балээден коргойун кыргыз элди.
Кооз кылып гүлдөтөлү кыргыз жерин.
Кыбыр эткен жаныбарлар жашасын,
Жараткан берсин кенен батаасын.

Ыйман берсин, оо адамзат боорукер бол!
Күнөөлүүлөр оңдосун катаасын.
Өнүп, өсүп, оо кыргызым колду жай,
Кабыл кылып бугу эненин батаасын.
Жан дүйнөңдөн сыйласаң, эгер кайберенди.
Көбөйөйүн көрк берейин Ала-Тоого,
Ак батаадан колдойун кыргыз элди.
Колду сунуп кыргызым колду жай,
Кабыл кылып бугу эненин батаасын.
Адамдарга мээр беребиз кайберендер.
Ойлонгула бул жарыкка келгендер,
Сунуу бизге саймаларды түрмө-түр,
Ширдагында кайберендин мүйүзү бар,
Оо кыргызым тарых изин биле жүр.

***Обондуу ырлар***

# Атама

Айбыгам атакебай,
Айтуудан атыңызды.
Бактылуу жашоо берген,
Баалаймын баркыңызды.

**Кайырма:**
Ааламда ыйык мага, ардагым сыйым ата,
Арнаймын ыр-белегим ак дилден сизге гана.
Ааламда ыйык мага, ардагым сыйым ата,
Арнаймын ыр-белегим ак дилден сизге гана.

Окшоймун өзүңүзгө
Көздөрүм  көзүңүзгө.
Күлгөнүм жылмайганым,
Сөздөрүм сөзүңүзгө.

**Кайырма**

Жараткан жашоо берсин,
Жашаныз бир кылымга.
Сиз менен дайым барбыз,
Жалпы журт эл баарына.

**Кайырма**

## Ата-энем кымбат мен үчүн

Көөдөндө соокон жүрөгүм,
Көөнөрбөс акыл түнөгүм.
Көп түйшүк тартып башына
Көтөргөн жүгүн бүлөнүн.
Ата-энем деген сүйүүмдү,
Көңүлдө багып жүрөмүн.

Аска-зоо түркүк тирегим,
Айбатым кубат билегим.
Атамдын алып үлгүсүн,
Атамдай болом дегеним.
Ата-энем барда максатка,
Ар убак жетем билемин.

Жараткан берсе үлүшүм,
Жакшылык жашоо үмүтүм.
Алладан тилейм ар качан,
Ата-энем аман жүрүшүн.
«Балам» - деп айткан бир сөзү
Баарынан кымбат мен үчүн.

## Сүйгөн жарыма

Жаралган жашоо багыма,
Жан шерик жогум-барыма.
Жанымдай көрүп жактырган,
Жакшы ырым арнайм, эй жарыма.

Бир сырдуу терең көлүмсүн,
Бир укмуш жайлоо төрүмсүн.

Турмушка белин байлаган,
Бир өмүр жаным өзүңсүн.

Суйкайган сулуу шаарымсын,
Сыркоолоп калсам даарымсын.
Кыйышпас түгөй сыймыгым,
Түбөлүк сүйгөн жарымсын.

Ак калпак кийип башына,
Агарып жүрсүн жакасы.
Кылымга жашап бар болсун,
Балдарымдын барктуу атасы.

## Бир бол

Бек  туруп, бекем антына, бел болуп бейпил калкыма.
«Бир бол» кадам таштадык,эгемен элдин алдында.
«Бир бол» кадам таштадык,эгемен элдин алдында.

**Кайырма:**
Бир бол, бир бол кыргызым, жашоом бактым ырысым.
Айкөл баатыр Манастын жолун улайт уул-кызың.
Айкөл баатыр Манастын жолун улайт уул -кызың.

Ырыскы шоола нур болуп, ынтымак тийген күн болуп,
Акыйкат турсун жаркырап, жылдыздай көктөй бир болуп.
Акыйкат турсун жаркырап, жылдыздай көктөй бир болуп.

**Кайырма:**
Бир бол, бир бол кыргызым, жашоом бактым ырысым.
Айкөл баатыр Манастын жолун улайт уул-кызың.
Айкөл баатыр Манастын жолун улайт уул-кызың.

Түбөлүк жашап келебиз, агарып суудай дилибиз.
Ак калпак түшпөй башынан, бир болсун кутман элибиз.
Ак калпак түшпөй башынан, бир болсун кутман элибиз.

**Кайырма:**
Бир бол, бир бол кыргызым, жашоом бактым ырысым.
Айкөл баатыр Манастын жолун улайт уул-кызың.
Айкөл баатыр Манастын жолун улайт уул- кызың.

Жарыкка жашоо тараткан, жар болуп элге жараткан.
Жакшылык турсун ыроолоп, жолдоруң «Бир бол» бараткан.
Жакшылык турсун ыроолоп, жолдоруң «Бир бол» бараткан.

**Кайырма:**
Бир бол, бир бол кыргызым, жашоом бактым ырысым.
Айкөл баатыр Манастын жолун улайт уул-кызың.
Айкөл баатыр Манастын жолун улайт уул-кызың.
Айкөл баатыр Манастын жолун улайт уул-кызың.
Бир бол,бир бол, бир бол!!!

## Энеге таазим

Көз жарып аман, ак  сүтүн ии эмизген,
Көл-дайра болуп, көңүлдөн мээрим төгүлгөн.
Кудайдан сурап, өмүрүн жашын тилегем,
Асманы чексиз, сабыры терең деңиздей.

Энекебай, энекебай, энекебай!

Энекем үчүн эсепсиз байлык тапсам да,
Түбөлүк өчпөс тарыхка атың жазсам да.

Мээнети ыйык актоого баары аз болот,
Көтөрүп алып, Мекеге чейин барсам да.

Энекебай, энекебай, энекебай!!!

Аманат кылган актасам экен тилегин,
Ата-энем бактым, опол тоом бийик тирегим.
Жарыкка жашоо, жан дүйнөм берип жараткан,
Энеге таазим, эңилип башым ийемин.

Энекебай, энекебай, энекебай!!!

## Балдарыма

Көрөргө көзүм болуп, сүйлөргө сөзүм болуп.
Жараткан өмүр берсин, өмүргө өмүр кошуп.
Бакытка толо үйүм, балдарым барым сүйүүм,
Таалайым тагдырлашым, үй-бүлөм, жашоом-күнүм.

Таалыбас, карегимсин,тажатпас алегимсин,
Балдарым бул дүйнөдө, баа жеткис белегимсин.
Бакытка толо үйүм, балдарым барым сүйүүм,
Таалайым тагдырлашым, үй-бүлөм, жашоом-күнүм.
Бакытка толо үйүм, балдарым барым сүйүүм,
Таалайым тагдырлашым, үй-бүлөм, жашоом-күнүм.

Ак калпак кыргыз элим, Ала-Тоо мекен жерим,
Көөдөндө эл, жер деген сезимиң болсун сенин.

Бакытка толо үйүм, балдарым барым сүйүүм,
Таалайым тагдырлашым, үй-бүлөм, жашоом-күнүм.
Бакытка толо үйүм, балдарым барым сүйүүм,
Таалайым тагдырлашым, үй-бүлөм, жашоом-күнүм (2)

# Өтүнөм мени бир  эсте

Ак жүзүң күндөй тийишиң,
Ажарың айдай күлүшүң.
Асманың ачык жылдыздуу,
Ак марал сымал жүрүшүң.

Сен менен жүргөн кезимде,
Сүйүүлөр түнөп сезимге.
Санаага батып сабылып,
Сагынган күндөр эсимде.

Сүйүүмдү сыйлап багып жүр,
Сыйкырлап тумар тагып жүр.
Сынынан жазбай бул ырды,
Сырдашың кылып алып жүр.

Өзүңө сунам ырдесте,
Өмүрдө жашоо бир келсе.
Өкүттө жүрүп өтпөйүн,
Өтүнөм мени бир эсте.

**МАЗМУНУ**


| | |
|---|---|
| Сыйлуу болуп өтөлү | 7 |
| Нурун багындырат | 8 |
| Кышты күтүп | 9 |
| Мендиксиң | 10 |
| Мейли сүйбө | 11 |
| Дүйнөмдү неге кыйнадың | 12 |
| Күтпөгөн элем | 13 |
| Сүйүү жок жашоо кызыксыз | 13 |
| Чын сүйүүм сага жарык | 14 |
| Сынса да чыдайм | 15 |
| Гүлүм сага белек | 16 |
| Жанымда болсоң чоң кубат | 17 |
| Көлөкөсүң өзүмө | 18 |
| Жүрөгүм сени дейт | 18 |
| Ак сүйүүңдү жүрөгүм күтөт | 19 |
| Ойгон, ойлон | 20 |
| Жеңилип калба | 21 |
| Жүрөгүңдү ойготчу | 21 |
| Сезим койчу | 23 |
| Биригип чогуу жеңели | 24 |
| Жарадар кылдың жүрөктү | 25 |
| Баары бир сизди сүйөм | 26 |
| Акыры сүйөөрсүң | 27 |
| Жүгөнүңдү салдыргын | 27 |
| Көрүнгөн гүлгө кызыкпа | 28 |
| Чыдаймын бүт нерсеге | 29 |
| Сүрөлү бирге өмүр | 30 |
| Жарыма | 31 |
| Булбул | 32 |
| Күнүм | 33 |
| Жүрөгүм | 34 |
| Өзүңдөн алыс кеткенде | 35 |
| Тагдырдын татаал жолдогу желеси | 36 |
| Көлдүн жээгин бойлодум | 37 |
| Сүйүү арнап гүл эктим | 38 |
| Жүрөгүмдү беремин колуңа | 39 |
| Ыр жазууга эргүү бересиң | 40 |
| Жүрөктөргө кусалык толгондо | 41 |
| Саамайым сылачу элең эркелетип | 41 |
| Кызыл көйнөк кийсең жарашкан | 42 |

Көрүнбөй койсоң болмок көзүмө 43
Сени менен жашоом таттуу 44
Сени менен мен  бактым бар 45
Көңүл бурчу карагаттай көзүмө 46
Алма бакты аралап 46
Сагынат сени кара көз 47
Күтүү 48
Өзүң менен турмушта бир басамын 49
Жаз 50
Мен үчүн жаралган сенсин багым 50
Колдоочу 51
Гүлүмө 52
Жарыма 52
Арбап алды кыягың 53
Жанымда сен болсоң 54
Энесиз үйдүн көркү жок 55
Айрылуу 56
Обону сунган ырымсың 57
Жашоодо ким жыргады 57
Коштошордо дүйнө менен акырын 58
Жүрөгүңдү өзүмөн бекитесиң 59
Тоо булак 60
Кыргыздын салты 61
Азабы болот чет элдин 64
Жолболду 66
Жүрөгүмдө жашайсын 68
Жашоонун кечкин аралын 69
Өзүңдү сүйүп кыйналдым, 69
Алыстан ай шооласы көрүнөт 70
Махабатка багындырып  сезимди 72
Гүлдүн айтканы 73
Жалгыздыктан күндөр өттү өзүң деп 74
Майыптар 76
Аткан таң 78
Сени сүйгөн бир гана жарың экен 80
Сени сүйдүм 81
Сүйөм десең 82
Таарындым 83
Сүйүү салгын жүрөгүмө толтуруп 83
Күлүп койсоң 84
Ишенерим сен элең 85
Ааламдын жарыгы сен болуп 86

Калдымбы сага байланып 87
Майып адамдын сүйгөнү 89
Кытайдан кайткан назик кыз 91
Ак сүйүүнүн аты улуу 92
Ойлорум 93
Сен дедим 93
Жарыма 94
Бактымды мага бердиң 95
Гүлдүн жытын сунайын 96
Бийлегим келет сен менен 97
Бактылуу жанмын сен менен 99
Сайраса чымчык 100
Согот бирге жүрөгүм 101
Жакшы жансың жалгыз мага табылган 102
Табийгаттын шамалы 103
Күнүмдү сага арнайм 103
Караңгыда мен болоюн сага жарык 105
Кызганып койчу 106
Эстейсиңби 107
Жайлоодо 107
Кызыл Суулук жигит 108
Буйругу болсо тагдырдын 109
Чаңда калган гүл 110
Таңкы шүүдүрүм 111
Сүйүүмдү неге билбедиң 112
Аалы менен Айнура 114
Ойлонуп бир аял алсаң болобу 115
Сүйүп тандагам 116
Сени менен жашоом жарык 117
Кетпечи 117
Табылгыс дары 118
Жамгырда 119
Өмүрүмдү сага бердим 121
Сүйдүм 122
Азгырылба алдамчы махабат 122
Карегиңден тең айланам 123
Жүрөк дартын турчу жаным дарылап 124
Түшүмө да киресиң 125
Билбедиң 126
Сүйкүмдүүсүң жүрөк ооруткан 126
Карагатым 127
Жаздыкка баш тийгенде 130

| | |
|---|---|
| Көз жаштарым | 131 |
| Жалжал көзүм | 132 |
| Сүйүүм ак | 133 |
| Жүрөк башкарат | 134 |
| Жан азабы | 135 |
| Сылык сөзүң | 136 |
| Кайдасың | 137 |
| Гүлүм | 138 |
| Сүйүү келсе жашартат карыны | 139 |
| Өзүмө өзүм дем | 140 |
| Жарыма | 141 |
| Жүрөк чиркин унутпайт | 142 |
| Баалабадың сүйүүмдү | 145 |
| Ойлон | 146 |
| Ааламды сен кыдырдың шамал өзүң | 147 |
| Жараткан жар болуп барсын жанымда | 149 |
| Алдандыңбы | 150 |
| Ооруганда ойлоп койсоң болбойбу | 151 |
| Көңүлүмө көңүл бурсаң | 152 |
| Бакыт күчү уланып | 153 |
| Жан эркем | 154 |
| Өз жарыңды тандагын | 155 |
| Бир күнү мени издейсин | 156 |
| Көңүл калат да бир күнү | 157 |
| Жашоонун баркын биле жүр | 158 |
| Ай нуруна ыр жазып | 158 |
| Айымдан издейм өзүңдү | 159 |
| Сүйүү | 160 |
| Акыры жеттим сага жар болдум | 161 |
| Азгырылба | 162 |
| Жалгыздык жаман | 162 |
| Бакыт сундуң аруулап | 164 |
| Бир өзүңө күч берди | 164 |
| Кызгалдак | 165 |
| Кайрылып келчи мен жакка | 167 |
| Багыма берип | 168 |
| Сен гана сүйгөндөрдүн дарысы | 169 |
| Жаратым күчөп өтүүдө | 170 |
| Жүрөгүм сени менен туташкан | 170 |
| Таянарым болосуңбу | 171 |
| Үмүт | 172 |
| Айым, күнүм нур чачып | 172 |

Бололу түбөлүк 173
Сүйүүмдү жүрөгүмө сактайм 174
Жанымдын жарымы сенсиң 174
Каалабайм сага кайгыны 175
Сен оордолуу шаарымсың 176
Сүйгөнүмдү бил дедим 177
Сен нур сундуң багыма 178
Сен бар жашайм 178
Сүйүү келсе жашартат карыны 179
Жамгырым тазала 180
Сенин барың калкан балаңа 181
Өчпөс жарык бололу 182
Сүйүүнүн айынан мени таптың 183
Бактылуу болуп жүрөлүк 184
Ансайын сени сүйүп баратам 185
Шүгүр кылчы 185
Кечирип кой 186
Жаш жүрөктү кыйнагандан не пайда 187
Айлуу түн 188
Роза гүлү 189
Баары калат 190
Жүрөгүмө салдың сен уя 190
Жолумдагы чыйыр жол 191
Жаштыгым 192
Издеймин булуттардын арасынан 192
Жашоомо сепчи үрөндү 193
Жамгырды эстейм 194
Сүйүүмө күбө жамгырым 195
Жазым 196
Сен түшүн 197
Насаат айтам 198
Алладан сени тилеп жалынамын 200
Бала жыты 202
Манзура 202
Тарыхта биз калабыз 203
Дары болот балдарым 204
Жетимдигим билинди 206
Талантка 208
Бир бол кыргыз деген жигиттер 211
Жолболду Алыбаевге 212
Тагаларым 214
Кайын энеме 215

| | |
|---|---|
| Мүйүздөрү кыргызымдын оймосу | 217 |
| Исхак | 218 |
| КУРМАНЖАНЫМ | 219 |
| Туулган жерим | 219 |
| Айылым менин Ийри-Суу | 221 |
| Досторум | 223 |
| Каалоо | 224 |
| Сен булбулсуң, мен торгой | 225 |
| Ханыша кыз | 227 |
| Булак суусу | 228 |
| Чолпон | 228 |
| Депутат | 230 |
| Балалыкка кайрылуу | 231 |
| Ыссык-Көл | 233 |
| Жаз айым | 235 |
| Көлүм | 236 |
| Ош | 236 |
| Жеңелер | 238 |
| Алтын жеңекем | 239 |
| Айылым алтын бешигим | 239 |
| Каталык кылып албагын | 241 |
| Эне тилин сүйөбүз | 242 |
| Бир бол партиясына | 243 |
| Манасым колдо «Бир болду» | 245 |
| Бир бол кыргыз деген жигиттер | 247 |
| Бул жашоодо сыйлашалы | 248 |
| Баев Талант | 249 |
| Балдайсыңар балдарым | 254 |
| Коозсуң кыргыз жергеси | 255 |
| Бала деп эне жашайбыз | 256 |
| Кыргыз жери | 257 |
| Жол карадым жоксун балалык | 258 |
| Кыргызстан | 259 |
| Кыргызымдын камчысы | 260 |
| Апакем | 262 |
| Ынтымагы жок бир тууган | 262 |
| Трактор | 265 |
| Сен кыргыздын уулусуң | 266 |
| Ак мөөр | 269 |
| Чыңгыз Айтматовго | 270 |
| Досторум | 271 |
| Сагындым өскөн айылды | 271 |

Ала- Тоом 275
Улуу жердин касиети бааланган 276
Кыргыз жери  жаннат  жер 278
Кереметтүү Ысык-Көлүм 279
Ысык-Көлүм 281
Адамдар 283
Атаке неге таштадың 284
Тартыламын 286
Тоолорум 287
Эр Манас 288
Элиме рахмат 290
Жаштардын шаары Жалал-Абад 291
Жаратканым жамандыктан сактагын 292
Жашыңа кара адамзат 293
Жетимдиктен жададым 294
Карылар үйү 296
Жигиттер 298
Чубак Сатаев 298
Кайрылчы атаке 299
Чубак Сатаев 301
Классташтарга 302
Эже-агай мугалимдерге 304
Кыздарга 305
Классташ балдарга 306
Саткын эжекеге 306
Нуралы агайга 307
Заркөкүл эжекеге 307
Сапар агай 308
Нимат агай 308
Токтосун агай 308
Абдурасул агай 309
Турсуналы агай 309
Курманбек агай 309
Өсөр агайга 310
Жусупбек агайга 310
Сыйлуу болуп өтөлү 310
Нуруң багындырат 311
Бул жашоодо сыйлашалы 312
Жанымда жүрсөң чоң бакыт 312
Махабаттын  нуруна мен малынып 313
Убакыт 313
Эне мээримине зар бала 315

Аял-эне 316
Ден соолук 317
Тил 318
Кадыр билген жан 318
Шүгүр кеп 319
Неге 320
Турмуш жолу 320
Үмүтүм бар 321
Көргүм келет 322
Ааламдын көркү кыз болот 323
Инсандарга кайрылуу 324
Көзү ачык кыз 328
Энени кечирген бала 333
Кайберендин арманы 335
Кайберендин кошогу 339
Кайберендин арманы 341
Атама 347
Ата-энем кымбат мен үчүн 348
Сүйгөн жарыма 348
Бир бол 349
Энеге таазим 350
Балдарыма 351
Өтүнөм мени бир эсте 352

Редакциялаган Мубара Абдулатипова.
Корректор Жакшылык Стамбеков.
Дизайнер Таттуу Маткалыкова.
Техникалык директор Жумадин Кадыров.

Нускасы 1000
Буюртма
«Улуу тоолор» басмасы
Бишкек шаары.
Ю.Абдрахманов көчөсү 170а




Эшиева Манзура
1978-жылдын 1-мартында Ош областынын Өзгөн районуна караштуу Ийри-Суу айылында туулган. Анын балалыгы мына ушул айылда өткөн. Анын ата-энесинде, айрыкча атасында Жараткан берген төкмөлүк өнөр болгон. Жаш кыздын мектепте окуй баштагандан тартып эле адабиятка кызыгышы да мына ушундан болгон чыгар. 4-класста окуп жатканда эле наристе сезими тынчтык бербей биринчи ырын жазган. Бул анын ыр жазууга болгон алгачкы кадамы эле. Анын шыгын байкаган Саткын эжекеси да ыр жазууга түрткү болгон. Башка окуучулардан айырмаланып, «Манас» эпосун ыр түрүндө көркөмдөп жазган.

Анын биринчи китеби 2015-жылдын башында Бишкектеги « Улуу тоолор» басмасынан «Сезим ыргактары» деген ат менен жарыкка чыккан. Анын азыркы эне мээрими, бала, эл-жер, жаратылыш, махабат, сүйүү, жана ушул сыяктуу темаларды камтыган не бир керемет ыр саптарынын топтомдорунан турган бул китеби « Жашоонун кымбат ачкычы» деп аталат.

Эшиева Манзура азыркы кезде Сузак районунун Кулбай уулу айылында жашайт. Баатыр эне, тогуз баланын мээримдүү апасы.